**Чоң казат**

Кечээ төрөлөрдүн жумушу,
Төгүн эмес бул иши,
Алмамбет, Манас эки шер,
Чубак, Сыргак ашкан эр,
Күрпүлдөктүн Кара-Шор
Жер соорусу так ошол.
Жер майышкан калың кол,
Барып жаткан жери ошол.
Атаны сонун жер экен,
Жылтырганы шыбагы,
Жылдып аккан булагы,
Мындай сонун жер экен.
Төрөлөрдүн баарысы
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Доңго барып тиктирип,
Торолугун билдирип,
Чатыран ойноп чаң салып,
Чүкө калчап кан салып,
Казы кертип жал чайнап,
Аракка кошуп бал чайкап,
Как ушундай тамаша,
Жатып калды, кадимки
Ырысына жараша.
Ошо кезде карасаң
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектердин, Жамгырчы,
Ажыбайы, Эр Бакай,
Кандын жээни Жүгөрү
Жети дөөнүн баарысы,
Жамгырчы баштап карысы,
Жатып бир калды калың эл.
Арадан эчен күн өтүп,
Бир күндөрү болгондо,
Карыганда кан Бакай
Атаганат дүнүйө
Аламан жатып жыргады.
Жакын жерден жоо чыкса,
Жаң- жуң эткен чуу чыкса,
Атын тийип жөө коюп,
Кайран элди кырбайбы,
Уу ичкендей кылбайбы!
Караңгы жүрдү кан Бакай,
Арадан бир топ күн өттү,
Айкөл Манас көкжалың
Көзүнөн чыгып от жалын,
Өткөн ишти ойлонуп,
Уктай албай толгонуп,
Калың элди жыйды эми.
Баарың мында турасың,
Айткан кепти угасың,
Бээжинден качан кабар аласың,

Чалгынды кимиң чаласың, журтум?

Оо, Бээжинге кимиң барасың?

Баягыны айтканда

Элдин баары кылкыйып,

Кандардын баары шылкыйып,

Баш көтөргөн бир жан жок,

Барамын деген тирүү жан жок,

Ошондо Манас кепи айтат:

Ээ, калайык- деп айтат,

Мен бийлеген кеп болсо,

Кандар сиздерге эп болсо,

Көрүп жүргөн көзү бар,

Айтып турган сөзү бар,

Муруптан айткан кеби бар,

Кытайды билген жери бар,

Алмамбет чалгын чалса дейм.

Сүйгөнүн жолдон алсачы,

Атты токуп минсечи,

Алмамбет чалгын чалсачы,

Коңурдан кабар алсачы.

Как ушуну айтканда,

Элдин баары макул деп,

Эл көнүшүп калганы.

Аны таштап коюңуз,

Алиги турган эр Алмаң

Кабарынан болуңуз.

Эки жагын карапып,

Кыл мурутун таранып,

Алакең келди буралып,

Баатырдан ишти суранып.

Барбаймын деп айтпабай,

Баатырдын көөнүн кайтарбай,

Бээжин деген алыс жер,

Коңурбай деген ашкан эр,

Мен ошондой кеп уккам,

Көргөндөрдөн көп уккам,

Коңурбай  баатыр деп уккам,

Алты арыптуу жан эле,

Аземи арстан кан эле,

Сыр билбеген көк тулпар

Кимдин атын билейин,

Сырын алган Сарала

Өз атымды минейин.

Чыгана жерге салбаган,

Чырым уйку албаган,

Көргөн сайын өрчүгөн,

Көрүнө арбак ээрчиген,

Сыргакты жолдош аламын,

Ошондо Бээжин барамын!

Жайкы чиле,Ындыстан

Жылкы алганда Жылдыздан,

Изин кайра баспаган,

Кайра качкы мал эле,

Касиети бар эле.

Абай менен жалпоочтон,

Карт күрөң берсең бош боштоп,

Жөнөп берем ат коштоп.

Өрдөк уччу көлү бар,

Өрдөк деген аяр бар,

Бээжин жерге далай бар.

Арпанын  башы жыйыктан,

Ал-Тоонун башы туюктан,

Ак жумуртка уюткан

Азыраак чайкап куш калган,

Алда таала туш кылган,

Ак шумкар берсең алайын,

Өрдөккө кушут салайын.

Ойноп бир Бээжин барайын,

Алакең минтип калганда,

Бали, бали, бали- деп,

Ыраазымын Алмамбет!

Анын кийин сонунда,

Келе турган жолунда,

Ачып көздү жумгуча,

Ач кыргыйдай чамынып,

Эр Сыргак келди камынып,

Айланайын Алмамбет

Акыры ыраазамын сага -дейт.

Ушунча дөөнүн ичинен

Көрүп бир жүргөн көзүңдөн,

Жактырып жүргөн өзүңдөн,

Көлгө бир түшсөң түшөйүн,

Көтүңдөн кошо сүзөйүн,

Өлсөң бир кошо өлөйүн,

Өнөрүңдү көрөйүн,

Бээжиниң кайда жөнөйүн!

Эр Сыргак калды камынып,

Анын кийин соңунда,

Келе турган жолунда,

Ажыбайды карасаң

Атын жөө жетелеп,

Алмамбетти акелеп,

Айланайын Алмамбет

Акыры ыраазымын сага -дейт.

Ушунча тулпар ичинен,

Көрүп турган көзүңдөн,

Жактырып айткан сөзүңдөн.

Ээй, кече төрөлөрдүн жумушу

Болгон экен бул иши.

Айтып берип Ажыбай

Кайра тартып калганда,

Анан кийин сонунда,

Келе турган жолунда,

Баатыр Манас кыраанын,

Көзүнөн чыгып от жалын,

Ак шумкарын кондуруп,

Айланайын Алмамбет,

Ыраазымын сага -деп.

Акшумкарды алгын -деп,

Өрдөккө кушту салгын -деп,

Ойноп Бээжин баргын -деп,
Чылбырга колуң үч толуп,
Жыргалын жылда күч болуп,
Кармашкан калдай түз болуп,
Алло акбар деди эми,
Ак батасын берди эми,
Эки камчы шарп уруш,
Энди Алманда не туруш.
Карткүрөндү бош – боштоп,
Абай менен жалпоойштоп,
Эми жолго салды эми.
Эр Сыргакты ээрчитип,
Көрүнгөнгө көрүнүп,
Көрүнбөсө көй кашка
Көк түтүндөй керилип,
Күрпүлдөгөн шар менен,
Күнчыгыш кеткен жол менен
Жонон калды шартылдап.
Аны таштап коюңар,
Алиги жаткан калың эл
Кабарынан болуңар.
Аламан жатып эр кылган
Карыганда кан Бакай
Аңдып жүргөн жоо чыкса,
Чукул жерден чуу чыкса,
Атын тийип жөөлөтүп
Кайран эрлер кыйрайбы,
Убалына мен Бакай калбайбы!

Ошону ойлоп кан Бакай
Кузгундай козү кызарган,
Кулжадай мойну узарган,
Боз жорго менен булкулдап,
Чалгында жүрүп жер чалып,
Алыстан кароол карашып,
Ар бир ишти самашып,
Жүргөн экен кан Бакай.
Алиги элди карасаң,
Төрөлөрү бир бөлөк,
Чепкендерин чечишип,
Кумалакты кочүшүп,
Чатырап ойноп чаң салып,
Чүкө калчап кан салып,
Как ушундай тамаша,
Жатып калды калың эл
Ырысына жараша.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштаган карысы,
Биягында жыйырмасы,
Тиягында жыйырмасы,
Эрегишкен жыласы,
Ордо чийип алышып,
Семизден бээни сайышып,
Көп кызыкка канышып,
Жаткан экен кырк чоро.
Бир чыймылдын айынан
Чыгып кетти деп айтып,

Мына, чыкпай калды деп жатып,

Чычаланып турушуп,

Андан ары чындап урушуп,

Ырчыуул туруп муну айтат:

Качан болсо кычысың,

Кычылайсың жүрөсүң.

Анда Кычуул муну айтат:

Сен Ырчыуул болуп жүрөсүң,

Качан болсо, ыр ырдайсың турасың.

Айткан кепти укпайсың,

Жамандашып турушуп,

Жаакташып урушуп,

Башына камчы чабылып,

Жаагы айрылып калыптыр,

Ыза болуп алыптыр.

Мурда Алмамбет чалгын кеткенде,

Көпчүлүктүн аягы,

Акбалтанын Чубагы,

Кенешке келбей калыптыр.

Аны бузук билиптир.

Арыстаным Манаска мен барсам,

Айткан кебим укпайт го.

Мен Чубакка барайын,

Мойнуна Каның оролуп,

Ошо Кычыуул кетти жорголоп,

Чубак барды чунандап.

Бузуку кул барды эми,

Бузуп айтып салды эми,

Жаракы уул барды эми,

Жарып айтып салды эми.

Айбалта кылыч эгешер,

Алмамбет, Манас кеңешээр.

Чалгынды Алмамбет чалмакпы,

Качып бир келген калмакпы,

Акбалтанын Чубагы

Сен кеңешке барбай калмакпы!

Бу көрөкчөөлсөңчү,

Өлүгүндү көмсөмчү!

Ушубу менин жазыгым,

Как ушинтип айтты эми.

Акбалтанын Чубагы,

Ачуусу чукул чунагы,

Азыр карап турабы,

Ыргып тура чуркады.

Атаганат дүнүйө,

Көргөндү башка салмак- деп,

Кооп чычкан калмак -деп,

Тизгиди ошол алмакпы?

Акбалтанын уулу элем

Кеңешке барбай калмакпы?

Алмамбет барып жылкы алса,

Мен жалпы аламан барайын.

Көкөтөйдүн көп жылкы,

Кайрып бир жылкы алайын.

Ал уруштан жылкы алса,

Мен ушу эле бойдон барайын.

Коңурбай менен урушуп,

Жылкымды айдап аламын.

Ошону айтып эр Чубак,

Суу акпаган кең сайдан,

Жонуп калды бир жайдан.

Чурап калды Чубагын,

Анын кийин сонунда,

Жети дөөнүн баарысы,

Жамгырчы баштап карысы,

Ушунун эли алабы,

Биздин чунак эл куру калабы?

Жети дөөнүн баарысы

Кырк миңболуп кол жетти,

Чубакты ээрчип мол кетти.

Эл бузулуп алганы,

Иш бузулуп калганы.

Алыста жүрүп кан Бакай,

Кароолдо жүрүп көрүптүр.

Атаганат дүнүйө

Чаң асманга созулуп,

Аскерге аскер кошулуп,

Бул эмине болду- деп,

Томогону коюндап,

Улар Бозду моюндап,

Жетип Бакай келди эми.

Бакай келди бакырып,

Жер дүйнөнү сапырып,

Оо ,балам бир аман барсыңбы,

Сен ааламдан чыккан кансыңбы!?

Элиң менен ээн кал,

Журтуң менен жуда кал,

Калкың менен караан кал,

Чатыраш ойнуң чачылсын,

Умачтай үйкүң ачылсын,

Уялбай кантип жатырсың.

Кумалак ойнуң курусун,

Минтсең качат ырысың,

Ушу кылган ишиңе

Ичим кантип жылысын!

Бакай келди бакырып,

Баягы кепти укканда

Баатыр Манас кокжалың

Боконо жүрөк болк этип,

Түгөл бою солк этип,

Алача көйнөк ак дамбал

Багалеги барбаңдап,

Баатырың басып бир чыкты далдаңдап.

Караса көзгө илинбейт,

Кайсы экени билинбейт,

Чаң асманга созулуп,

Аскер кеткен кошулуп,

Суу акпаган кең сайдан,

Сурнай тартып жыйнады.
Бирине -бири кошулуп,
Найзанын учу чабышып,
Азамат эрлер кагышып,
Кетип калган көп аскер,
Баягыны көргөндө
Айласы кетти бир далай.
Бурамалуу дүрбүсүн,
Мурунку жаман үлгүсүн,
Эми келип көргөзду.
Ары имерип караса,
Айландыра санаса,
Алдын бир Чубак баштаптыр.
Баягыны көрдү эми,
Атаганат дүнүйө,
Кечээ, кеңешке келбей калды эле,
Ошого Чубак бузулуп,
Калган экен кыжынып.
Оо, айланайын Саргынды
Чубакты коздой чапкын -дейт,
Чубакты барып тапкын -дейт,
Баягыны укканда
Саргынды коштоп сарт келди,
Чубакка жаман бат келди,
Атаганат дүнүйө,
Кыялыңды билгиздин.
Же Кыргыл чал келбестен,
Кылжейрен тартуу бербестен,
Айтарыңды билбестен,
Кан Бакайга келбестен,
Аккула тартуу бербестен,
Саргылдын берген мартын көр,
Тартууга келген сартын көр,
Толгомо сындуу чоң камчы
Булдурсун менен кимди урсун,
Сартка окшогон кулду урсун,
Башына камчы чабылса,
Эсинен сарты жаңылып,
Кайра келип корголоп,
Оозунан каны шорголоп,
Баягыны көргөндө,
Күйбөгөнү күл болуп,
Бышпаганы чок болуп,
Манаска мындай кордук жок болду.
Айланайын Кыргылым,
Кыйланы билген дыңгылым,
Кылжейрен атты коштой чык,
Кыйуусу менен акыл тап.
Чубакка барып тарткын –дейт,
Бир токтотуп кайткын- дейт,
Баягыны укканда
Баатыр Манас кеп айтат:
Кылжейрен атты коштой чык,
Кыйуусу менен акыл тап.

Кыргылды Кудай урду эми,
Кыйыктанып турду эми.
Акбалтанын Чубагы,
Ачуусу чукул чунагы,
Айбалта менен бир тийип,
Акыретти көрбөймүн,
Мен ажалдан мурун өлбөймүн,
Кыйыктанып турду эми.
Атаганат дүнүйө
Ээ, түгөнгөн Кыргылым,
Эптеп өзүм барармын,
Бир токтотуп салармын,
Анан жылып саа барбасам,
Жол боюна бишкектеп,
Сакалыңы искектеп,
Дангыттарга жарайын.
Ошону ойлоп айкөлүң,
Абаке Бакай акыл тап,
Аккуланы коштой чап,
Акырын барып өзүң тап,
Ачуусу чукул чунактын
Бир токтотуп өзүң айт.
Баягыны укканда,
Карыганда кан Бакай,
Ак сакалы жаркылдап,
Тор кунанын булкунтуп,
Оң жагына жулкунтуп,
Айлампалуу сеңирде
Ар жагында бир жерден,
Айлана чаап кан Бакай
Эр Чубактын астынан
Алдынан чыкты балп этип,
Ак сакалы жарк этип,
Анда Бакай муну айтат:
Ат арытып минелек,
Чубагың ат кадырын биле элек,
Тон тостуруп кийе элек,
Тон кадырын биле элек,
Томолонгон томаяк,
Мен жүрөмүн сени аяп,
Кайсы жакка барасың?
Кайда барсаң анда бар,
Камыңды мен жейин.
Мобу Аккула атты мин дейин.
Баягыны көргөндө,
Чубак баатыр токтоду.
Үстүңдөгү торолдүн,
Беришеси качпасын.
Ала албаймын атыңды,
Ары алпаргын итиңди,
Кантип алам уялбай,
Акыры, абакең аксакалын кыя албай,
Ошону айтып эр Чубак
Ошо жерге токтолду,
Чубактан өткөн адам жок болду.

Кудай жалгап салды -деп,
Ал бир токтоп калды -дейт.
Ошо кезде эр Манас,
Кара челек Айбанбоз,
Айбанбоз атты минди эми,
Бростой кийим кийди эми,
Сылай -сылай камчы алып,
Калың элди как жарып,
Аралап Манас барды эми.
Бакайды көрүп айкөлүң,
Эй, абаке -деп айтат.
Элиңдин баары энтелен,
Эмне көргөн деп айтат.
Анда Бакай муну айтат:
Билбей турган эмече,
Минтип айтып нетесиң.
Бир бокчомду тийипсиң.
Элиңдин баары эр экен,
Эрегишип калыптыр,
Бир эликти кууп алыптыр,
Элирип жолго салыптыр,
Ойноп жүргөн эл экен.
Кагылтыр ээр кок тонум,
Аркар кууп алыптыр,
Адашып жолго салыптыр,
Анын бир несин сурайсың.
Төрөлөрдүн жумушу,
Өткөн экен бир иши,
Ошондо Манас муну айтат:
Оо, абаке,- деп айтат.
Элиң менен жата бер,
Чубагына бата бер,
Чубак менен үч болду.
Ошону айтып эр Манас,
Эр Чубакты ээрчитип,
Алмамбеттин артынан,
Эми жолго салды эми.
Экөө келип жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Тулпарларын карасаң
Кологойлоп алыптыр,
Колун жерге салыптыр,
Булагайлап алыптыр,
Бутун жерге салыптыр,
Аркардай арыш үзүшкөн,
Кузгундай көзүн кызарткан,
Күндөп -түндөп жол жүрдү,
Ат аябай мол жүрдү.
Сары жайкы түз менен,
Сарала ат кеткен из менен,
Ана Алмаңа жетем- деп,
Мына Алмаңа жетем -деп,
Аманат жаны күн кечпей,
Бир кылт этип суу ичпей,
Аты кертип чөп жебей,
Алмамбетке жете албай,

Ошо кезде бир күнү
Тарбагатай элинде,
Тал- Чокунун белинде,
Жарышып барган жеринде,
Алыстан көрүп карашып,
Анда санда бакырып,
"Алмамбет"- деп айкырып,
Жете албай келет кыйкырып.
Кыйкырганын укпаса,
Аккелте атса угар- деп,
Анан бир Алмаң турар -деп,
Ийиндеги очогор
Очогорун октоду,
Көк келтени чоктоду.
Аккелте мылтык бир атты,
Артынан түтүн булатты.
Аккелте үнү угулду,
Уккан жерден Алмамбет
Жүрөгү оозго тыгылды.
Сарала ат мойнун бурду эми,
Кайра тартып турду эми,
Артынан Сыргак келди эми.
Айланайын Сыргагым,
Ажалдын жакын убагы,
Антип бир карап турбагын,
Мен билгенди билбейсиң,
Келатканды ким дейсиң, Сыргак!
Атаганат дүнүйө,
Аламан жатып эл калган,
Карыганда кан Бакай
Кароолго чыкпай жатканбы?
Кайран элдин кадеми мыктап катканбы?
Жолойдун уулу Төрөбек,
Төгүнү чынын ким билет,
Тырмактарын карасаң
Аксак койдун салаадай.
Ар мурутун карасаң,
Тегирмендин барадай.
Чоңдугу тоонун чокудай,
Өзү мыкты сокудай.
Ошо кул келип калганбы?
Кароолкана жерине,
Кароолдоп жүрүп коргонбу,
Кайран элин кырганбы,
Уу ичкендей кылганбы.
Адам, дөө шаасы качып алганбы,
Артыбыздан салганбы?
Ошону ойлоп Алмамбет,
Бурамалуу дүрбүсүн,
Мурунку жаманүлгүсү,
Эми келет көргүсү.
Ары имерип караса,
Бироо десе экоодой,
Жанындагы жолдошу
Чубак сындуу көрүнөт.

Баягыны коргондо,

Эки көздөн жаш чыгат,

Жашый түштү Алмамбет,

Мен билгенди билбейсиң, Сыргак!

Атаганат дүнүйө,

Коргошун эмес салмак -деп

Мени коол чыккан калмак -деп

Калмак да атым өчпөдү го, Сыргак!

Көпчүлүктүн ичинде,

Кеңешке келбей калды эле,

Бузуку кул барган бейм,

Бузуп айтып салган бейм,

Бузулуп Чубак калгандыр

Муну Алмамбет билген да

Алмандын билгичтиги жалганбы?

Жаракы кул баргамбы,

Жарып айтып салганбы,

Жарылып Чубак калгамбы,

Муну Алман билгени

Алмандын билгичтиги жалганбы?

Ошону айтып Алакең,

Суру кетип суу кечип,

Суусап келген султанды,

Чай кайнамга алалы,

Анан кепке каналы- дейт.

Эр Сыргакты карасаң,

Этек жеңин түрүнүп,

Дегеле сындуу көрүнүп,

Берерге чайын сапырып,

Түтүнүн кайра жапырып,

Алам саат болгончо,

Ачып көздү жумганча,

Жетип барды көйкашка.

Атын Сыргак алды эми,

Кайчы байлай салды эми,

Чепкенин Сыргак чечти эми,

Чымын жандан кечти эми,

Отурган жери бел болду,

Ортодо Манас тел болду,

Чайды Сыргак куйду эми,

Манасты көздөй сунду эми.

Чыныда чайын чайкады,

Алмаң, Чубак, Сыргактын

Кыялдарын байкады.

Абай салып караса,

Сырттан Манас байкаса,

Деги Алмамбет көкжалың,

Көзүнөн чыгат от жалын,

Оң далысы кылт этип,

Кыл муруту былк этип,

Оң колу ойрон салчу эле

Ол жоругу кармаптыр,

Сол далысы кылт этип,

Сол муруту болк этип,

Солотой ойрон салчу эле

Шол жоругу кармаптыр.

Мурду кеткен кырданып,

Кызыл өңү сурданып,

Кашка тиши качырап,

Кара көзү чачырап,

Араң турат Алмамбет.

Аны мындай байкады

Эр Чубагынбул түрүн.

Далысын салып буркуюп,

Бу деле турат тултуюп,

Ошондо айкөл Манастын

Чоң муруту арбайып,

Отуруп калды балпайып.

Анда Манас кеп айтат:

Эй, Алмамбет -деп айтат.

Сенин кат дарегиң кайда жоголду,

Күлүстөн Алмаң не болду,

Сенин күлүстүү көркүң жоголду?

Тамаша менен таң аткан,

Күлкү менен күн баткан,

Күлүстөн Алмаң не болду?

Бура тартып мурчуюп,

Далыңды салып уркуюп,

Урушуп мокоп калгансың,

Чубагым саа не болду?

Ээ, ыргып бир туруп ордунан

Түрк уулу мени качан болсо кордойсуң,

Түрк балдары калмак деп мени кордойсуң,

Кандай иштн ойлойсуң,

Элдүүсүнүп ойлойсуң,

Эрегишип койбойсуң.

Антип жүргөнүң эмне үчүн,

Артыңдан келген кай күчүң,

Акылдуусунуп болбойсуң,

Сен кандай ишти ойлойсуң.

Кадимден ашкан эр элем,

Калмак да болсом Алмамбет

Калмактан чыккан эр элем,

Кытайдан чыккан эр элем,

Кыйынсынып болбойсуң.

Кытай да болсо Алмамбет,

Кыйынынын уулу элем.

Сен оңдонгон айбандын,

Кырк адам үйдү бийлеген,

Алты арыштай калмактын

Акиминин уулу элем.

Сен окшогон кулдардан

Алты эсе оодо турчу элем.

Балбан болсоң чалышчы,

Жекеге чыга калышчы!

Жыгылып калсам башым кес,

Жеңдирип койсом тилим кес!

Анда Чубак:

Анда сен кадимден качкан эр болсоң,

Калмактан чыккан шер болсоң,

Кан киши калкында жүрбөйбү,

Калмактан качып не келдиң?

Атаа, кытайдан келген эр болсоң,

Кылымды бузган шер болсоң,

Кытайында жүрбөйбү!

Кытайдан чыгып не келдиң?

Ошо, айтканың дагы чын,

Кытайдан чыккан эр элем,

Кылымды бузган эр элем,

Сен тетиги Алтайдан келген кем элең!

Калмактан чыккан эр элем

Калмактан келдим эл издеп,

Сен Алтайдан келдиң эмне издеп?

Кожо саның болбосо,

Коюшуң менден өйдө эмес!

Колго тийген душмандыр

Союшуң менден өйдөбү?

Ак эшениң болбосо

Атышың менден өйдөбү?

Ар душмандан тайманбай

Чабышың менден өйдөбү, Чубак?

Мен кыйшибеден айды сойлотуп,

Ооганга күндө тойлотуп,

Кыдырган шерин кыйратып,

Кыйынсынган дөөлөрүн

Какыйлатып ыйлатып,

Ал, акылым бар экен

Сен, анда Алмамбет кайда элең?

Айганды күндө бойлотуп,

Оёнсунган дөөлөрүн

Окуйлатып ыйлатып,

Самаркан элин каратып,

Коконго кошо баргамын,

Кокондун элин каратып,

Мындан да арбын алгамын.

Анда Алмамбет кайда экен,

Ал, акылында бар бекен?

Ошенетип куу Чубак

Мулжуңдады болбоду.

Ыргып туруп ордунан,

Эр Алмамбет күүлөндү.

Атырылып сүйлөндү.

Атаңдан арман дүнүйө,

Арбыды мээнет күнүгө,

Атпай түрктүн балдары

Жамандык кылдым кимиңе!

Тим жүргөн жанды тим койбой,

Тийдиңби Чубак жиниме!

Кечээ, каалап бир келдим диниңди,

Калыйпа султан бириңди,

Кан кыл деп айттым киминди?

Каның экоон биринчи,

Ушу турган береги

Кагайынбы жиниңди!

Мен дегдеп келдим диниңди,

Медет, Султан бириңди,

Мелтиреген калың бет

Бек кыл деп айттым кимиңди!?

Бегиң экөөң биринчи,

Төгөйүнбү жиниңди!

Мен эмеле кайта аламбы диниңди?

Кайнап жаткан кара курт

Менин элим болуучу!

Деп ошентип күүлөндү,

Атырыла сүйлөндү,

Баягыны коргондо

Анда Манас ойлонду.

Капырай кагылыштан кан өлөт,

Эрегиштен эл өлөт,

Олүшүп кетсе кантемин.

Акырая карады,

Эр Чубакты сынады.

Анда Чубак билеби,

Көк жал Манас ачуусу,

Анык бүгүн келдиби,

Жыгылбасам болбойт -деп,

Түрлүү ишти ойлоду.

Анда Чубак муну айтат:

Эй, Алмамбет деп айтат.

Доонду кошо доолашсам

Оозун кычып калабы?

Чарчаган буудан меники Алман,

Чакырган арбак сеники Алман,

Ала Тоодой иш кылсаң,

Мен үчүн ашыраарың өзүң бил.

Агын суудай иш кылсаң,

Кечирээриң өзүң бил.

Өрт жалындай иш кылсаң,

Өчүрөөрүң өзүң бил,

Мен чунакты көзүңө ил.

Сен, кечоо Кокчодон качып келгенде,

Билбейсиңби Алмамбет

Алдындагы тулпарды

Кыргыл чалга бергенде,

Качан Бээжин барганда,

Мени жолдош алмакка

Айтып жүргөн кебим бар.

Арманда Чубак артымдан

Келээр эбиң бар.

Сунган моюн меники,

Сууруган кылыч сеники!

Кылычты колдон суурул берди эми.

Баатыр болсоң башымды ал,

Ала албасаң башымды,

Жүр Алмамбет кашыңа ал

Ошентип туруп бергенде

Ыраазы айкөлүң.

Сунган бир моюн меники,

Сууруган кылыч сеники,

Чарчаган буудан меники,

Чакырган арбак сеники,

Алалабасаң башымды,

Башка кепти сен ташта.

Жүр Алмамбет жол башта!

Ошону айтып Чубагың,

Айкол Манас тороңуз,

Торондун ишин коробүз,

Мурутунан күлгөнү.

Бажырашып сүйлөшүп,

Күүгүм кирип күн батып,

Ал күнү кеч болду эми.

Тарбагатай элинен,

Талчокунун жеринен,

Бир жагында Төөкарын,

Жөнөп калды көк жалың.

Али уйкуну салышып,

Бир убакым болгондо,

Тараза батып таң атып,

Таң саргарып калганда,

Теректин башы дыркырап,

Балапан торгой чуркурап,

Асмандагы жылдыздар

Туш – туш жакка быркырап,

Тоо – тоонун баарын карасаң,

Томуктай болуп күн чыгат.

Кай бир жандар үн салып,

Как ушинтип калганда,

Баатыр Манас көк жалың

Басып бир чыкты балбанга.

Качырып анан көк жалың,

Ары бери караса,

Айландыра санаса,

Кайсы экени билинбейт.

Караан алгыр ал өзү

Мурунку жаман үлгүсү.

Ары имерип караса,

Айландырып самаса,

Атаны сонун жер бол ай!

Жылтырганы, шыбагы,

Капырай, жылып аккан булагы,

Андан ары олчоосуз

Тоону түмон чалам -деп,

Оюн мунар алыптыр.

Караса да көз жетпей

Мунарык түшүп калыптыр.

Ошондо Манас кеп айтып,

Ой, Алмамбет баатыр деп айтып,

Мен Таластан чыкканы

Ай айланып толуптур,

Алты айга жакын болуптур,

Оо, Бээжин кайда болуучу Алмам?

Жыл айланып толгонбу,

Жыл жарымы болгонбу?

Оо, Бээжинин кайда болуучу Алмам,

Ушу бүгүн ойлосом

Жетиген желки житиптир,

Чолпон чокуга чыгыптыр.

Кандын бир кара тоо кайда,

Мен кармашчу жоо кайда?

Көкөтөйдүн көп жылкы,

Чыпка куйрук Сарала,

Кыргыздардын малы эле,

Көкчө да айдап алды эле,

Көп чууну салды эле.

Кайрып алчу эр кайда,

Коңурбай деген эр кайда?

Айтып берчи жеринди,

Ашуулаба элинди,

Угайын Алмам кебинди.

Ушинтип Алмамбеттен кеп сурап аткан турбайбы.

Ээй, Алмамбет көк жалын,

Кыл мурутун тарапып,

Эки жагын каранып,

Алакең келди буралып,

Алмамбет Манас эки шер,

Чубак, Сыргак ашкан эр,

Төртөө отурган жер ушул,

Алакең айтып турган кеби ушул.

Тортоо турган белди айтсам, төрөм,

Тарбагатай бели ушул,

Тал чокунун ары жери ушул,

Ушундан ары Бээжин деген

Жер ушул баатыр.

Мындан бир чыгып алганда,

Абайлап төрөм сен кара.

Алты күнчө жолу бар,

Аламын деген ою бар,

Алты күнү жол менен

Ат конушка саларбыз

Алты күндө барабыз.

Балырлуу көлдү бакалап,

Жекендүү көлдү жээктеп,

Ошо жерге барганда,

Көрбөгөн адам арманда,

Куу кытайдын куу өрдөк,

Куушурулган шум өрдөк,

Куу ордок деген аяр бар,

Андан ары далай бар, баатыр.

Андан чыгып барганда,

Абайла, тором сен кара,

Адырмактуу жери бар,

Адырлуу жолго салалы.

Алты күндүк жолу бар,

Арсак ташты аярлап,

Ак кулжа деген аяр бар,

Бээжинге жетиш далай бар.

Ак кулжаны атаарбыз,

А күнү анда жатаарбыз.

Андан бир чыгып алганда,

Абайлап төрө сен кара,

Капырай, кылкылдап кана көрүнөт,

Кызарып башы бөлүндү,

О, кылкылдап түмөн көрүндү.

О, абайлап карап отурсам

Карарып ташы көрүнөт,

Кандын бир кара тоосу бейм,

Чет Бээжиндин оозу бейм.

Андан бир ары байкасаң,

Агала чап кызыл бел,

Алаокең жүргөн жер ушул,

Ак шумкар салган көл ушул.

Андан бир ары байкасан,

Көк ала бийик кызыл бел

Кыл Бээжиндин кайкасы,

Кыжылдаган көп кытай,

Мусулман болуп калбаган,

Алмандын ырысынын тайкысы.

Бечин да Бечин жери бар,

Бели каардуу эли бар,

Белгилүү качкан өрү бар,

Бейпайга туулган Алмамбет

Арылбаган шору бар.

Алданып калган иши экен,

Алакең жерде жүргөндө,

Ошондо, Коңурбай качат дечү экен.

Аташкан деген журттарын,

Төлгө калганын буттарын,

Байгамбар бар диним ак,

Башка төгүн өзүм ак,

Куруп калган Алмандан

А балам, ушу жерде калган алтын так.

Каапырдын каны болгуча

Мусулман кулу болсом-деп,

Мен талашып жүрөм -деп,

Качып бир жүргөн ошол чак.

Маанайы минтип бас болгон,

Өз эли менен кас болгон,

Мендей кургур бар бекен!

Жашып бир турду Алмамбет,

Айта турган далай кеп,

Анда бир Манас кеп айтат:

Ай, Алмамбет -деп айтат.

Кайгынын түбү болобу,
Кайгырган киши оңобу?
Андай жүргөн адамды
Баатыр деп айтуу болобу.
Кээ биреөдө бала жок,
Бербей койсо кудайым
Тартып алаар айла жок.
Жан бүткөндүн баарысы,
Алты күн ишти болжогон,
Жасагандын иши бар
Жазуудан башка болбогон.
Ажал жетип күн бүтсө,
Тартпай койбойт кара жер,
Албай койбойт казган көр,
Кайгырбай Алмам жүрө бер.
Кудуретиң болбоду,
Өмүрүң суун түгөнсө,
Куйган кесе толобу?
Колүңөн кушуң учкан соң
Кайрылып көлгө конобу!
Бир жаралып өткөн соң,
Кадимкидей болобу.
Башка кепти сен ташта,
Жүр, Алмамбет жол башта.
Жашыл көлгө баралы,
Аяр өрдөк ал болсо,
Өрдөккө кушту салалы.
Ойноп Бээжин баралы,
Чубак менен үч болсун,
Эки канат күч болсун,
Мени менен төрт болсун.
Ошо, бет алган жагы өрт болсун,
Алмам.
Башка кепти сен ташта,
Эми, жүр Алмамбет жол башта.
Как ушинтип айтканда,
Анда Алмамбет кеп айтат:
Ай, ай баатыр- деп айтат.
Алмамбет жаның эсен соо,
Ал Коңурбай кыйын жоо,
Коңурбай сырын билбейсиң,
Аккула атың минбейсиң,
Ак олпок тонуң кийбейсиң,
Кандай ишти билбейсиң.
Имерип айтты Алмамбет,
Кой десе да болбоду,
Кокуй Манас оңбоду.
Ай десе да болбоду,
Акыры Манас койбоду.
Айтканынан кайтпаган
Кыйыктыгын койбоду.
Кирпик ымдап, көз ымдап,
Кайыптан таалим алган кул.
Айтканынан кайтчу эмес,
Дүйнөдө күчтүү Манас кул.
Жашыл көлгө баралы,

Аяр ордок ал болсо,
Шумкарды ага салады.
Андан ары үчөөңөр
Жолуң болсо жорто бер.
Ошо жерге калаармын.
Как ушундай кеп кылды,
Убаданы бек кылды.
Баатырларды карасаң,
Атка минди болпондоп.
Атка минип алышты,
Төмөндү көздөй салышыты,
Арасы алты күндүк жол экен
Күндөп -түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Тулпарларды карасаң,
Кологойлоп алыптыр,
Колун жерге салыптыр,
Булагайлап алыптыр,
Бутун жерге салыптыр.
Аркардай арып узартып,
Кузгундай көзүн кызартып,
Күндөп- түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Жашыл колго келди эми.
Аралап карап баатырлар,
Балырлуу көлдү бакалап,
Каздын баары каркылдап
Куунун баары куркулдап
Куштун үнү чуркурайт.
Кара карга калдаңдап,
Ала карга асмандап,
Кайыңы көктү тиреген,
Камышы чөптү жиреген,
Мындай бир сонун жер экен.
Керекке тууган ушу жер,
Капырай теңирим кылган ишин кор,
Оо, кайыңга тууган кушун кор,
Кадырдын кылган ишин кор.
Аралап барып мырзалар
Ат конушка салыптыр.
Аралап барып жарышып,
Өзондүн суусу чай болгон,
Кыярган журту бай болгон.
Белине саадак байлаган,
Кемпири куйрук чайнаган,
Жапан жемиш жайнаган
Жер болот экен ар кандай,
Аны корүп бир далай,
Анда Манас кеп айтат:
Айкөлүм, Алмам -деп айтат.
Өрдөгүн кайда болуучу.
Аяр ордок ал болсо,
Эчак учуп кетти го,
Ордогүн түпко жетти го,
Ошону айтып калганда,

Ээ, Алмамбет көк жалың
Сарала мойнун бурду эми,
Кайра тыртып турду эми,
Аттан түшө калды эми.
Аттан түшүп алышып,
Найзаны колго алышып,
Жоо басып баратат.
Калың камыш жапырып,
Алып келип көрсөттү.
Кара суунун кудукта,
Кайнап чыккан чулукта,
Кай бир жери корүнүп,
Кээ бир жерге чөмүлүп,
Казыктай мойну койкоюп,
Өрдөк жатат болкоюп.
Муну Алмамбет көргөздү,
Айкол Манас торого.
Кутунайдын куу ордок,
Кутурунган шум ордок,
Өрдөк эмес аяр -дейт,
Кылчу иши далай -дейт.
Жашырынып бараарсың,
Жарым дүрмөт салаарсың,
Жалпайтып атып алаарсың.
А эгер сенден кутулса,
Айлампалуу сеңирге
Ошо жерге барамын.
Байрак шилтеп жандайын,
Ошого чейин жата кор,
Ошондон кийин ата кор!
Ордөккө кунту салалы,
Ойноп Бээжин баралы.
Как ушундай кеп кылды,
Убаданы бек кылды.
Эр Алмамбет ойноктоп,
Сарала менен сойлоктоп,
Бээжин көздөй салды эми.
Алиги калган айкөл Манас торону,
Акыры артын көрөөрсүң.
Атаганат дүнүйө,
Өрдөгүн өзүм атып алайын,
Аярың ушул беле- деп,
Колума кармап барайын,
Тийип өтсөм Алманга
Бир мактанып калайын.
Ошону ойлоп көк жалың
Көрүнө дары салыптыр.
Коноктогу көк куту,
Көтөрө куюп дарыны,
Аябаптыр баарысын.
Аккелте мылтык бир атты,
Артынан түтүн булатты,
Жонунун жүнүн сыя атты.
Алыс атып салганы,
Иш бузулуп калганы.

Кутунайдын куу ордок
Кутурунган шум ордок,
Көкөлөп уча берди эми.
Канаты менен кар сабап,
Куйругу менен жер сабап,
Көтөрүлүп алганда,
Кокко айланып барганда,
Көрбөгөн адам арманда,
Асманга чыгып ал өрдөк,
Айланып жерди көрдү эми.
Күрпүлдөктүн Кара- Шаар,
Жер соорусу так ошол.
Баягы жер майышкан калың кол.
Ошонун баарын көргөнү,
Көрүп алып шум өрдөк,
Канатка кагаз жазды эми,
Куйрукка моор басты эми,
Калдайды коздой сызды эми,
Күндү жайлай берди эми.
Алам саат болгунча
Аяктай булут айланды,
Айдын көзүн байлады.
Күроктой булут айланды,
Күндүн козүн байлады.
Аркы -терки бурганак,
Каршы – терши ургулап,
Мөндүр түшүп бадырап,
Жамгырлай түшүп ачылып,
Сары жел жүрүп ыркырайт.
Кар аралаш мондүрлөп,
Жаан жаан шыбыргак,
Ат колтуктан кар болду.
Алиги жүргөн төрт баатыр,
Бирин -бири көрүүгө зар болду.
Аны таштап коюңуз,
Алиги кеткен куу өрдөк,
Кабарынан болуңуз.
Куу Тынайдын куу өрдөк,
Кутурунган шум өрдөк,
Куркулдап учуп жонолду.
Куркурап кирип барганы,
Коңурбайдын дарбаза
Дарбазадан кирди эми.
Өрдөк барды барк этип,
Канатына жазыптыр,
Канатында кеп айтат:
Коңурбай кан ким?- деп айтат.
Жатасыңбы жамбаштап,
Турбайсыңбы туу баштап,
Толбойсуңбу жол баштап,
Мусулмандан кол келди,
Жер майышкан мол келди,
Букардан бери түрүлүп,
Дин мусулман сүрүлүп,
Үйүнө калбай сүрүлүп,
Карысы келди -деп айтат.

Баягы Алмамбет, Манасы
Баарысы келди деп айтат.
Кабарды берди куу өрдөк,
Кабар тийип калганда,
Көрбөгөн адам арманда,
Коңурбай ишин кара,
Атаганат дүнүйө,
Ачуусунун келгени,
Өтүп кетти кордугу.
Алмамбет Манас зордугу,
Кече Чыландын жолун чалды эле,
Чайымды карман алды эле.
Жайкы чилде Ындыстан,
Жылкымды алган жылбыздан,
Мунусун да кечирсем,
Кече Кокотойдун ашында,
Көп чогулган башында,
Камындырбай өзүмдү,
Капысынан жаза коюп өттү эле.
Мунусун да кечиргем.
Ошондо кошуун түзүп Бээжинге,
Бул Алмамбеттин келгени.
Ажалымын жеткени.
Канатым барда сынайын,
Каруум барда урайын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Ушу жолу булардан,
Бир келгенди көрөйүн.
Ошону ойлоп Коңурбай,
Ачуусунун келгени.
Алгаралай тулпарга,
Алтын таман үзөңгү
Теппей ыргып мингени.
Карыпчыгын байланып,
Кара Шаар айланып,
Белдемчисин байланып,
Бээжинди учуп айланып,
Көбөз белбоо кеңөтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кылаар иши момундай,
Өйдө-төмөн желдирип,
Өкүмүнө көндүрүп,
Түп Бээжиндин түбүндө
Түп которо заматта
Кат менен кабар бергени,
Калың аскер келгени.
Кабар тийип калганда,
Чоң Бээжиндин ичинде,
Чоюлуп жаткан чоң калдай,
Атка минип момундай,
Кат менен кабар берди эми.
Калың элдер жыйналып,
Кабар тийип калганда,
Конгуроодон угулган,
Кошо келген шыбырдан,

Кобур менен бобуру,
Коп сүйлогон котуру,
Тили таттуу шекери,
Иш кылбаган бекери,
Баарын жыйды Коңурбай.
Атты жалгыз кармаган,
Тооңу жалгыз сермеген,
Чоркогу келди бир бөлөк,
Буларын санап белгилеп,
Ат көтөргүс жөөлөрү,
Эчен кыйын дөөлөрү,
Мунусу келди бир канча,
Баарын жыйып алдыга,
Жыкы – жыкы кытайды,
Жыйып алды Коңурбай.
Жыйырма батман темирден,
Кийип алып Коңурбай.
Алгарадай күлүктү,
Минип алды Коңурбай,
Алмамбет менен Манастын жүргонүн,
Билип бир гана алды момундай.
Көбүргөндүн четинде,
Күйгөн Үңкүр көтүндө,
Чыгыш жакты бетинде,
Тогүнү чынын ким билет,
Жолойдун уулу Торобек,
Тырмактарын карасаң,
Аксак койдун салаадай,
Кыл мурутун карасаң,
Тегирмендин барадай,
Чечексйи чарадай.
Чондугу тоонун чокудай,
Амандашып көрүшүп,
Атчан колун беришип,
"Кайда жүрөт бурутун,
Элдин баарын куруттун".
Ачууланган болушуп,
А да келип кошулуп,
Тополоң чыгып созулуп,
Манжу жерин жерлеген,
Түмөн шаман эл деген,
Түрлүү кытай көп келди.
Коңурбайдын аскери,
Келип атат момундай,
Контүгүнөн корүнбойт,
Чегирткенин корумдай.
Ээй, ошондо Коңур ойлонуп,
Атаганат дүнүйө,
Бусулмандан кол келсе,
Жер майышып мол келсе,
Санат жетпес сан жыйкы,
Чыпка куйрук Сарала,
Адырда атым алабаш,
Аргымагы аралаш,
Тоодо аты алабаш,

Тобурчак жылкы аралаш.
Санак жетпес сан жылкы,
Арага калып ал жылкы,
Жеңип алып жылкыны
Ачайымбы уйкуму.
Ошону айтып Коңурбай,
Алгараны алкынтып,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Тоокарасын жулкунтуп,
Топурагын бургутуп,
Токсон батман тон кийип,
Тоолой кара ат минип,
Үнчүлүгү бир тогуз,
Топчулугу бир тогуз,
Тоодой болгон ит доңуз,
Куюшканы куйма алтын,
Көмөргөсү сом алтын,
Омуроодо жаркылдап,
Көз айнеги алтын таш,
Маңдайында алтын тиш,
Тоту куштун куйругу,
Дал ортодо жалпылдап,
Кытайлардын чоң тердик,
Ат боорунда салпылдап,
Тула бою чылк алтын,
Коңурбай талаага чыкты жаркылдап.
Оэй, Алгараны алкынтып,
Тоокараны чулгутуп,
Топурагын бургутуп,
Алам саат болгончо,
Ачып көздү жумгуча,
Жылкыга жетип барды чоң калча.
Ошо күнү кечинде,
Коңурбай барган кезинде,
Жылкычы башы Карагул,
Кылган иши мына бул,
Токсон баштуу жолумүй
Жолго тигип коюптур,
Семизден бээни союптур.
Аземин журттан арттырып,
Кымыздан арак тарттырып,
Казы кертип жал чайнап,
Аракка кошуп бал чайкап,
Өнөр көрчү башында,
Сексен нөкөр кашында,
Коңурбай барды күүлөнүп,
Атырылып сүйлөнүп.
Оэ, түгөнгөн Карагул,
Кылган ишиң мына бул,
Аяр келип кеп айтты:
Алмамбет, Манас келди-деп айтты.
Муну не үчүн билбейсиң,
Тору айгырды минбейсиң,

Эки кап кумду артынып,

Тоорулга не үчүн кирбейсиң?

Күрпүлдөктүн Кара Шаар,

Жер соорусу так ошол.

Ошого чейин барбайсың,

Чалгынды неге чалбайсың,

Мен билгенди билбейсиң.

Ачпайсыңбы көзүңдү,

Укпайсыңбы сөзүмдү.

Аяр келип кеп айтты.

Ошо Алмамбет, Манас келди –
деп айтты.

Муну не үчүн билбейсиң,

Жыйбайсыңбы жылкыңы,

Ачпайсыңбы уйкуңу.

Атырылып күүлөнүп,

Коңурбай барды сүйлөнүп.

Баягыны укканда

Төрөлөрдүн жумушу,

Төгүн эмес бул иши,

Кара бээни кармады,

Карсылдата сабады,

Ойдон- тоодон буркулдап,

Баарысы келди чуркурап.

Айдап алып жылкыны,

Карагул кетти..качырып,

Чаңды асманга сапырып,

Жылкыны ылдый жапырып.

Кара Коо деген чеби бар,

Айтып жүргөн кеби бар,

Кара Коого камады,

Минтип салды амалды.

Коңурбай туруп ойлонду.

Акылга аяр келет -деп,

Ошол кабар берет -деп,

Жылкыны коруп калды -деп,

Бүгүн эртең жылкыга

Кара атым ойноп алсын -деп,

Анан кийин минем- деп,

Жоого тийсе каапырым

Минип жүрсөм кара атым,

Агытып ийип Кара атты,

Алтын тактын үстүнө,

Жатып калды Конурбай,

Кылган иши момундай.

Аскер келди буркурап,

Билингени билинбей,

Жол кайтарып чуркурап,

Жакындап келсе турам- деп,

Жатып калды Конурбай.

Аны таштап коюңуз,

Алиги калган торт баатыр,

Кабарынан болуңуз.

Ээй, алты күн жаап ачылды,

Ат колтуктан кар болуп,

Балапан торгой чуркурап,

Теректин башы даркырап,

Сары жал жүрүп ыркырап,

Күн ачылып калганда,

Көрбөгөн адам арманда,

Эр Алмамбет көк жалың

Сараланы минди эми,

Сарала менен аркырап

Айкөлүнө келди эми.

Оо, айтсам бир тилим албайсың, Манас,

Эми жайың кандайсың?

Мен билгенди билбейсиң,

Сен, Коңурбайды ким дейсиң?

Алты арыптуу жан эле,

Ушу бүгүн Коңурбай,

Кабарды алып момундай,

Жыкы жыкы кытайды,

Жыйып алды Коңурбай.

Жыйырма батман темирди,

Кийип алды Коңурбай.

Алгарадай күлүктү,

Минип алды момундай.

Келээринди мурунтан,

Билип алды Коңурбай.

Канткенде Бээжин баруучу,

Уялбай жыкы алуучу,

Иш бузулду баатырым.

Өчөшүп жүргөн кытайга,

Мени,окүнүч кылып сайдырба,

Оёндун коонун сындырба,

Коңурбай колун тындырба,

Бектердин белин сындырба,

Бээжиндин көөнүн тындырба,

Иш бузулду айкөлүм.

Жүрү эми кетели,

Кан Бакайга жетели,

Кайран элди көрөлү,

Убалына калбайлы,

Ушу бойдон жүрөлү,

Кең Таласка кетели,

Каныкейге жетели.

Иш бузулду баатыр -дейт.

Анда Манас кеп айтат:

Ай, Алмамбет -деп айтат.

Мен Манас, Манас болгону,

Басташкан душман оңбоду.

Бул эмине дегениң?

Манас болуп барбайын,

Атка минип дардайып,

Эркек болуп эрбейип,

Атка минип дердейип,

Кимден коркуп кетемин.

Чымчык учуп кетти- деп,

Ушу жерде Манастын кайра кеткени,

Өлгөнү эмей неткени.

Анда Алмамбет кеп айтат:
Ай, ай баатыр -деп айтат,
Сен Аккула атты минбейсиң,
Ак олпок тонуң кийбейсиң,
Коңурбай сырын билбейсиң,
Минтип жүрсөң айкөлүм
Ажалды айдап кел дейсиң.
Кой десе да болбойсуң,
Кокуй Манас оңбойсуң,
Ай, ай десе болбойсуң.
Акырында оңдоду
Аккулжага барады,
Аккелтени алады,
Тамашага батады.
Анан ошо жерден кайтады.
Деп ошондо көк жалың,
Болбой турду толгонуп.
Эмесе маакул болот -деп,
Атка минип алышты,
Бөксөнү көздөй салышты,
Алдыңкы жолго барышты.
Алты күндүк жол экен
Арсак Таштын аралга
Күндөп -түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Баатырлар барды бир жерге.
Алыстан түшүп калышып,
Абайлап дүрбү салышып,
Аны карап олтурса
Арсак -Таштын алдында,
Он эки айгыр мойнунда,
Аккулжа жатыр ойдунда,
Аны Алмамбет көрсөттү.
Ошо Аккулжа деген аяры,
Айкол Манас топ келген,
Өзүң ашкан мергенсиң,
Мурдагыдай болбогун,
Атар жерин болжогун,
Коймого коюп мамысын,
Баатыр Чубак бери келгин,
Өзүң ашкан мергенсиң,
Кең багалек сары шым
Багалегиңе батпайсың,
Эрегишип жатпайсың.
Ото турган жери эле
Канталдан чыгып аткайсың.
Коймого коюп Чубакты,
Айланайын Сыргагым,
Антип карап турбагын.
Тигилери кутулса,
Кире каччу жери эле,
Аша каччу бел эле,
Жолун тосуп жата көр,
Топчу боорго ата көр.
Үчөөнөрдөн кутулса,
Тээ,көрүнүп турган Сары дөң

Ошо сары жонго баралык.
Байрак шилтеп жандайын.
Огого чейин жаткыла,
Ошондон кийин аткыла.
Как ушундай кеп кылды,
Убаданы бек кылды.
Эр Алмамбет кок жалын,
Көзүнөн чыгып от жалын
Эрди башын жаланып,
Эки жагын каранып,
Сарала менен аргытып,
Корүп турган сенирге,
Чыга түшүп Алакен
Байрак шилтеп кылт этип,
Көрүнүп кайра жылт этип,
Как ушинтип калганда,
Корбогон адам арманда.
Айкол Манас торонуз,
Торонузду корунуз.
Аккелте мылтык абайлап,
Айрыма шаа көк милте,
Арты көөнүн ойлоду.
Алып келип бир атты,
Кара санын сыя атты.
Жыгылып туруп ордунан.
Аккулжа качып жөнөдү.
Кара саны ийиктей,
Жүгүргөнү кийиктей,
Качып барат билинбей.
Баатыр Манас кок жалын,
Анда -санда айкырып,
Алмамбет -деп кыйкырып,
Кулжаң бир кетти, кутулду.
Кулжаң бир түпкө жетти-дейт,
Баягы калмагым кайда кетти-дейт.
Аны таштап коюнуз,
Алиги турган эр Чубак,
Жарым бута жанымда,
Жандай салып барганда,
Эр Чубактын ишин кара
Капталдан мылтык тарс этип,
Аккулжа кетти жалт этип.
Эр Чубагың бир атып,
А да кар жилигин сыя атып,
Жыгылып туруп оордунан,
Кайып экен карааны,
Ачылып алып арааны,
Карааны көзгө илинбей,
Кайсы экени билинбей,
Кетип бир барат Аккулжа.
Аны таштап коюнуз,
Алиги турган эр Сыргак,
Жарым бута жанында,
Корбогон адам арманда,
Астынан мылтык тарс этип,

Аккулжа кетти жылт этип,
Чыркырап огу кеткенде,
Башындагы кош айнек
Аны кагып өттү эми.
Жыгылып туруп ордунан,
Караса көзгө илинбей,
Жүгүргөнү кийиктей
Качып барат билинбей.
Акбалтанын Чубагы,
Ыргып тура чуркады,
Эзелди эки болбогун,
Эки калмак оңбогун!
Кулжаң болсо кутулду,
Кулжаң бир түпкө жеттиби.
Калмагым кайда кеттиң, ээ?
Үчөө келет айкырып,
Жете албай келет кыйкырып,
Алиги турган эр Алмаң,
Астындагы Сарала,
Аблан күлүк мал эле,
Саралага кеп кылып,
Убаданы шерт кылып,
Соолгурдун сом туяк,
Сомдогондой чоң туяк,
Соода моюн Сарала,
Мээ кайнаган ысыкта,
Бок кайнаган сасыкта,
Туягында тура жок,
Тулпар элең Сарала.
Мунун атасы тоонун Тобурчак,
Энеси чөлдүн Музбурчак,
Тууган бээнин малы эле.
Талаада туулуп кумда өскөн,
Кулан менен бирге өскөн,
Уй куймулчак Сарала
Укмуштай күлүк мал эле.
Жакындап кирип барганда,
Кыйгап өтүп калганда,
Ар жагында Сарала,
Аябай санга бир салып,
Качырып чыкты дыр коюп,
Атты сат болгончо,
Ачып көздү жумганча,
Аккулжанын артынан
Алакен жетип барганы.
Найзаны алып имерип,
Саралат барат тирелип,
Жете барып артынан
Көмө коюп кетти эми.
Көт жагынан көй Сыргак
Башын кесип отту эми.
Аккулжаны жандаган,
Артына келип эр Манас,
Мен айткамын - деп,
Аккелтесин камдады,
Аккулжаны жайлады.

Ошентип а күнү ал жерге конушуп,

Кара этине тоюшуп,

Бажырашып жатышып,

Жиликтирин чагышып

Жатып калды койкашка.

Эртең менен болгондо,

Таң саргарып атканда,

Тараза жылдыз батканда,

Асмандагы жылдыздар

Түш – түш жакка быркырап,

Сары жел жүрдү аркырап.

Баатырлар турду баштандап,

Багалеги далдаңдап,

Анда Манас кеп айтып:

Алмамбет баатыр – деп айтып,

Башка кепти сен ташта,

Жүрүчү Алмам жол башта.

Болбой барат көк жалың,

Анда Алмаң кеп айтып,

Ай, ай баатыр деп айтып,

Ушу жерден кылсаңчы,

Бакайга кайра барсаңчы.

Коңурбай сырын билбейсиң,

Минтип жүрсөң көк жалың

Ажал айдап кел дейсиң.

Алты арыштуу кул эле,

Аземи артык бул эле,

Тирүү жүрсө Алмамбет,

Жоо борүсү эмеспи,

Азаттуу күнгө салбагын.

Ай баткандай күн батып,

Баатыры өлсө баары өлөт,

Чоросу өлсө бирөөөлөт,

Койгун баатыр, кой десе,

Кой десе да болбоду,

Кокуй Манас койбоду,

Ай десе да болбоду,

Акыры Манас койбоду.

Айласы кетип Алмамбет

Атка минип алышты,

Анан жолго салышты.

Кандын кара тоосунда,

Как Бээжиндин оозунда,

Жаңырыктын жалгыз жол,

Тар кыяның татаал жол

Тогуз жолдун тоому экен.

Он эки жолдун түбү экен,

Кырк жолдун кыйры экен,

Төмөн кеткен кебик жол,

Туура бир кеткен турпан жол,

Кашкарга кеткен кайкы жол,

Саноорунун тайкы жол,

Бөрү, түлкү жойлочу,

Ууру, бөрү ойноочу,

Тогуз жолдун тоому экен.

Татаал бир жерге келди эми.
Анда Алмаң кеп айтат:
Баатырым, айкөл -деп айтат.
Сыргакты жолдош алам -дейт,
Ушу жерге калам -дейт.
Чубакты өзүм алайын,
Тоорулга өзүм барайын.
Жолоочу болсо жол сурап,
Бадачы болсо мал сурап,
Жолду чалып алайын.
Коймого коюп Манасты
Эр Чубакты ээрчитип,
Алакең кетти жол тартып.
Аны таштап коюңуз,
Коңурбайдын кабарынан болуңуз.
Коңурбайдын аскери
Курттай кайнап быкылдап,
Келе жатат балкылдап
Ошо кезде карасаң
Экоо болсо бириси,
Мадыл деген бир дөөсү
Пилге минип очоюп,
Чоюнбаш белде чочоюп,
Эки бутун карасаң
Кара жерде сүйролүп,
Мадыл келди күүлөнүп.
Ээ, түгөнгөн Коңурбай,
Кылар иши момундай,
Кайда жүрот бурутуң,
Кең дүйнөдө куруттуң,
Манасың кайда баралы.
Ушу жолу барамын,
Уу ичкендей кыламын,
Бусурманды сүрбосом,
Андан ары жүрбөсөм,
Букардын көк ташы
Туура басып кирбесем.
Элдин баарын таратып,
Атырылып күүлөнүп,
Коңурбайга сүйлөнүп,
Баягы кепти укканда
Анда Коңур кеп айтат:
Аманат жаным эсен соо,
Ал Алмамбет кыйын жоо.
Жайы менен жатуучу,
Сени жалгыз козго атуучу,
Сенин шаарың көрүүчү.
Как ошентип айтканда,
Ачуусунун келгени,
Алачыктай чоюн баш
Алаасынан алды эле,
Коңурбайды качырып жөнөп калды эле.
Карат менен кылт этип,
Качып берди жылт этип,

Ар жагында бир жерден,
Антара чаап эр Мадыл,
Көр оордундай бир жерин
Конторо чаап эр Мадыл,
Ошо бойдон күүлөнүп,
Жолго түштү сүйлөнүп,
Аны таштап коюңуз.
Алмамбет, Чубак эки эр
Кабарынан болуңуз.
Эр Алмамбет ыргыйып,
Сараланы саргартып,
Салып кирип бир келди.
Кыраңга чыгып Алмамбет,
Көрө коюп Мадылды,
Жарым бута жанына,
Жакын кирип келгени.
Коро коюп эринди
Кайра тартты кылт этип,
Коро коюп жылт этип,
Артынан Чубак келди эми,
Ой, Алмамбет -деп айтты.
Жакын кийик келгендей,
Коро койгон мергендей,
Эмне корсоң кылт этип,
Кайра тарттың жылт этип?
Анда Алмаң кеп айтат:
Катыргыр Чубак деп айтат.
Алиги издеп жүргөн дөө келди,
Ат которгүс жоо келди,
Экоо болсо бириси,
Мадыл деген бир дөөсү,
Кырк кара нар бир жагы,
Чылымдарын бир тартса,
Бир капчыгай түтүнү.
Эр Мадыл келет дүпүлдөп,
Аттап өтөөр абак жок,
Учуп бир кетээр кабак жок,
Кире качаар көрүң жок, Чубак,
Аша качаар төрүң жок,
Эми кандай кылабыз?
Анда Чубак кеп айтат:
Эй, Алмамбет -деп айтат.
Адамзаат пендеден,
Кантип эле ошончо
Жалгыз коздүү жан болсун,
Кана эриң кором дейт.
Коро коюп эр Чубак,
Кулагы кетти делдейип,
Муруттары сербейип,
Эси оол делдейип,
Оо, үзөңгүдөн бут тайды,,
Оо, ээрден көчүк кылтыйды,
Оо, эсиңер чыгып турганыбы?
Көрө коюп алып эми,
Алмамбет барды кылмыңдап,
Эр Чубакты шылдыңдап,

Кең багалек сары шым,
Оо багалегиңе батпайсың,
Эми эрегишип жатпайсың,
Аттанып үйдөн чыкканда
Акыл ойлоп таппайсың.
Эрсинесиң жүрөсүң,
Өзүңдөн эрди көргөндө,
Ээриңе жаба сиерсиң.
Айрөк бир Чубак өлсөңчү,
Өлүгүңдү көмсөмчү.
Ишенгеним сен белең,
Ит, ушундай коркок кем белең!?
Ии, багалекке батпайсың,
Эрегишип жатпайсың,
Акыл ойлоп таппайсың,
Эми жайың кандайсың?
Айрөк, Чубак өлсөңчү!
Өлүгүңдү көмсөмчү!
Ишенгеним сен белең,
Ит, ушундай коркок кем белең!?
Эрегишип жылмыңдап,
Эр Чубакты шылдыңдап,
Так ушинтип турганда,
Айт айтпаса тегинби,
Алмандын сөзү төгүнбү,
Кудай мени алсачы,
Бу көрөкчөөлсөмчү,
Кайра кайрат кылды эми.

Айланайын Алмамбет
Ыраазымын сага -деп,
Келип калды тигинин.
Атсаң баатыр атсаңчы,
Атпайсыңбы, Алмамбет.
Бата берип жатсаңчы,
Ат минмектен жоо болсун,
Алп болмоктон дөө болсун,
Бир беттешип көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Ошенстип калганда,
Бали, бали болду -дейт,
Атаны Чубак шордуу -дейт.
Эми айланайын Чубагым,
Антип карап турбагын,
Ажалдын жакын убагы,
Алма баш менен атайын.
Сонол куйрук сом туяк,
Сонун күлүк мал эле,
Сарала атты сен мингин.
Түтүн менен түрдүрүп,
Удаа кеткин сүрдүрүп,
Не болсо да не болсун,
Ат минмектен жоо болсун,
Бир беттешип көргүн -деп,
Ажалың жетсе өлгүн -деп,
Сарала атты берди эми,
Алма башын алды эми.

Алма баш менен ыңгайлап,
Бабыр келет кудайлап.
Алма баш мылтык бир атты,
Артынан түтүн булатты.
Ыргыта коюп өттү эми,
Жалгыз көзду тешти эми,
Быркыратып кара куш
Талкалай коюп өттү эми.
Анын кийин сонунда,
Баатыр Чубак эр аксң,
Сараланы камчылап,
Козүнүн жашы тамчылап,
Кемердин өйдө чети -деп,
Как жүрөгү ушу -деп,
Өлөөр жердин тушу -деп,
Кылкылдата бир сайды,
Кылдын огун бир сайды,
Алып келип бир сайды.
Найза менен койгондо,
Тарсайган неме,
Козголбоду Мадылың
Кыя өтүп балбаны,
Айбалтаны алды эми.
Шамдагайлыгын билдирип,
Чокуга болжоп салды эми,
Ошентип кыйгап бир өтүп калды эми.
Деп ошентип комдонуп,
Доо Мадылды карасаң,
Бил үстүнөн кулады,
Коктуга барып сулады.
Аны Алмамбет көргөндө,
Мурутунан күлдү эми.
Чала болот кулга -деп,
Булардын жатар жери жылга -деп,
Акырын басып жекилдеп,
Мадылга басып барды эми,
Чонтокко колду салды эми,
Насбайдан чегип алды эми,
Кайра тартып калды эми.
Эр Чубак келди бакырып,
Айланайын Алмамбет,
Манастап ураан чакырып,
Укмуштуудай кап экен,
Тегиле сонун жан экен,
Ушу үчүн тобо кылалы,
Башын кесип алалы,
Манаска бир мактанып алалы.
Айткан сөзгө ишенбейт,
Бир көрсөтүп алалы.
Айтат балдар тегинди,
Чубактын сөзү тегинби,
Башка кепти айталбай,
Чубактын көөнүн кайтарбай,
Айбалта алып соксоктоп,

Башын кесип токмоктоп,

Эбин таап арталбай,

Ээрине тарта албай,

Жүк көтөрүп түшүрүп,

Бир топко чейин түйшөлдү.

Бир жагына таш теңдик,

Бир жагына баш теңдик,

Айдап алып экөөнү

Кайра тартты ал жерден.

Аны таштап коюңар,

Тиги жүргөн эр Сыргак,

Кабарынан болуңар.

Ооруктa калган көк жалды,

Жанына турбай эр Сыргак.

Чалгындап жүргөн жери артып.

Алыстан көрүп алыстап,

Баягы Манаска барыптыр.

Сүйүнчү, тором сүйүнчү!

Тон,отүгүң кийинчи.

Баягы Алмамбет баргамбы,

Базар аралап калганбы,

Дарбыз, коон артып алганбы,

Деп ошентип кепилдеп,

Эр Сыргак айтын кебин макул деп

Эр Манаска жакындап,

Ошонетип турганда

Эр Алмамбет келди эми,

Эр Чубакты ээрчитип.

Анда Сыргак кеп айтат:

Көрө коюп чымылдап,

Ыйлап көздөн кан чыгып,

Алакандан чаң чыгып,

Тиякта жүрөр унчугуп,

Ээ түгөнгөн калмак деп

Бул эмине деген кеп,

Келгенсиң го алдап деп,

Минтип жүрсөң түгөнгүр

Баарыбызды берсиң го,

Кармап деп.

Бул эмине азабың,

Минтип жүрсөң түгөнгүр

Сага, жан адам кошо басабы?

Минтип жүрсөң Алмамбет,

Дарбыз десем таш беле.

Бир жагына артканың

Жалгыз көздүү баш беле, калмак!

Анда Алмаңкеп айтат,

Ай, ай Сыргак –деп айтат.

Бадачы экен ушул деп,

Базарга тилиотот деп,

Башты кесип келдим -деп,

Жолоочу ушул экен -деп,

Жолго салып келдим- дейт.

Анда Сыргак муну айтат:

Ээ, Алмамбет -деп айтат.

Жолоочусу бүт болсо,

Жортуулчусу не болот?

Булар менен жоолашкан киши жоголот.

Бадачысы бул болсо,

Базарчысы не болот?

Басташкан адам жыгылаар,

Бу кебинди ит уксун,

Ит укпаса ким уксун,

Андай эмес Сыргагым,

Атка бышыкчыйрагым,

Экөө болсо бирисиң,

Бул Коңурбайдын бир дөөсү

Мадыл деген ашкан дөө.

Башын бир кесип келдик- дейт.

Аны көрүп айколүн,

Мурутунан күлгөнү.

Алмамбетке бир карап,

Ыраазы болуп турду эми.

Айланайын Алмамбет,

Көрүп жүргөн көзүндөн,

Айтып бир жүргөн кебинден,

Кытайды билген эбинден.

Анда Алмаң кеп айтат:

Элинди каалап алгамын

Өлгөн бир сайын өөрчүгөн,

Көрүнө арбак ээрчиген,

Түгөнгөн сайын түтөгөн,

Түтөп бир турган мылтыкка

Түз качырган эренди,

Эр Сыргагым алайын,

Тоорута бүгүн барайын,

Кудай берсе кудайым,

Тооруп бир жылкы айдайын.

Ошону айтып Алмамбет,

Карт күрөңдү бош боштоп,

Абайы менен жалпоочтоп,

Эр Сыргакты ээрчитип,

Сарала менен аргытып,

Карт күрөңдү булкунтуп,

Бир жагына жулкунтуп,

Бээжин деген чоң калаа,

Бээжиндин бетин ачмакка,

Алтынын сайга чачмакка,

Алакең кылып аракет,

Азыр бир барып калганда,

Түн боюнча барганда,

Чоюндан куйган чоң кулпу

Бек бекитип салыптыр.

Эки жайсаң кайтарып,

Ар жагынан кайтарып,

Сөзүн бир айтып кыбырап,

Асмандаган чеби бар,

Айтып бир жүргөн кеби бар.

Эми келди душман -деп,

Ушу жерден кайталы,

Тиякка барып айталы.
Деп ошентип турганда,
Ошо кезде Алмамбет,
Он эки түрлүү тил билер,
Караңгыда кажырап,
Калмакча айтып бажырап,
Кытай болуп кыжылдап,
Арабы тилди аз билген,
Парсы тилди бас билген,
Бээжин тилин бек билген,
Түркү тилди түк билген,
Он эки түрлүү тил билген,
Кытай болуп кыйкырып,
Ачпайсыңбы жайсандар
Мен,Соорондуктун уулумун,
Жалганы жок мунумун,
Мен ууга чыгып коргомун,
Мадылдардын элдемин.
Ээрчий жүрүп мен көрдүм,
Манастан колун кырды– дейт,
Уу ичкендей кылды -дейт.
Бирин кармап эр Мадыл
Бири мени урду дейт.
Айдап алып Манасты,
Ары көздөй жүрдү– дейт.
Ошондон ары сүрдү дейт
Экөө болсо бирөөсү,
Бул Манастын иниси,
Муну кармап келдим-дейт.
Эсенканга алпарып,
Тартуусуна бер -деди.
Чоң сүйүнчү аламын,
Ачпайсыңбы жайсандар,
Деп ошентип баягы,
Алакең кайдан аяды,
Караңгыда кажылдап,
Калмак болуп бажырап,
Кытайча айтып жажылдап,
Берекет колдо турганда
Эки жайсаң келди эми,
Болоттон кылган чоң кулпу,
Болт дедире ачты эми.
Ар жагында бирөө бар,
Бурап, бурап тартты эми,
Машине менен ачты эми.
Аңылдатып салганы,
Алмамбет, Сыргак эр олду,
Карай коюп жайсаңдар,
Бакырып алып качты эми.
Эр Алмамбет көк жалың,
Аярлабай жетти эми,
Найза менен отту эми,
Бир сайгандай чыгарбай,
Жайсанды коюп өттү эми.
Көт жагынан Сыргагы
Сүкөн кылып өттү эле,

Жана Алмамбет жетти эле,
Найза менен оттү эми,
Көмө коюп өттү эми.
Көт жагынан көк Сыргак,
Көмө коюп өттү эми.
Кайра тартып эр Сыргак,
Башын кесип оттү эми.
Алам саат болгончо,
Ачып көздү жумганча,
Ал экөөнү кайсашып,
Аттан түшө калышып,
Токумдарын токунуп,
Караңгыда калдайып,
Калмак болуп далдайып,
Кытай болуп кынгыйып,
Конторуп тонун кийди эми,
Далдайып калмак болду эми,
Атка минип алышкан,
А жерге мүнөт турбастан
Дагы эле жолго салышты.
Андан ары барганда,
Абайгалап салганда,
Канжалары жылдыздай,
Каттаганы күндүздай,
Кайнап жаткан көп кытай,
Солон деген бир мерген,
Солкулдаган эрлери,
Сол жагына келгени.

Айбалтасы мыктыдан,
Жазбай чанчуу ыктуусу,
Жүйрүк чечен тилдүүсү,
Өлүмдөн качпас жиндиси,
Үйдөй чокмор көтөргөн
Жөө балбаны андан көп.
Жол кайтарып алышып,
Каршы – терши жарышып,
Кайнап жаткан көп аскер,
Баягыны көргөндө,
Эр Алмамбет көкжалын,
Козүнөн чыгып от жалын,
Аралап кирип Кытайга,
Бир текшерип кеп айтып,
Ээй, аскерлер –деп айтты.
Жалганы жок мунунун,
Алмамбеттин өзүнүн,
Караган кара көзүнүн,
Манастын колу келбейт – деп,
Төмөнкү жолго салышкан.
Төрөбекке барыптыр,
Эбинди минтип таптыр,
Торобек эми чыгыптыр,
Жүрбойсүцбү жайсандар,
Кайнап жаткан аскерди
Алып Алман жөнөдү.
Аскер кетти күркүрөп,
Суу акпаган күр сайга.

Алакең алып бир кетти чуркурап.
Караңгыда кылт этип,
Кайра тартты жылт этип,
Жылкы атып салганы,
Аскерди айдап ийгени.
Анан алар жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Кара тоонун бетинде,
Жылкынын ары четинде,
Алмамбет барды бир жерге.
Санат жеткис сан жылкы,
Малчылары баары бар,
Алакен турду ойлонуп.
Карткүрөндү жетелеп,
Калың жылкы четинде,
Аралап келди бетине.
Жайкы күндөҮндыстан,
Жылкы алганда жылдызлап,
Изиңди кайра баспаган,
Кайра качкы мал элең,
Касиеттүү мал элең,
Жылкыны баштап жүрбөсөң,
Бакайдын жүзүн көрбөсөң,
Алмабаштын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Ошону айтып Алакен,
Октону баштан алды эми,
Кабыргага келтирип
Камчы менен салды эми.
Анын арт жагында,
Добулбасты койгулап,
Мылтык атып дүңкүлдөп,
Бир атканда үч болду,
Үч атканда төрт болду,
Бээжиндин ичи орт болду.
Баатыр Алмаң эр Чубак,
Чет Бээжиндин четинде,
Жылкы жаткан бетинде,
Жылкыны тийип кеткени.
Карт күрөңдү карасаң
Анда – санда каңгырап,
Кишенеп коюп ар жерден,
Баштан алып жылкыны,
Ачкан экен уйкуну.
Жылкы баккан жылкычы,
Баары жүрдү жылкыда.
Ошо кезде Карагул,
Айласы кетти мына бул.
Кылаар иши мына бул.
Тору айгыр менен өбөктөп,
Ээрдин кашын жолоктоп,
Жүргөн экен Карагул.
Чекте турсам көрөт -деп,
Түпкө Алмамбет жетет- деп,
Чыкпай жүрөт жылкыдан.
Коңурбайдын Кара аты,

Жылкыда жүргөн адаты,
Кармап алып минсем - деп,
Анан жолго кирсем -деп,
Таба албай жүрөт Каратты.
Айласы кетип Карагул,
Кылган иши мына бул,
Таң агарып калганда,
Чаң басылып калганда,
Көрбөгөн адам арманда.
Кабар тийип Коңурга,
Алтын тактын үстүнөн,
Ала салып жыгылып,
Аңга башы тыгылып,
Көмөлөнүп жыгылып,
Көргө башы тыгылып,
Белгилүү күлүк Каратты
Белиме байлап албадым.
Ушу бир менин арманым.
Айтылуу күлүк Кара атым
Аса байлап салбадым,
Ушу менин арманып.
Деп ушинтип Коңурбай,
Айласы кетти момундай,
Алиги жүргөн Карагул,
Кабарынан болуңуз.
Алгараны имерип,
Азыр кармай калды эми,
Ыргып минди үстүнө
Корүнөөгө чыкты эми.
Атаганат дүнүйө,
Кара боолу укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Келтирейин кезини,
Көрүнөйүн көзүнө,
Бир түшөйүн эсине.
Укурук менен бир салып,
Жонунан анан түшөйүн.
Ошону ойлоп Карагул,
Эми чыкты мына бул.
Кара боолу укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Алмамбет сындуу төрөгө
Тартып бир өттү эми эле.
Башына бакан чалынып,
Эсинен Алмаң жаңылып,
Мас болгондой деңгиреп,
Ата канат дүнүйө,
Белгилүү күлүк Кара аты,
Безе бир качуу адаты,
Айтылуу күлүк Кара аты,
Качып кетчү адаты.
Ошону ойлоп Алмамбет,
Иш бузулуп калганда,
Карт күрөң тетири жолго салганда,
Тегеренип алыптыр,

Колдо жаткан ажыдаар,
Жылкынын баары арт жактан,
Жылдырбай баарын кармаптыр.
Конурбай байкап тыншаса,
Алгаранын дүбүртү,
Кулагына угулду.
Уккан жерден Коңурбай,
Ыргып туруп оордунан.
Азыр чыкты момундай.
Кашындагы балбандар.
Желдеттери бир канча
Балбандарын чакырып,
Алгараны качырып,
Карагулдан жан чыгып.
Сүзө качып Карагул,
Түп Бээжиндин түбүндө,
Ошо бойдон Алгара
Жоголуп арып житүүчү,
Буга кандай буудан жетүүчү.
Айланайын балбандар,
Тоодон тосуп кармандар.
Балбандар чыкты көчөгө,
Бири кендир, бири кыл,
Алты катар арканды,
Алптар тосуп алганы.
Алам саат болгунча,
Ачып көздү жумганча,
Кирип барды Карагул,
Катарлап тоскон арканды
Жулуп алып мына бул,
Дагы жолго кирди эми.
Астынан тосуп Коңурбай,
Кылар иши момундай,
Суулугунан бек кармап,
Сүйрөлүп барат бир кыйла,
Ар жагында бир чынар
Чынарды тээп булкунтуп,
Кармап бир калды жулкунтуп.
Коңурбай туруп кеп айтат,
Катар киймин кескилеп,
Өлгөн жанын тиргиздиң,
Өз атымды мингиздиң.
Айланайын Карагул,
Алгара атым жорголоп,
Ырысым менин бир толуп,
Туубай тупа чогойүп,
Тумшугу жок кара жан,
Артынан калбай жөнөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Өтүп кетти кордугу,
Алмамбеттин зордугу.
Жайкы чилде Ындыстан,
Жылкысын алып жылдыздан,
Мунусун да аткаргам,
Чыландын жолун чалды эле,
Чайымды кармап алды эле.

Анысын да аткаргам,
Кечоо,Кокотойдун ашында,
Көп жыйындын башында,
Камындырбай өзүмдү
Манасы жыга коюп кетти элс.
Анысын да аткаргам,
Жылжытып айдап Бээжинден,
Жылкым тийип кеткени,
Ажалынын жеткени.
Ушу бойдон жүрбөсөм,
Же, Алмамбеттен өлбөсөм,
Канатым барда учайын,
Кара атым барда сызайын.
Ошону айтты Коңурбай.
Арт жагында аскери,
Келе берсин момундай,
Айтып коюп Коңурбай,
Азыр жолго салганы.
Качкыны жаңы качкандай,
Катынын кара баскандай,
Куугуну жаңы куугандай,
Катыны уул туугандай,
Тоокараны чуратып,
Топурагын буратып,
Астындагы Алгара
Алып учкан шумкардай.
Үстүндөгү Коңурбай
Түптөлүү кара чынардай.
Кара башыл бендеси
Мындай адам чыгарбы ай.
Топчулугу бир тогуз,
Үйдөй болгон ит доңуз,
Топчулугу бир тогуз,
Тоодой болгон ит доңуз,
Сакалы саксак күрпүдөй,
Өңү тилке өпкөдөй,
Мурду башы ороодой,
Эки көзүн карасаң
Буудайга ачкан ороодой.
Тулку боюн карасаң,
Баткактан салган олодой.
Алгаранын күү менен,
Чыгышканда чуу менен,
Чыгып келди Коңурбай.
Ажыдаары арбактыр,
Жылкысын эми кармаптыр.
Ойдо томон жылдырып,
Изин чалып Коңурбай,
Как ушинтип калганда,
Көрбөгөн адам арманда.
Алмамбет, Чубак эки эр,
Өзү баатыр сен кара,
Аны Алмамбет билди эми.
Ажыдаары арбады,
Жылкыны эми кармады.
Кудай урду күрөңдү,

Иш бузулган башында.
Ордок колдон кутулган,
Ошондо ишим бузулган,
Ошону айтып Алакен,
Бир семизди кармады.
Коштоп алып бул экөө,
Айдап бир жолго салганы,
Манасты көрбөй калганы.
Көргөндөрдөн кеп уктум,
Кытайлардын Коңурбай,
Кечилдин каны Чоң калдай,
Бул алтүнү кеп уктум.
Келеркиде келмекке,
Төрт тоодон ары сүрмөккө,
Чек ара кылып бир жерди
Ошо жерде турмакка,
Келип калса сүроттоп,
Кылбаганды кылмак -деп,
Ошону ойлоп жүрөмүн,
Кара уулумдай көрөмүн.
Алтын тонун бар жакшы,
Бир жапырып салсакчы.
Кандай дейсиң кандарым?
Ошуреки айтканда,
Баары дагы макул -деп,
Баатыр Манас эрибиз,
Айтканына көнөбүз.
Ошону айтып салганда,

Баары макул куп дешип,
Эки доонун кырк миң кол,
Бакай кандын он миң кол,
Кырк чорого кырк миң кол,
Токсон миң аскер козголду,
Толуп жаткан эл болду,
Токсон миң атка ок артып,
Тумандай чаңын агартып,
Союшуна жылкы айдап,
Толуп жаткан мал алып,
Күл азыктан чоң алып,
Куралды катуу жыйнашып,
Желмаянын чөгөрүп,
Иншштеринөңөрүп
Каамынып гана жүрмөк болушту.
Ошондо Манас кеп айтат,
Ээ, калайык деп айтат.
Толуп жаткан эл болду,
Толуп жаткан кол болду,
Май оороктан мал өлөт,
Эрегиштен эр өлөт,
Эсеби жок жаманды,
Элге журтка алабы,
Бир бастырып калалы,
Конко журтка алалы,
Кон бастыгын салалы,
Ээ, Алмамбет жол чалсын-деп,

Жол баштаган Алмамбет.
Корүп жүргөн козү бар,
Жолду билген Алмамбет,
Кан көтөрүп алалы.
Канын жууган кылалы.
Бакай канда карылык,
Айткан менен бололу,
Айткан жолго жүрөлү,
Сен Алмамбет бир жаным,
Ич өрттөнүп от жалын,
Кандай болсо баатыр -дейт.
Он кишиге бир киши,
Жоопту болсун макул- дейт,
Он башы аны иши дейт,
Билип алсын киши -дейт.
Элүү башы шайлады,
Элүү киши бир киши,
Жооп берет ал киши.
Жүз башыны шайлады,
Жүз адамга бир киши,
Жооп берип турушу.
Миң башыны шайлайлы,
Миң кишиге бир киши
Жооп берсин Бакайга.
Эсептелсин ал киши,
Эмесе маакул куп дешти.
Баарын шайлап салды эми.
Эми жолго чыгышып,
Тумандай чаңын карартып,
Токсон миң барат ушунда,
Бээжинди көздөй жөнөдү.
Анда Алмамбет кеп айтат:
Бу жүрүш менен болбойт -деп,
Өгүз өтмөк, тай өтмөк,
Орүшү бүтүп калуучу,
Анан жыл айланып алуучу,
Канткенде Бээжин баруучу.
Өгүз өтмөк, тай өтмөк,
Өлбөстөн өтүп алсак дейм.
Андан ары ойлосом,
Жайы менен кышы бар,
Учуп өлчү жолдор көп.
Ошону айтып Алмамбет,
Аябай көп жол жүрдү,
Ат аябай мол жүрдү,
Огүз отмок, тай отпос,
Отүп алды каныбыз.
Өтүп кеттик Кара Шор,
Жер соорусу так ошол,
Жер майышкан калың кол,
Барып жаткан жер ошол.
Ошо жерден карасаң
Төрт түлүгү чаташып,
Мини барат мыкташып,
Эр өлүгүн бир басып,
Түшө калышат каңтарып.

Ажалың жетсе жан тайып,
Кара кече жол тайып,
Жатып бир кана калды калың эл.
Как ушундай тамаша,
Ырысына жараша,
Эл жериңди көрдүңбү,
Аман эсен келдиңби?
Текшерүү жүрүп калганда,
Он башысы орондоп,
Чапкылап жүрөт сорондоп.
Жүз башысы жүдөттү,
Эл эсебин алалбай,
Каяктан жоону түгөттү.
Миң башысы элеңдеп,
Көзүнүн жашы бириндеп,
Баарын эсептеп көргөндө
Түгөл чыкты эсен деп,
Сүйүнүп жүргөн андан көп.
Аман чыкты калкым -деп,
Сүйүшүп жүргөн андан көп.
Ошо жерде Тазбаймат,
Он башынын бири экен,
Бир кишиси жок экен.
Ойдо тоодо чапкылап,
Таппай жүрөт бир киши.
Эми кандай кылам -деп,
Башымды жулуп салат -деп,
Бир балаага каламбы?
Таппай жүрүм бир киши.
Жар чакырып эл ичин,
Сурап жүрөт Тазбаймат,
Бир кишисин табалбай,
Сурап жүрөт Тазбаймат.
Андан ары кеп айтат:
Ээ бири кем Тазбаймат,
Бир кишиң жок болсо,
Эл арасын карагын.
Мынабу Бакай сенде эмеспи,
Алмамбет сенде эмеспи,
Чубак, Сыргак дагы бар,
Ушундай мыктылардын баары бар,
Өзүм менен толук дейт.
Аа эл башчысы сен болсоң,
Өзүңдөн чыккан кем болсоң,
Он башы таажы сен болсоң,
Оюндан чыккан мен болсом,
Ээ, Алмамбет кыраанын,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Эки жагын каранып,
Ээрди башын жалашып,
Кыл мурутун таранып,
Арасан жолго салды эми.
Үзөңгүсү кагышып,
Эр Сыргак менен жарышып,
Кирип келди бир жерге

Барбалаңдап Алмамбет.
Бура тартып ар жакка,
Көрүнүп турган көк талаа,
Жолойдун талаасына барганда,
Жолой абам арманда,
Түмпүйүп чыккан бир терек,
Теректи көрүп Алмамбет,
Чынарды көздөй бурулду.
Бура тартып барганда,
Чынар бир көрүп алганда,
Аттан түшүп алчайып,
Оолжуй чыгып кол жайып,
Оо, чынарды барып кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап.
Оо, алабаш аттуу айбалта
Как бөйрөккө таянып,
Кош бөйрөгү бүлкүлдөп,
Ыйлап бир турду Алмамбет.
Баягыны көргөндө,
Жанындагы Сыргагы,
Атка жеңил чыйрагы,
Капырай иш бузулуп кетти эми.
Чын эле динден кайтабы?
Минтип жүрсө Алмамбет,
Акыры мени айтабы.
Бул эмине жоругу,
Айтканда сөзү узарып,
Кузгундай көзү кызарып,
Көк теке менен качканда,
Чубак, Манас баатырга
Эптеп качып жетсемби,
Качкан менен нетемин,
Кантип кутулуп кетемин.
Сараланы минбейби,
Артыңдан Алмамбет келбейби.
Найза менен эптейби,
Мен артыман жетпейби.
Ар кайсыны ойлонуп,
Заманасы куурулуп,
Сыргак турду ойлонуп,
Бир убакыт болгондо,
Эр Алмамбет көк жалың
Кайра эле кайрат кылды эми.
Айланайын Сыргагым,
Антип бир гана турбагын.
Ойноо бала кезиңде,
Ойноп бир сайган бир чыпык,
Чыпыгың чынар оо болуптур Сыргак.
Чымчыктар ойноп конуптур Сыргак!
Бир бутагы кайрылып,
Күндүн бир көзүн жай кылып,
Түбүнө булбул конуптур,
Чынарды бирин кыйыптыр,
Отун кылып жыйыптыр.

Кытайлардын чоту ушул,

Коңурбай менен чоттоптур,

Гүл багыңдын баарысын,

Коңурбай ойрон оттоптур.

Бир чынарды коюптур

Гүл багың кыйрап

Кор болду го Сыргак!

Бу шаардын ичинде,

Кимге ушунча ,

Зор болду Сыргак!

Дубалың ураган,

Зор болгон Сыргак,

Бу шаардын ичинде,

Тууганым урап көр болду.

Чын окуя жанынан,

Чымындай жандын айынан,

Таштаган экен журттарын.

Талак кылып буттарын.

Байгамбар ак, диним ак,

Башка төгүн өлүм ак,

Кайрадан кайрат кылды эми.

Мен тургай башаадан калган алтын так.

Ээй, Алмамбет, Сыргак кетишип,

Манаска бара жатканда,

Алиги чыккан Коңурбай,

Кылаар иши момундай,

Сараланын артынан,

Артынан түшүп Коңурбай,

Аяллабай жеткени.

Арыстан көздүү бала экен,

Атаганат дүнүйө.

Жете ачынган Коңурбай,

Келе жатат Коңурбай,

Келе жатат көрдүңбү.

Ошо кезде Алмамбет,

Туулганы жоодон качпаган,

Душманга колтук ачпаган,

Акылынани шашпаган,

Эр Алмамбет кок жалың,

Көзүнөн чыгып от жалын,

Атаганат дүнүйө,

Бир түшөйүн эсине!

Ошону ойлоп Алакен,

Жакшы бир жерден жолуктум,

Бир армансыз болот -деп,

Капкайдагы кегимди,

Алаар бекем дүнүйө,

Капкайдагы өчүмдөн

Канар бекем дүнүйө.

Ошону ойлоп Алакен,

Ар жагында бир деме,

Жашынып тура калганы.

Жакын кирип калганда,

Эр Алмамбет акырып,

Астынан чыкты кыйкырып.

Сарала атты камчылап,
Көзүнөн жаны тамчылап,
Илгери өткөн бир жерде,
Азирет Аалы шерлерге,
Колдой көргүн бүгүн -деп,
Бүгүндөн кийин төгүн -деп,
Алдыңкы эрдин кашы -деп,
Айбалканын башы- деп,
Кемердин өйдө тушу -деп,
Өлөр бир жери ушул- деп,
Алып келип найзаны
Алып келип бек сайды,
Аны менен ала албай,
Айбалта колго алды эми,
Чокуга болжоп салды эми,
Кыйгап бир өтүп калды эми.
Ошо кезде Коңурбай,
Олоң- солоң этти эми,
Чукулунан найза жеп,
Эти ачышып кеткени.
Алмамбеттин артынан,
Чыгып алды чуу менен,
Алгаранын күү менен,
Токсон кулач оор найза,
Толгой кармап Коңурбай,
Сыр найза кармап момундай,
Ай далынын бети -деп,
Эми ажалы жетти -деп,
Жетпегенде нетти -деп,
Найзанын учун жиберип,
Алгара барат имерип,
Эр Алмамбет көк жалың
Артын карап калганда,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Түпөгүнөн бек кармап,
Сарала мойнун салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Коңурбай түпкө жетти -деп,
Сыргагым кайда кетти -деп,
Эр Сыргакты карасаң,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Көктеке атты камчылап,
Эми кантип жетем -деп,
Ажыратып өтсөм-деп,
Эки буту тепеңдеп,
Эңкейиш жерге барганда,
Имерилип калганда,
Капталдан Сыргак жеткени,
Капталга найза муштады,
Найза катуу жеткени,
Кок күрмө деген зооту,
Которулуп калганда,
Ачык жерге сайганда,
Капталга тийип найзасы
Каражан көзгө көрүнүп,
Канжыга ылдый кара кан

Кара жерге тогулуп,
Аялдабай жеткени,
Ажыратып өткөнү,
Сыргактын эрдиги эмей неткени.
Саяр жерин кыбалап,
Коңурбайды кубалап,
Коңурбай качып жоноду.
Безилдеген Кара аты,
Безе каччу адаты.
Сарала атты камчылап,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Оозун жаман карманды,
Жетпей бир барат арманда.
Узагандан узады,
Узап барат Коңурбай.
Түп Бээжинге кирсе эгер,
Сүрө кууп алмакка,
Алакең барат момундай.
Аны таштап коюңуз,
Ар жагында аскердин
Кабарынан болуңуз.
Туура жактан чуу чыгат,
Булдуруктап унчугат,
Каптал жактан чуу чыгат,
Кангайлап калмак унчугат.
Ал аскерди көргөндө,
Алгаранын үстүнөн
Аласалып жыгылды,
Арыкка башы тыгылды.
Жыгылаарын билинтип,
Чылбырын белге илинтип,
Ийиктей болуп Алгара
Имерилип туруптур.
Аскер келип калганы,
Коро саал Коңурду,
Кудай уруп салган бейм,
Кайран бир каным өлгөнбү,
Караңгы жайды көргөмбү.
Алтоо жетөө келеби,
Алдап кармап алганбы,
Атка жүктөп салганбы,
Кытайлардын баарысы
Келип калды буркурап,
Коңурбайдын үстүнө
Чогулуп калды чуркурап,
Тамырын кармай салды эми.
Жаны тирүү экен -деп,
Бу турушуң бекер- деп,
Кытайдын кырма дарысын
Кыябы менен бергенде,
Оорудан откон дарысын,
Оозунан куюп алганда,
Оңолуп Конур турганы.
Момуядан мол берип,
Ар дарыдан чоң берип,
Оңолуп туруп ордунан

Коңурбай доңуз бакырып,

Аскерин жыйнап чакырат.

Отүп кетти кордугу.

Алмамбеттин зордугу,

Туубай туна чөгөйүн,

Тумшугу жок кара кул

Артынан калбай жонойүн.

Ошону ойлоп Коңурбай,

Аскер келип калганы.

Курттай кайнап быкылдап,

Аскер келди кылкылдап,

Келип жатат момундай,

Көптүгүнө көз жетпейт,

Чегирткенин көрүндөй,

Көдөргүнүн четинде,

Күйгөн Үңкүр көтүндө,

Күн чыгыш жакка бетинде,

Тогүвү чыныбы ким билет,

Жолойдун уулу Торобек,

Атчан колун беришип,

Колундагы шакеги

Он эки карыш туулгадай.

Колуна тийген пендени

Жерге чабат булгабай.

Чечекейи чарадай,

Бу да келип кошулуп,

Манжурия жердеген,

Күмөн шаза эл деген,

Келип жатат момундай.

Анийимчи маңгиси,

Катыны жок аңгиси,

Атты алыс кармаган,

Тоону жаза сермеген,

Дөөлөрү келип бир катар,

Санак жетпей сан аскер

Келип жатат момундай.

Аны таштап коюнуз,

Алиги, калган Алмамбет,
Сыргак,

Кабарынан болуңуз.

Кайра бир барды Манаска,

Ошондо Алмамбет кеп айтат:

Айколум батыр деп айтат.

Айтсам бир тилим албайсың,

Эми да жайың кандайсың.

Обу жок колдо кутурган,

Ошондо ишим бузулган,

Өткөндө канга чай берди

Очтошуп жүргөн кытайга,

Окүнүү кылып сайдырбай,

Оён бир колун санабай,

Коңурбай көөнүн тындырбай,

Бегиндин тилин сындырбай,

Бегиндин көөнүн тындырбай,

Жүрү баатыр кетели,

Жылкыдан эми кечели.

Ит урушун салайын,
Мен артыңдан калайын.
Бакайдын жүзүн көрбөсөң,
Аккула атты минбесен,
Аколпок тонун кийбесен,
Арманда болуп Алтайда
Акыретти корбойүн.
Ошону айтып Алмамбет,
Алмамбет айтты далай кеп.
Ал аңгыча болбоду,
Аскер келип күркүрөп,
Астынан кедей бала айдап
Артынан келет чуркурап.
Аскер кирип келгенде,
Аны Манас көргөнү.
Туулганы жоодон качпаган,
Душманга колтук ачпаган,
Акылынан шашпаган,
Айколүн Манас болбоду.
Астында жүрөт кылактап,
Найза колго сороктоп,
Коңурбайды көргөндө
Болбос жагын кылды эми.
Астындагы Айбанбоз,
Аттанды атты камчылап,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Бабакан деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Качырып кирди кок жалың.
Айкол Манас тороңуз
Качырганы камандай,
Ирмегени илбирстей,
Жойлогону жолборстой,
Качырып кирди аскерге.
Астына кире бергенде,
Найза менен найзалап,
Капталынан киргенде,
Албарс менен кайсалап,
Бөрү көргөн эмедей,
Койго тийген бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй,
Жактырып Жапар Кудайды.
Аралап кирип жоо сайды.
Бөлөк- бөлөк болду эми,
Бөрү тийген эмедей
Тополоңун тоз кылып,
Чаң асманга созулуп,
Кыргын кылып кытайды,
Жат кылып Жапар Кудайды,
Аралап далай жоо сайды.
Эр Алманды карасаң,
Ач кыргыйдай чамынып,
Анда санда бакырып,
Аскерин кайра жапырып,
Эр Чубакты карасаң,
Бу да жүрөт булгутуп,

Кок чунак атты чулгутуп.
Найза менен найзалап,
Албарс менен кайсалап.
Төртөө кирди жарышып,
Тийс кошуп калышып,
Коңурбайды карасаң
Коркуп калган Коңурбай,
Жолой албай момундай.
Коңурбай жүрөт колоктоп,
Чет жагында сороктоп.
Аянып пенде калган жок,
Ар ишинде арман жок,
Кээ бирөөсүн карасаң
Аябай найза сайышып.
Башын кесип алышып,
Берендер жүрөт чулгутуп.
Эмчекке  найза малышып,
Кокту толо кырышып,
Кой өлүгү кылышып,
Жылкы толо кырышып,
Жылкы өлүгү кылышып.
Ажыдаардай аркайып,
Ат өлүмү андан көп.
Муруттары чычайып,
Эр өлүмү андан көп.
Далай кытай карасаң
Өлүгү калды жер жайнап.
Муруту калды кан чайкап.
А күнү шонтип күн батты.
Эр Алмамбет карасаң,
Кара тоонун бурчуктан,
Каңшаар тоонун урчуктан,
Тоо жакалап барды эми.
Кара Үңкүрдүн бери жагы,
Каңгап тоонун түбүнө
Түнөп калды көк жалың.
Аскер келип буркурап,
Айланасын караса,
Атты курчап алды эми.
Желке жакты карасаң,
Жерди курчап калды эми.
Каптап бир өтөр санак жок,
Учуп бир кетээр канат жок,
Айла бир кандай болуучу?
Тараза батты таң атты,
Таң саргарып атканда,
Балапан торгой чуркурап,
Теректин башы дыркырап,
Сары жел жүрдү ыркырап,
Калың кытай чуркурап.
Алмамбет Манас эки шер,
Чубак, Сыргак ашкан эр,
Атка минип алышты,
Тизе кошуп жарышты.
Аралап кирип кытайды,
Жат кылып Жапар кудайды,

Аралап канча жоо сайды.

Кайра келип үңкүргө,

Кайра келди корголоп,

Көздөн жашы шорголоп.

Күпсөрдөн дары күбүлүп,

Баатырлар жандан түңүлүп,

Кутуда дары куруптур,

Айласы кетип туруптур.

Бир сындыраар наны жок,

Бит сыгаарга каруу жок,

Айласы кетип туруптур.

Анда санда бакырып,

Үңкүрдөн чыгып жаңырып,

Далайын кырып көкжалдар,

Кайра кирип үңкүргө

Зоо бакалап жатышып,

Амалы кетип турганда,

Ал Алмамбет түшүндү.

Кара Үңкүрдүн жанынан,

Казып жатат кытайлар.

Дары төгүп учуруп,

Тоосу менен томкоруп,

Ою менен омкоруп,

Ушу жерде жок калып,

Ошону ойлоп иш кылып,

Бул Манас, Алмамбет жаман - дейт.

Жаралуу каман дейт,

Жана барсаңолосуң,

Жамандыкты коросуң.

Айласы кетип калганда,

Ошондо Алман ойлонот,

Айланайын Сыргагым,

Атка бир жеңил чыйрагым,

Ошо Сарала атты сен минип,

Сайылып жолго кирбесең,

Акыры Бакайдын жүзүн көрбөсөң.

Иш бузулду билбесең,

Казып жатат кытайлар

Дары төгүп учуруп,

Тоосу менен томкоруп,

Ою менен омкоруп.

Жети кылым салса капташып,

Түн боюнча качкын -деп.

Ажалың жетсе өлөөрсүң,

Аман кел деп күтүнсөм,

Бакайдын жүзүн көрөөрсүң.

Эр Сыргакты карасаң

Кандагайын шымданып,

Жоо жүргөндөй шайланып.

Сарала атты минди эми.

Күүгүм кирс күн бата,

Айкырып жоого кирди эми.

Аралашып калганда,

Көрбөгөн адам арманда,

Арт жагынан Алмамбет
Багалеги балбаңдап,
Ач кыйкырык куу сүрөн
Айгайды катуу салды эми.
Атайын десе дүрмөт жок
Кайра бир качып калды эми.
Эр Сыргакты карасаң,
Астына кире бергенди.
Найза менен найзалап
Капталынан киргени.
Албарс менен кайсалап,
Койго тийген бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй,
Жат кылып Жапар Кудайды,
Аралаш кирип жоо сайды.
Кармашып жүрүп эр Сыргак,
Арык койдой тырышып,
Өлдүм талдым дегенеде
Четке чыкты урушуп.
Аскерден чыгып алганда,
Ал Сыргакты сен кара,
Сараланы камчылап,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Качышты көрсөң кор эми.
Аларды таштап коюңуз,
Алиги жаткан калың эл,
Кабарынан болуңуз.
Ошо кезде кан Бакай

Кузгундай көзү кызарган,
Кулжадай мойну узарган,
Уктай албай ойлонуп,
Эчен түркүн толгонуп,
Бир ажайып иш көрүп,
Уктап кетип түш көрүп,
Чочуп бир туруп ордунан.
Таң атырбай кан Бакай
Боз дөбөнүн башында,
Болкулдап Бакай ошондо
Турган экен эр Бакай.
Корпочону алдырып,
Төргө узун салдырып,
Дарычыны алдырып,
Дарычыдан кеп сурайт.
Ак байдалуу далычы
Далыңдан айтып берсеңчи?
Толгочу кара Тологом
Толгоңду тартчы коройун.
Баягы жолоочу кеткен жолборстор
Ашкере жолу болбостур.
Жолунан жортуулчу чыгып оңдоптур.
Алыска кеткен арыстандар,
Ашкере жолу болбоптур,
Астынан андуучу чыгып оңдонуп.
Түндө бир жатып түш көрдүм,

Түшүмдө ажайыптуу иш көрдүм,

Канжыгадан баш көрдүм,

Көөкөргө куйган кан көрдүм,

Асмандан учкан шам көрдүм.

Бул эмине болуучу,

Бул түшүмдү жоруучу?

Ак байдалуу далычы,

Далыңдан айтып берсеңчи?

Таң саргарып атканда,

Тараза жылдыз батканда,

Төлгөчү турат кобурап ,

Толгосун тарткан күбүрөп,

Төбүрөбөй турчу -дейт,

Бул иштн коштоп ары урчу–дейт.

Ак байдалуу далычы,

Далыңдан айтып берсеңчи?

Далычы турат далпылдап,

Далысынан кеп сурап.

Далың менен куручу,

Далпылдабай туруучу,

Жаактан ары уруучу,

Болду көөнү башында.

Болкулдап Бакай ошондо,

Арадан күн, түн өтүптүр.

Эр Сыргагың ошондо,

Куу тобого жетиптир.

Сараланы карасан,

Сайылып түшкөн сагызган.

Сагызганга жеткирбей,

Учкан куш менен жарышкан.

Көрүнгөндө көрүнүп,

Көрүнбөсө ал Сыргак,

Көк түтүндөй керилип,

Жетип барды Бакайга.

Бакайды көрүп эр Сыргак,

Түшөмүн деп түшө албай,

Аттапкоол жыгылып,

Арыкка башы тыгылып,

Абайлап Бакай караса,

Айрылбаган башы жок,

Алжайбаган башы жок.

Качанкы каны катыптыр,

Азапка башы батыптыр,

Көрүп алып эр Бакай

Айтпайсыңбы сөзүңдү, Сыргак,

Ачпайсыңбы көзүңдү, Сыргак!

Баятан бери абалап,

Баатырларды өлтүрдүң

Турасыңбы жер табалап.

Жаака бир чапканда,

Чоочуп кетип эр Сыргак,

Аман эсен барбы –деп,

Ааламдан чыккан карбы –деп,

Айтып турду кан Бакай.

Аман эсен бар деди,

Кара Үңкүргө камалды,
Өзүң танкып амалды,
Баягы кепти укканда,
Ошондо Бакай кеп айтат:
Ээй, Сыргагым –деп айтат.
Бадышанын нөкөрү,
Баары бирдей кырк бөрү,
Кырк чоро кайда Кыргыл -деп.
Кыйланы кылган дыңгыл –деп,
Ошондо Бакай кеп айтат,
Оо, калайык деп айтат.
Манастын жайын айтпаңар,
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектерден Жамгырчы,
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын жээни Жүгөрү,
Айдаркандан эр Көкчө,
Жамгырчы баштап карачы,
Жети дөөнүн баарысы,
Качан биздин эл эле?
Манастан корккону нан келди эле.
Манастын жайын укпасын
Укса салат кызыкты,
Ушулар салат бузукту.
Кайра тартып барбайлы.
Таласыңды талкалап,
Күн коргонун күпөөлөп,
Ыйлатпайлы балаңды,
Кыйратпайлы калааңды.
Качырып сайып туйлатып,
Катын, кызды ыйлатып,
Кыйынды шондо салбайбы.
Ошону ойлоп кан Бакай,
Дудук болуп дүмпүйүп,
Унчукпай Сыргак бултуюп,
Өзүн атып аламын,
Элин жолго саламын,
Ошондо Бакай барды бакырып,
Жер дүйнөнү сапырып,
Сүйүнчү, журтум сүйүнчү!
Тон өтүгүң кийинчи,
Баягы Алмаң барыптыр
Кара малды көп айдап,
Айлай албай келатат.
Алааматтын жогунан
Алтын күмүш көп алып,
Тарта албай келатат.
Калың жылкы көп алып,
Айдай албай келалат.
Сүйүнчү, журтум сүйүнчү!
Тон өтүгүң кийинчи.
Кан Бакайдын он миң кол,
Кырк чоронун кырк миң кол,
Астына түштү кылкылдап.

Желеги туудан болүнбой,
Жердин жүзү корүнбой,
Жеңирилген кол болду,
Аз гана эмес мол болду.
Жети дөөнүн баарысы,
Жамгырчы баштап карысы,
Суу акпаган кең сайдан,
Сурнай тартып кернайдан,
Лыкылдаган калың кол
Жөнөп калды ар кайдан.
Ээ, желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү корүнбой,
Токсон миң аскер кол болгон,
Толуп жаткан эр болгон.
Тумандай чаңын карартып,
Токсон пилге дары артып,
Жонөп калды калың эл.
Күндөп -түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Бир кылт этип суу ичпей,
Аманат жаны күн кечпей,
Ат кырт этип чөп жебей,
Чөп жегенде көп жебей,
Катуу жүрүп салды эми.
Арадан бир топ күн өтүп,
Түн жамынып барды эле.
Таң атаары астында
Таңдын нуру себелеп,
Барып калды кан Бакай.
Ошо жерге барганда,
Көрбөгөн адам арманда,
Капырай төмөн жакта чуу чыгат,
Төрө, бек деп үнчүгат,
Каптал жактан чуу чыгат,
Каңгайлап калмак үнчүгат.
Жалаяр үнү жаңырып.
Замбирек үнү дүңгүрөп,
Мылтык атып тырсылдап,
Кытайдын үнү кыйкырып,
Кыжылдашып чуркурайт.
Анда да Манастан кабар жок.
Жети дөөнүн баарысы,
Жамгырычы баштап карысы.
Баары турду чогулуп.
Ошондо билип алышты,
Атаңдын короо дүнүйө,
Оңбогон кургур оңбойсуң,
Эгерде эки болбойсуң,
Айтып бир келген сөзүн көр,
Алдап бир келген өзүн көр
Кайра тартып барсакпы.
Кум коргонун куйкалап,
Таласты барып талкалап,
Манастын жерин чапсакпы.
Ошону ойлоп кеңешип
Кеңеш куруп турганда,

Анда бироокеп айтат:
Ай, ай байкагыла-деп айтат.
Каапыр менен мусулман,
Каршы алышып турганда,
Кайра тарткан жери бар.
Акыретке барганда,
Байгамбарды унуткарып,
Кантип көрө алабыз.
Казаттан кайра качкан -деп,
Жамандыкка барабыз,
Тозокко түшүп калаарбыз.
Мында айла не болот,
Мусулман динин бурбайлы,
Ушу жерге турбайлы,
Казатка кирбесе болбойт -деп,
Акыры зили оңбойт -деп,
Каапыр менен мусулман,
Каршы алышып турганда,
Кайра качкан дебейби.
Акыретке барганда,
Алланын ыракматынан,
Баарынан куру дебейби.
Ошону айтып алышты,
Намыз кылып калышты.
Эми кетип буркурап,
Баары кирди чуркурап,
Каптап кирип мусулман,
Суудай бир агып кызыл кан,
Карып бир жанга бир азап,
Ушинтип болгон чоң казат.
Кокту толо кырышып,
Кой өлүмү кылышып,
Жылга толо кырышып,
Жылкы өлүмү кылышып,
Угарга сонун кеп болгон.
Чуу чыкканда көк жалың,
Айбанбозду миниптир,
Эр Алмамбет көкжалың
Көктекс менен камчылап,
Жүргөн жери кыйкырык,
Кирип калган бакырып,
Калың калмак жапырып,
Көрө коюп Коңурбай
Астында жок Аккула,
Үстүндө жок Аколпок,
Таашый салып Коңурбай,
Келтирейин кезинди,
Көрүнөйүн көзүнө,
Бир түшөйүн эсине деп,
Айкөл Манаска
Качырып найза сайганы.
Алгаранын күү менен,
Чыгышканда чуу менен,
Токсон кулач сыр найза
Толгой кармап Коңурбай,
Сексен кулач сыр найза.

Серпий кармап момундай,
Айдалынын бети –деп,
Эми ажалы жетти –деп,
Жетпегенде нетти –деп,
Анан келип бек сайды.
Алгара барат чидерип.
Найзамын учун имерип,
Ошондо Манас көк жалың
Түпөгүнөн бек кармап,
Түртүп барат өбөктөп,
Айбанбоз жалын жөлөктөп,
Айбанбоз мойнун салаалап,
Көзүнүн жашы талаалап,
Түпөгүнөн түрткөнү,
Аны Алмамбет көргөнү.
Көрө коюп Алакең,
Коктеке атты камчылап,
Козүнүн жашы тамчылап,
Капталынан жетти эми,
Найза менен бир коюп,
Ажыратып өттү эми.
Ошондо Манас көк жалың,
Билеги күчтүү балбаны,
Ар душманды алган кол,
Тиктегенде мерген уул,
Тилегин кудай берген кул,
Түпөгүнөн бек кармап
Коңурбайдын айзасын,
Жулуп алды кок жалың.
Эрдигинен когорүп,
Озүнө найза өңөрүп,
Жүргөн эсен көтөрүп.
Кайра барды үңкүргө,
Үңкүргө келип калганы,
Кокуй баатыр не болду,
Акылың кайда жоголду?
Ак олпок соот кийбепсиң,
Аккула атты минбепсиң,
Коңурбай сырын билбейсиң.
Олүп калса баары олот,
Төрөсүөлсө баары өлөт,
Ай баткандай кыйбагын.
Чоросу өлсө бири өлөт.
Өлүп калса Алмамбет,
Кой териси эмеспи.
Тирүү жүрсө Алмамбет,
Жоо борүсү эмеспи,
Чыкпай тургун үңкүрдөн,
Кайра – кайра кеп айтып,
Уккун баатыр деп айтып,
Ошенетип жүргөндо
Алиги жүргон кан Бакай
Кабарынан болунуз.
Эр Сыргакты ээрчитип,
Таппайсыңбы Манасты.
Ачпайсыңбы көзүңдү,

Копчүлүктөн болунуп,
Аралап келет эр Бакай.
Тор кунанын булкунтуп,
Оң жагына жулкунтуп,
Кирип келди эр Бакай.
Бакай келди бакырып,
Жердин үстүн сапырып,
Балам Манас барсыңбы,
Ааламдан чыккан карсыңбы?
Бакайдын үнүн укканда,
Үңкүрдөн чыкты үңкүйүп.
Абаке Бакай аманбы?
Өлгөн бир жанды тиргиздиң,
Өз атымды мингиздиң.
Тон кийбеген төрөңдүн,
Тоо кара терди сазайын.
Тозокту минтип тарткамын,
Ат минбеген төрөңдүн,
Алгара берди сазайын,
Азапты минтип тартайын.
Төрөлөрдүн жумушу,
Болгон экен бул иши.
Өлгөн жанды тиргиздиң,
Ошону айтып айколуң
Аккула атты минди эми,
Ак олпокту кийди эми,
Азыр жолго кирди эми.
Айланасын караса,
Аз гана эмес мол болгон,
Алты курчап кол болгон,
Атаңдын көрү Кан төрө
Коңурбай кайда жүрөт -деп,
Абай салып караса,
Ары бери санаса,
Коңурбай жүрөт колоктоп,
Найза колдо сороктоп,
Коңурбайды көргөндө
Токтоп Манас тура албай,
Ачуусу келип момундай,
Аккуланы камчылап,
Коңурбайды бет алып,
Качырып жөнөп калганда,
Көрбөгөн адам арманда.
Коңурбайды карасаң,
Айкол Манас көргөндө,
Беттешүүгө жарабай,
Качып калды момундай.
Эми качан жетем -деп,
Жетип өзүм кетем -деп,
Аккулага камчы уруп,
Кубалашып алыптыр,
Куйрук улаш болуптур.
Ит кууган түлкүдөй,
Көргөн киши күлчүдөй,
Ары качып салыптыр.
Өйдө көздөй кууп келсе,

Окум экен Аккула.
Ылдый – ылдый жер келсе,
Ылдам экен Аккула.
Эми качан жетем- деп,
Найза менен эзсем -деп,
Ай далынын бети -деп,
Эми ажалы жетти -деп,
Жетпегенде нетти- деп,
Кубалашып алыптыр.
Куйрук улаш болуптур,
Төр кыянын кээ бирде,
Татаал жолго салыптыр.
Жаңырыктын бир жерде
Жалгыз жолго салыптыр,
Коңурбай качып алыптыр.
Ар жагында керүүгө,
Айлампалуу сеңирге,
Айлана чаап бир жерге,
Кубалашып калганда,
Көрбөгөн адам арманда.
Ошо кезде Алмамбет
Атаганат дүйнө-деп,
Белге казган ору бар,
Бейпайга туулган Алмамбет,
Арылбаган шору бар.
Көнүп калган Алгара,
Аттатып алып кетти эми.
Жол көр элек Аккула,
Комолонуп кетпейби,
Ошондо түпкө жетпейби.
Ай батканлай кылабы,
Азаптуу күнгө салабы,
Эми кандай кылам -деп,
Эки жагын каранып,
Эр Сыргакты тапты эми.
Айланайын Сыргагым,
Антип карап турбагын,
Ажалың жеткен убагың.
Алдыңдагы Сарала
Келе бери мага бер.
Сараланы минейин,
Сайылып жолго жүрөйүн.
Сарала атты минди эми,
Эр Алмамбет көк жалың
Манасты коздой жүрдү эми.
Имерилип калганда,
Ийри жолго барганда,
Жаа тарткандай Сарала,
Сарала менен жетти эми.
Айкөл Манас төрөндү,
Суулуганап бек кармап,
Бура тартып кетти эми.
Оозун бекем карманды,
Өксүтүп койду Алмамбет.
Манас калып арманда,
Ачуусу абдан келди эми.

Бу Коңурбай тууганың,

Бооруң ачып калдыбы?

Коё бергин колумду,

Тоспо Алмамбет жолумду!

Деп ушинтип булкунуп,

Аккуланы жулкунтуп,

Ар жагында айколду

Алып келди Алмамбет.

Коңурбай кетит кутулуп.

Ачык күнү тутулуп,

Аттан түшө калды эми.

Эр Алмамбет кок жалын,

Алачыктай бир ташты

Көтөрө калып жерге уруп,

Түбү жок кара зынданды,

Көрө коюп айкөлүң,

Атаганат дүнүйө,

Бизге казган ор экен,

Душманга салган шор экен.

Аттанөттү Алгара,

Кармап калды айкөлүн,

Ошондо Манас кеп айтып,

Эй, Алмамбет деп айтып,

Алтындан жааны буралы,

Ээй айланайын Алмамбет,

Астына кетсем ыраазы,

Көрүп жүргөн көзүндөн,

Айтып жүргөн сөзүндөн,

Айтып жүргөн кебинден,

Кытайды билген эбинден,
Алман.

Карагайдан каршы бүткөн
бутагым,

Кара жаның барында,

Айланайын Алмамбет

Кайгыдан казап жутпадым,

Толгоно бүткөн бутагым,

Толук жаның барында,

Азаптан кайдан жутадың.

Бир тууганды йтууштук,

Кай жерде көңүл сууштук,

Чалгындын баарын чалыштык,

Оюнга бирге барыштык,

Кай жерден көңүл калыштык.

Сөзүн айтып кожурап,

Алмамбет, Манас божурап,

Кайра тартып келгени,

Калың элди карасаң,

Курттай кайнап кыжылдап,

Катуу согуш болуптур.

Төмөн жакта чуу чыгып,

Торобек деп үнчүгүп,

Ошо кезде карасаң

Жети дөөнүн баарысы,

Жамгырчы баштап карысы,

Айгайды катуу салышып,

Айбалтаны алышып,
Чокуга болжоп салышып,
Минтип жүргөн бектерге,
Угарга сонун кептерге,
Найзаны колго алышып,
Аябай найза салышып,
Минтип жүргөн адам көп.
Кокту толо кырышып,
Кой өлүмү кылышып,
Жылга толо кырышып,
Жылкы өлүмү кылышып,
Айрылбаган башы жок,
Аджайбаган кашы жок,
Жедигердин Багышы,
Жетим чалдын Агышы,
Эштектердин Жамгырычы,
Кара жаак эр Үрбү,
Кандын жээни Жүгөрү,
Жай кийгени жалбагай,
Кыш кийгени кындагай,
Айдаркандын эр Калча
Жети дөөнүн баарысы,
Аябай согуш салыптыр.
Азуулары аркайып,
Ат өлүгү андан көп,
Муруттары чычайып,
Эр өлүгү сандан көп.
Аябай согуш салганда,
Корбогон адам арманда,
Үңкүрдө жаткан көп аскер,
Кээ бирөөсүн карасаң,
Уйкулуу көз менен барбандап,
Чоочуп тура калышып,
Чапаным ушул экен деп,
Чылбырын ийин салышып,
Жакасын таппай жарышып,
Минтип жүргөн бектер көп.
Угарга сонун кептер көп.
Кылыч тийип мойнуна,
Кекиртегин мойнунан,
Үзүлгөнү андан көп.
Колум сынып калды -деп,
Кокуйлаган мындан көп.
Бутум сынып калды -деп,
Бай байлаган андан көп.
Катуу согуш болду эми,
Баатырларды карасаң,
Жекеге чыгып чабышып,
Кылычтарын алышып,
Минтип жүргөн бектер көп.
Тоотапандын белинде,
Тогорок чыккан жеринде,
Төрөбек менен эр Төштүк,
Беттешип калган кези экен.
Экөө жеке сайышып,
Кабыргасы кайышып,

Очогүшүп калышып,
Аны менен ала албай
Ай балта колго алышып,
Чокуга болжоп салышып,
Калкандын баарын кабышып,
Аны менен ала албай,
Суурма кылыч колго алып,
Кыя тартып чабышып,
Сабы колдо калышып.
Айрылбаган башы жок,
Алжайбаган кашы жок,
Торобек менен эр Төштүк
Төөтапандын белинде,
Муну менен ала албай,
Бууралардча булкушуп,
Айгырларча жулкушуп,
Ар ишинде арман жок,
Бирин бири ала албай,
Колун баарын кайрышып,
Зоттун баарын айрышып,
Минтип жүргөн адамдар.
Аны менен ала албай,
Аттан түшө калышып,
Жоокүрөштү салышып,
Ондоп солдоп чалышып,
Балбанын жыгып алышып,
Төштүк балбан жециптир.
Төрөбекти жыгам деп,
Жыгып башын кесиптир,
Чалкуйрук менен чалкалап,
Кайра тартты эр Төштүк.
Төрөбек башын кескен соң,
Айгайлаган чуу чыгат,
Алмамбет деп үн чыгат,
Абай кылып караса,
Алмамбетти айлана,
Алты курчап алыптыр.
Жери бөлөк Алманды,
Жети курчап алыптыр.
Ат минбеген жоолору,
Абдан кыйын дөөлөрү,
Алмамбетке асылып,
Айласы кетип Алмамбет,
Анда санда бакырып,
Ач кыйкырык куу сүрөн.
Өшөну салып чакырып,
Как ушинтип калганда,
Баатыр Төштүк келди эми,
Намысын колдон бербеди.
Качырып кирип жоо сайды,
Бөрү тийген эмедей,
Бытыратып болду эми,
Алмамбетке барды эми,
Ажыратып калды эми.
Момундай кызык тамаша,
Алиги согуш кеч болду.

Эл ажырап жатышып,
Кароолду катуу коюшуп,
Топ- топ болуп бөлүнүп,
Караса көзгө көрүнүп,
Карып жанга бир азап
Мына, айтуугa гана калган чоң казат.
Эртеси тараза батты, таң атты.
Теректин башы дыркырап,
Балапан торгой чуркурап,
Таң саргарып дагы атты,
Караса көзгө илинбейт,
Тополоңу тоз болуп,
Түн боюнча көп кытай
Качкан экен созулуп,
Чолго качкан дагы бар,
Көлгө качкан андан көп,
Коңурбайдан дайын жок.
Калган экен көп аскер,
Ошондо Манас келди эми,
Жар чакыртып ийди эми,
Добулду катуу сокту эми.
Бадышанын нөкөрү,
Баары бирдей көк бөрү,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы,
Айланасы аскерди
Имерип айдап алышып,
Калың кыргыз көп калмак
Кытайдагы көп аскер
Баарын жыйып алышты,
Баспас кылып салышты,
Эл тынчыгансып калышты.
Ошондо Манас кеп айтат:
Ээ, калайык -деп айтат.
Эми тынчтык болду -деп.
Урушуңду койгула,
Басылтып алып калың эл
Ошондо Манас муну айтат:
Ээ, калайык- деп айтат.
Коңурбайдын сан жылкы,
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы,
Кош башына бир семиз
Союшуна алгыла.
Бир кишиге он жылкы
Орүшүнө алгыла.
Малданып журтум алгыла!
Жай, жайыңа жаткыла,
Эл -элиңе кайткыла,
Аштык айдап мал багып,
Тынчтык бир калкым жаткыла.
Коңурбайды карасаң,
Бээжинге кирип капкага
Жашынып калган кези экен.
Жайсаңдардын төрөлөр,

Торолорун коро бер,
Жайсандардын тобуран,
Жыйын алып чыгарып,
Конурбайга баргын -деп,
Барып алып келгин -деп,
Жарашабыз эми -деп,
Болду иш басылды.
Көрбөдүк мындай жазымды.
Арачылар барды эми,
Конурбайдан кеп сурап,
Анда Коңур муну айтат:
Оз сурагым озүмдо,
Озүм сурап турайын,
Айтканын Манастын кылайын.
Берген экен убада.
Убаданы алышып,
Жолуна жакын жолобой,
Арачы менен сүйлошүп,
Жарашты булар баатырлар,
Ал күнү келген дөөлөрдү,
Жөнөтүп турду Конурбай.
Качырга дүйнө жүктөтүп,
Асем үйүн бүктотүп,
Алты доонун баарысы,
Жамгырычы баштап карысы,
Топ- топтолуп жерине,
Кете берди элине.
Манас калды а жерде,
Бадышанын нокору
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы,
Бакай жүрөт баркылдап,
Ак сакалы жаркылдап.
Как ошентип турганда,
Ошондо Алмаң кеп айтат:
Айкөл Манас -деп айтат
Бул Конурбай жаман -деп
Аты арыптуу кан эле,
Айтканына турбас- дейм,
Түбүнон келчү киши бар.
Аярлары андан көп,
Кыярлары мындан көп,
Ишенбегин Конурга,
Айланайын айкөлүм
Салалык биз да жолуна.
Ошону айтса Алмамбет,
Анда Манас болбоду,
Артын жаман ойлоду.
Ошенстип турганда,
Түбүндө бар Шыпшайдар,
Кара дооуулу бул аяр,
Алты аяры бар экен,
Келбей калган кези экен.
Ошого кабар тийиптир,
Алар жакын келиптир,
Анда жүргөн Конурбай

Коңурбайдан кеп келди.
Балтанын изин жазаптыр,
Өз колум менен берем- деп,
Белек кылып аласың,
Анан жолго саласың,
Деп ушинтип Коңурбай
Ажыдаардын уусуна,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Айбалта алып келгени.
Беримиш болуп Коңурбай,
Манасты шилтей бергени,
Чала тийип мойнуна,
Чийип кеткен жери бар.
Жарадар болгон жери бар.
Ата канат дүнүйө,
Кайра согуш салыптыр,
Аярлары барыптыр,
Күндү жайлап салыптыр,
Караңгы туман салды эми,
Азап түшүп кайрадан
Момундай иш болду эми.
Шыпшайдарын карасаң,
Жерден туман чалыптыр,
Караңгылап калыптыр.
Көзгө илешпей Шыпшайдар,
Аярын менен түгөнгүр,
Асылып Манаска калыптыр.

Колдогону кожосу,
Кол бергени ак эшен,
Ажыдаардын сүрү бар,
Эр Манастын жүзү бар.
Жолой албай Шыпшайдар,
Ыраактан аңдып жүрүптүр.
Караңгыда бир кезде,
Алмамбетти көрүптүр.
Кыя тартып бул каапыр,
Кыюсу менен атыптыр,
Ок жаңылып Алмаңа
Ошо жерден өлүптүр.
Кыраандардын баарысы,
Чубак, Сыргак эки шер
Кыйратты баарын алардын.
Атып салып кырганы,
Жаман ишти кылганы.
Кай кеткени билинбей
Кырк чородон дайын жок,
Кан Бакайдан кабар жок.
Карангы туман салыптыр,
Ошондо азапка калыптыр.
Май -Булактын башында,
Бакай жаткан ошондо.
Уктай албай ойлонуп,
Ары жатат толгонуп,
Мурункусун ойлонуп,
Уктай албай таң атты.

Ошондо Бакай ат токуп

Ат токуса бат токуп,

Төрт- Күлдүн төмөн жагында,

Барып жүргөн Боз – Теңир

Боз – Теңирде болдук биз.

Мен күмбөзгө барамын,

Байыркы өткөн Манаска

Дуба кылып алайын.

Кайра жолго салайын.

Ошону ойлоп кан Бакай,

Көкчолокту токуду,

Көп дубаны окуду,

Эми жолго киргени.

Боз – Теңирде боз күмбөз

Боз – Теңирге келди эми.

Дуба кылып кол жайып,

Куран окуп олтурду.

Эртеси эске түштү эми,

Айтып айтып байкуштун,

Аябай көзү кызарып,

Кайрат кылып эр Бакай

Көкчолокко минди эми.

Көкчолок менен жол тартып,

Бөксө жолго жүргөнү.

Аны таштап коюңуз.

Алиги жүргөн Сары таз,

Кабарынан болуңуз.

Турун кандын уулу экен,

Жалганы жок бул экен.

Ал ар жерде кан болуп,

Өлтүрмөк болуп жатканда

Качып барган Сары таз.

Талаа жактан бир жактан,

Эрбең-эрбең этеди.

Этек-женин түрүнүп,

Дегеле сындуу көрүнүп,

Келе жатат бир караан.

Бакай байкап көрдү эми,

Ал аңгыча келди эми,

Салам айтып турду эми.

Бакай туруп балпайып,

Оо. балам деп айтат.

Кайдан келген баласың,

Кайсы жакка барасың,

Кимдин уулу болосуң?

Атам деп атын сатпай айт,

Өз атаңды катпай айт.

Ээ, абаке карыя,

Сөзүмдү айтам жарыя.

Жалганы жок мунумдун,

Турун кандын уулумун.

Атам эчак өлгөн дейт,

Акыретти көргөн дейт,

Акырет кеткен атамдын,

Кандыгын тартып алган -дейт.

Каңгырап качып калгамын

Бир үңкүрдө түш көрүп,

Түшүмдө ажайыптуу иш көрүп,

Талас деген жер бар-деп,

Манас деген эл бар -деп,

Таажы менен тактымды,

Алып барчу шер бар дейт.

Мына ушундай иш менен,

Келе жатсам түш менен,

Таласың кайда болуучу

Манасың кайда болуучу, карыя?

Баягы кепти укканда,

Карыганда кан Бакай,

Ай айланып боз болду,

Абалкы дарты козголду,

Күн айланып боз болду,

Күйүттүү дарты козголду.

Аа, балам сени урган кудай мени урган,

Экөөбүздү тең урган.

Манас эчак өлгөн -дейт.

Акыретти көргөн -дейт.

Анын баласы Семетей,

Темиркандын анын шаарынан

Тентип кеткен Семетей,

Аюп кандын шаарынан

Качып кеткен Каныкей.

Так эжеке болду дейт,

Эми балам туурум калды, анда сен,

Үчөөбү жок, чалабы.

Бир жашында билинген,

Эки жашка чыкканда

Эл көзүнө илинген,

Үчүндө үртүктөп атка илинген.

Төртүндө төрөлөргө кошулган.

Бешинде бекненип жоону калтырган.

Алтысында атыккан,

Атак менен катыккан,

Жетисинде желинген,

Жетпеген жоого кезенген.

Сегиз жашка чыкканда,

Сербейтип жоону качырды.

Тогуз жашка чыкканда,

Токтонбой ураан чакырды.

Онунда ордобузда бий чыккан,

Он экиге мүчөгөн,

Манас ошондон тартып күчөгөн.

Ошонун уулу Семетей,

Он экиге чыккан билип ал.

Айланайын Сары таз,

Катты берип аманчылык билип кел.

Ошону айтып кан Бакай,

Сары тазды жиберген.

Ошо кезде Сары таз,

Алты күлүк ат менен,

Алакандай кат менен,

Алты күндө барыптыр.

Ошо күнү кечинде,

Сары таз келген кезинде,

Чоң мечиттин бурчуна,

Чогулуш айтып журтуна,

Жыйын кылып жатыптыр.

Сары таз барды ошондо

Ээ, калайык -деп айтты.

Жалганы жок мунумдун,

Мен Турум кандын уулумун,

Талас деген жер бар -дейт.

Манас деген эл журттун,

Кең Таластын ичинде,

Май – Булактын башында,

Калган экен абасы.

Ушуякка келиптир,

Семетей деген баласы,

Ошонун берген кагазы.

Оо, Семетей кайда болуучу,

Бу түгөнгөн балалык,

Бу бала эмес келген балалык.

Семетей деген эмине,

Сөз айтасың тим эле,

Токойдун баарын талкалап,

Сары таз такка минди чалкалап,

Семетейди издеп чыкты

Ошол күнү кечинде.

Сары таз издеп жүргөн кезинде,

Канырай, боконо жүрөк болк этип,

Каныкейдин түгөл бою солк этип,

Өңүмбү же түшүмбү,

Же оңүмдө көргөн ишимби?

Манас өлгөндөн бери,

Манастын дабышындай

Дабыш укканым ушу,

Чыга калды шашып ушуп.

Канжыгадан кан тамган,

Кара көздөн от жанган,

Жаңы көрдүм жаш бала,

Канга ылайык кашы бар,

Канга ылайык башы бар,

Эрге ылайык өзү бар.

Болжолдоп карап олтурса,

Манаска түспөлдөш каркыбар.

Канырай, ушу Семетей болбосун,

Балалык кылып бул Семетей,

Кызыгыма кызыгып,

Сулуусуна суктанып,

Уят кеп айтып салбасын,

Өмүрүмдө жүзүн көрбөй калбайын.

Ошону ойлоп кыраанын,

Эртелеп эсине түштү эми.

Эне баласын карап сүйүнүп,

Күлүп ийди Каныкей,

Эртелеп эске түшкөндө,

Ыйлап ийди Каныкей.

Бир ыйлап, бир күлдү,

Кайта –кайта буркурап,

Ошондо, Семетейди бир карап,

Бул эмине жан болду,

Бүткөн бою дал болду,

Бул эмине иш болду,

Түштө көргөн түш болду.

Жигиттерин чакырып,

Мына, мен мындай иш көрдүм,

Ойгоо жүрүп түш көрдүм.

Кептеп айтса кеп айтса,

Ал аңгыча болбоду.

Астынан учту алты каз аңкылдап,

Канаттары жаркылдап,

Коюп ийип шумкарды

Коё берди Семетей.

Учуп алып казына

Алып жөнөдү токойдогу сазына.

Ошентип кирип кеткени,

Муну көрүп Семетей,

Удаа барып жеткени.

Токойдон карман алышты,

Сары тазга барышты.

Баягы олгон кушумду,

Семетейдин кушубу.

Кайдан келген куш болмок.

Алып бергин шумкарды,

Ээ, Сары тазым -деп айтып,

Катуу тийди тазына.

Коп кечикпей дагы айтат:

Бербейсиңби кушумду,

Бакыргандан бек айтат.

Атыңды билбейм Сары таз,

Апакеңди сен көрбөй,

Мен билемин жайыңды.

Тарыхтан айтып берейин.

Абыке, Көбөш баянын.

Сен жүрөсүң Темирканга уулсунуп,

Эл жүрөт сени кулсунуп.

Кул экениң билбейсиң.

Атың кашка мен билем,

Атың башка мен билем.

Жериң токой мен билем.

Атаң Манас болуучу,

Жериң Талас болуучу,

Мени дагы тилдейсиң.

Мына ишенбесең кагазы,

Кан Бакайдын кагазы,

Катка салган намасы.

Ошондо суурун барды эле -дейт,

Кагазды Семетейге берген экен.

Кагазында кеп айтат:

Камыш башы каламдан,

Карыган Бакай абадан,

Каныкейге салам де,

Жеке башы келем де,

Жетээрин менен баягы

Семетейим аманбы?

Жеткенинде салам де.

Капкайдагы тарыхы,

Бакай байкап жазыптыр.

Аягына келтирип,

Озүнүн мөөрүн басыптыр.

Баягыны көргөндө

Семетей келип кеп айтат,

Айланайын Сары аба,

Мен Манастын баласы болгон соң,

Башка сыймык конгон соң,

Өзүңү шайлап алайын,

Кандыкты бердим озүңө.

Таластын каны сен болгун,

Шайлап койду Сарыны.

Сары аба атка көндүрүп,

Ошо бойдон Семетей,

Шумкарды алып учуруп,

Каргысын алып тайганы

Жерин көздөй качырып,

Жигиттерге айтты эми.

**Семетейдин жетим калганы**

Каныкейдин кара бак,

Барып калды аралап,

Ошо кезде Каныкей

Ак ордонун ичинде,

Жеке отурган кезинде.

Кыркы келин, кыркы кыз,

Баштарына баарысы

Гүл сайынып алышып,

Сайрандап кеткен кези экен.

Ак ордону көргөндө,

Семетей турду ойлонуп.

Атаганат дүнүйө,

Мен Темир кандын уулумун,

Жалганы жок мунумдун,

Бул окшогон зыйнаттуу

Жерин корбой жүрүпмүн.

Ошону ойлоп Семетей,

Ак ордонун жанына

Барып калды Семетей.

Ким бар болду бул үйдө,

Семетей барды күрс этип,

Үнү чыкты дүп этип,

Баягы дабыш угулуп,

Жеке отурган Каныкей,

Боконо жүрөк болк этип,

Түгол бою солк этип,
Жүгүрүп чыкты эшикке.
Чыга калып караса,
Жаңыдан мурут жанылган,
Жаш көзүнөн от жанган,
Жаңы өспүрүм жаш бала,
Арак ичпей мас бала,
Каныкей сынчы күн экен.
Сынап карап калды эми.
Байга ылайык башы бар,
Канга ылайык кашы бар,
Эрге ылайык эрди бар,
Манаска окшош наркы бар.
Ошондо Каныкей ойлонуп,
Өлгөндөн бери Манастын
Үнүнө окшош угулду.
Ошондо ойлоп Каныкей
Баласыбы Манастын,
Оңумбу менин түшүмбү,
Капырай түшүмдө көргөн ишимби?
Мени көрө элек жаш бала,
Тааныбастык кылабы,
Уят кеп айтып салабы,
Ошону ойлоп Каныкей,
Баласын көрүп сүйүнүп,
Күлүп ийди Каныкей,
Эртеңкисин кечинде,
Ыйлап ийди Каныкей,
Балага такыр сөз айтпай,
Ошо кайра кирди Каныкей.
Эр Семетей көк жалың,
Атынын мойнун бурду эле,
Бул эмне бал болду,
Бүткөн бою дал болду.
Жигиттерди бакырып,
Келгиле деп чакырып,
Мен ушундай иш көрдүм,
Кебин баштап калганда,
Ал аңчыча болбоду,
Астынан учуп алты каз
Аңкылдап уча бергени.
Колундагы ак шумкар,
Таманга коюп ийгени.
Карабады кашына,
"Кудай айлап" жонодү,
Токойдогу тазына.
Шумкар кетти токойго,
Айтылбай сөзү да калды.
Арт жагынан кубалап,
Шумкарын көздөп кубалап,
Кырк жигит менен сабалап.
Аны таштап коюнар,
Курулуу турган тактыда,
Турум кандын уулу экен,
Жалганы жок бул экен,

Кушту кармап алыптыр.

Сылап – сыйпап калыптыр.

Кайдан келген куш болду,

Канстип мага туш болду?

Ал аңгыча болбоду,

Куугун кирип бараганы,

Алып келгин шумкарды

Анда Сары таз туруп муну айтат.

Шумкар деген эмине?

Сөз айтасың тим эле

Өз шумкарым бербеймин.

Эмине эле дегдедиң?

Семетей туруп муну айтат,

Айбансыңбы Сары таз,

Алып кел кушту, бери бас!

Таз деп айткан сөзүнө,

Арданып кетти өзүнө,

Таластан ала келген тазың мен болсм,

Мен да билем сени –дейт,

Айтып берем кебин -дейт.

Кул билемин жайыңды,

Аныктап айтып берейин.

Абыке, Көбөш байыңды.

Сен жүрөсүң биерде,

Темирканга уулусунуп,

Эл журот сени кулсунуп.

Кул болгонуң билбейсиң,

Мени неге тилдейсиң.

Сенин атың кашка -деп айтат,.

Атаң башка -деп айтат.

Жериң токой -деп айтат,

Уругуң Ногой -деп айтат.

Жериң Талас дегени,

Атаң Манас дегени.

Жалганы жок мунумдун,

О мен да Турумкандын уулумун.

Мен келгемин Таласка,

Арыз айтмакка Манаска.

Бакай деген агасы,

Бар экен байкуш карачы.

Мен Бакайга жолуктум,

Айтып турду кеп сурап,

Теги жайым көп сурап.

Анда бир Бакай кеп айтат,

Оо, балам, суруң да кетип суу кечип,

Оо, балам, жүргөнсүң го талаада,

Оо, балам, калгансыңго бир балаага.

Кайдан бир жүргөн баласың,

Оо кайсы жакка барасың?

Элиңдеги жакиның,

Атам деп атын сатпай айт.

Оо балам, өз атаңды катпай айт.

Жайымды сурап, көп турду,

Кайып кандын шаарына

Качып бир кеткен Каныкей,

Темиркандын шаарына,

Тентип бир кеткен Семетей.

Оо, балам, мени менен жүр деди,

Алып кетип үйүнө

Алты күнү бакты эми,

Акылды Бакай тапты эми.

Айланайын тазым дейт,

Манастын уулу Семетей,

Издеп барып тапкын дейт.

Ошол кезде эр Бакай,

Ай эсебин алды эми,

Айды бир катка салды эми,

Күн эсебин алды эми,

Күндү бир катка салды эми.

Катты берип колума,

Каныкейге кат бергин,

Токтобой балам бат жеткин.

Ападандай кат менен,

Алты күлүк ат менен,

Сени таппай жүргөмүн.

Койнундагы кагазы,

Катка салган намазы,

Койнунан сууруп бергени.

Эр Семетей кыраанын,

Катка көзүн салганы,

Жалдырап карап алганы.

Кат башынан кеп айтат,

Оо, камыш башы калем де,

Карган Бакай абадан,

Каныкейге салам де.

Жекендин башы калем де,

Жетериң менен салам де,

Баягы жетимим Семетей аманбы?

Катыра катты жазыптыр,

Чындыгына келтирип

Моорүн Бакай басыптыр.

Ошону окуп Семетей,

Манастын уулу болуптур.

Окуп алып Семетей,

Сары тазды кучактап

Кечире кор Сары аба

Мен ошол Ногойдон чыккан тың болсом,

Сары аба ушу айтканың чын болсо,

Таластын каны сен болгун.

Кандыкка шайлап койдум -деп,

Атынын мойнун бурду эми,

Кайра бир тартып турду эми.

Жигиттерин чакырып,

Эр Семетей бакырып.

Баарың келгин кырк жигит,

Менин жайым айтпайсың

Бүгүндөн калбай кырк жигит

Үйлөрүнө кайтасың.

Аны айтып салды эми,

Каргысын алып качырды,

Тайганым сенден пайда жок.

Боосун алып учуруп,

Шумкарым сенден пайда жок.

Сен да уялаш үнүн угаарсың,

Убара баспай жаныбар

Ой уяңа барып конуп ал.

Кырк жигитке кеп айтат,

Кеп айтканда деп айтат.

Ушу жерде болгон кепти,

Айтпайсыңар -деп айтат.

Айтып койсоң бирөөгө,

Башың кетер балаага,

Малың кетээр талаага.

Ичиңде калаар арманың,

Түк келбестир дарманың.

Ошону айтып Семетей

Жалгыз бир келди бир жерге.

Күнөкөр жаткан түрмөгө,

Кирип кетти Семетей.

Аза күтүп ал түнү,

Ошо турбай бир жатты Семетей.

Каракан угуп калганы,

Бу калабаны ким салды?

Капа болуп Каракан,

Өзүнүн санын бир салды.

Эртең менен болгондо,

Чыйырдыга келди эми.

Ээ түгөнгөн кулагыйым Чыйырды,

Сен салгансың го кыйынды.

Кечээ күнү какчаңдап,

Таягың алып чакчаңдап,

Семетейге жолугуп

Турбайт белең какшаңдап.

Ал сырын алган сырттандын,

Мен сырт жагына чыкпаймын.

Өзүң барып сурагын.

Чыйырды келди чакчаңдап,

Таягын алып какчаңдап.

Оо, Семетей кулунум,

Оо, сен эминеден курудуң?

Же балам аттан калды бекен кадырың?

Же ит менен жалаңдап.

Жаман бир сөз уктуңбу?

Анан келип бул жерге

Капа болуп буктуңбу?

Семетей туруп ойлонуп,

Кемпирге сөзүн айтканы.

Алда энеке, байбиче

Кадырым калган жок атадан,

Мен Темир кандын баласы,

Кай жеримде чаласы.

Бойго бир жеттим болкоюп,

Атка миндим зоцкоюп.

Атам менин Кара кан.

Чоңойгонум билбейби.

Билсе дагы Каракан,

Оо, билмексен болуп жүрбөйбү.

Тулпарым берсе минсем дейм, эне.

Жабдыгын берсе кан атам,

Кылычын белге илсем дейм.

Кандыгын берсе мен атам,

Кан болуп эми жүрсөм дейм.

Карып калган атамдын

Элин бийлеп жүрсөм дейм.

Ушуга мен капамын,

Ошондо капа жазамын.

Чыйырды туруп муну айтат:

Оо, Семетей балам тур –деди,

Оо, балам мени менен жүр- деди.

Темирканга барды эми.

Чыйырды барып чакчандап,

Кебин айтып калды эми.

Оо Каракан сен каныбыз,

Жетимиң сенин Семетей,

Өз атынды минем -дейт,

Жабдыгын белге илем -дейт,

Зоотуңду берсең кийем -дейт.

Кандыгын берсе атакем,

Капа болбой жүрөм -дейт.

Баягы кепти укканда,

Темир кан туруп муну айтат:

Андай болсо балага,

Экөөбүз бирдей садага.

Андай болсо Чыйырды,

Ак дободой эт кылып,

Ала Колдой чык кылып,

Элдин баарын жык кылып,

Буркуратып түтүндү,

Той бермекке күтүндү.

Кабар берип калкына,

Илгертен берки нарк экен,

Кандыгым берем балама

Той бермек бизде нарк экен.

Ошону айтып калганда

Эл чогулуп баарысы,

Жашы түгүл карысы,

Жылкычы келди дабырап,

Жылас болсун жылкысы

Кантип келсин уйкусу.

Темир кандын тою деп,

Корум болсун кою деп,

Темир кандын тою деп.

Той башкарып Семетей,

Темир кандын актулпар

Минген экен Семетей

Курал – жабдык кылычын,

Белине, илген экен Семетей.

Темир кандын зоотун,

Мына, кийген экен Семетей,

Аны бир таштап коюңуз,

Алиги жаткан Каныкей,

Оо, кабарынан болууңуз.

Ошондой укмуш кабарды,

Уккан экен Каныкей.

Актулпар атын минди -деп,

Таятасы Темирдин,

Албарсын белге илди -деп,

Кээ бир адам кеп кылат,

Бул Семетей деп калат.

Оо бирдемени билди деп,

Баягыны укканда

Каныкейди карасан,

Каныкей турду ордунан

Эми кандай болду -деп,

Башынан болгон шордуу- деп.

Бул укумунан тукуму,

Атасынан бабасы,

Айтканынан кайтпаган

Кыйыктыгы белгилүү.

Адамдын тилин албаган,

Булардын ыйыктыгы белгилүү.

Кабарын угуп калганбы,

Азапка мени салганбы?

Тулпар минген Семетей,

Турбайт эми деп ойлоп,

Жолукпай калсам балама

Жаман иш болоор деп ойлоп.

Тогуз жолдун тоомуна,

Он эки жолдун түйүнүнө,

Кырк жолдун кыйырына,

Жолун тосуп Каныкей

Шаша келген талаага,

Оо, анын санаасы жалгыз балада,

Аны таштап коюнуз,

Алиги жүргөн Семетей

Кабарынан болуңуз.

Ошондо, Манастын уулу Семетей,

Оо, калайык -деп айтат.

Аман бол калкым -деп айтат.

Тулпар минген турарбы,

Тууганга жетпей тынарбы.

Бекзааданын баласы,

Тентип жүрүп не пайда,

Мынакей, тегимди уктум, эл кайда?

Канзаданын баласы,

Качып жүрүп не пайда,

Калкымды уктум, эл кайда?

Жолго түштү Семетей,

Эки камчы шары уруш,

Эр Семене не туруш.

Эми жолго кирди эми.
Корүнгөндө корүнөт,
Көрүнбөсө Семетей,
Көк түтүн болуп керилет.
Мелтиреген сар талаа,
Адырлуу жолго барганда,
Астынан чыгып Каныкей
Семетейди токтотту.
Айткан экен мурунку
Окуяны бирөөлөр.
Балаңызды бир кара.
Ким айтканы билинбей,
Каныкей болду дендароо.
Астынан чыкты Каныкей,
Мына бир жакын келди Семетей.
Жарым бута жанына,
Семетей жакын барганда,
Каныкейди сен кара,
Көро коюп энесин
Семетей болду убара.
Баягы Каныкейдин карап бак,
Семетей барган аралап,
Ошондо коргон эмеспи,
Эми анык болду энеси.
Каныкейдин сүрөтү
Катка салган эмеспи.
Салыштырып көргөндө
Оо дүнүйө,
Мына анык болду энеси.
Оо, Каныкей келет какылдап,
Баласына жакындап.
Көрпө ичигин силкинтип,
Көзүнүн жашын иргилтип.
Эки колу бош кетип,
Эки коздон карасаң
Он эки талаа жаш кетип,
Атыңдын башын бура тур,
Алдагы жерге тура тур, балам.
Арыз– муңум уга тур балам,
Жоргоңдун оозун бура тур.
Жообуңду айтам уга тур.
Атты бир тыңдап минипсиң
Оо балам,
Алыска жолго кирипсиң,
Оо сен, кандай азап билипсиң.
Боз ителги болчонум,
Боз карчыга чолпонум,
Болумдуу тууган солтонум.
Жакамда кемчет кундузум,
Төбөмдө чолпон жылдызым.
Огой менен аргындын
Ортосунда жалгызым.
Башымдагы маанайым.
Мандайымда таалайым,
Оо, балам кайсы жакка барасын?
Каран калган Канышка

Кандай бир азап саласың?
Оозум бир ашка тийгенде,
Тумшугум ташка тийгизбе,
Оо балам,
Мага ажалдын тонун кийгизбе!
Оо балам,
Бараар кезин боло элек,
Балтыр этиң толо элек.
Абыке, Көбөш эки кан,
Ат көтөргүс семиз кан,
Коломтодон кор чыгып,
Керегимден жоо чыгып,
Карандым сени аркалап,
Түн боюнча мен күргүр,
Ошо, качып бир чыктым сени калкалап.
Беш манжа этим мөлтүрөп,
Беренин сени көтөрүп,
Ошо, белесте жүрдүм тентиреп,
Таман бир этим мөлтүрөп,
Беренин сени көтөрүп,
Талаада жүрдүм тентиреп,
Өлөйүн дедим арымдан,
Өлбөдүм сенин барыңдан,
Кетейин дедим арымдан,
Кетпедим сенин барыңдан.
Ошо кезде карасам
Гүлбүн тоону без болдум
Ушу кезде карачы
Күйүтүм капка чеч толду.
Адыр тоону да без болдум, балам.
Ушу кезде кулунум
Азабым капка чеч толду.
Кыраан бир Манас атакең,
Кытайга күлүк ойнотуп,
Кыйшибеге найза ойнотуп,
Калмакка күлүк ойнотуп,
Канталга найза сойлотуп,
Кайран Манас атакен
Калмакты чапкан ар жолдо.
Барган менен таппайсың,
Кулунум акыреттен сен болжо,
Ошентип кытайды чапкан ар жолдо.
Барган менен таппайсың,
Оо балам,
Кыямат жактан бир болжо,
Эртекимди мен айтсам,
Оо балам,
Эртекидей болормун,
Баштагымды мен айтсам
Мактангандай болоормун.
Анда келди да бир чоро,
Мындан да келди бир чоро,
Жайдак келди бир чоро,

Бойдок келди бул чоро,
Чоролорду жыйып эл кылдым.
Акырында кудурет,
Ошолорго жем кылдың.
Абыке, Көбөш эки кул,
Көкөйдөн калбайт жоругу.
Ооруп калган Бакайдын,
Соруп берген бооруну.
Эртеңкимди мен айтсам,
Эптегидей болоормун.
Баштагымды мен айтсам,
Мактангандай болоормун.
Аны таштап коёлу,
Алдыгы Семетей
Кабарынан болуңуз.
Энесинен кеп угуп,
Эми журтум бек угуп,
Ошондо Семең муну айтат:
Алда эне байбиче,
Коё бер эне колумду,
Тозо көрбө жолумду.
Кашыңа турбай узайын,
Каруум келсе кулдардын
Бир калаасын бузайын.
Канзааданын баласы,
Качып бир жүрүп не пайда,
Бекзааданын баласы,
Тентип жүрүп не пайда?
Өткөн экен көрдүгү,
Абыке, Көбөш зордугу,
Коё бер эне колумду,
Тозо көрбө жолумду.
Абыке, Көбөш эки кул,
Сени эле саа кылбасам,
Сакалыңды жулбасам,
Жол боюна бишкектеп
Сакалыңды искектеп,
Даңгыттарга жарбасам –
Туубай туна чөгөйүн!
Тумшугу жок курган жан,
Кашыңа турбай жөнөйүн.
Как ошону айтканда,
Каныкейди сен кара
Каныкей келет какылдап,
Семетейге жакындап,
Ыйлоодон көзү кызарып,
Айткандан сөзү узарып,
Оо, кулунум Семетей
Сени да көрбөй курудум,
Тоо бөрүдөй улудум.
Ойдо бир чыксам обок жок,
Ылдый бир түшсөм жолок жок.
Куруп калган Каныштa
Сенден башка бөбөк жок.
Ачайын сенин күлкүңдү,
Аныктап айтып кетейин

Атандан калган мүлкүңдү.

Сазлуу бир жерде семирген,

Сары сууну шимирген,

Сайгак тийсе мөңкүгөн,

Сары жон ылдай мөңкүгөн

Атандан калган сан топоз

Калды да Абыке кулдун колунда.

Калганын айта кетейин.

Баарысын айтып нетейин,

Бир – бирден айтып өтөйүн,

Атандан калган сан жылкы

Адырда аты Алабаш,

Аргымагы аралаш,

Тоодо атың Алабаш,

Тообурчак жылкы аралаш

Тобу менен берилип,

Буларды санап ким билет.

Түркүн – түркүн дүнүйө

Толуп жаткан бул калды,

Жаныбызда жүрчү эле

Ырысбай соргок бу калды.

Атандан калган сыр найза,

Кош кара кыл тактырган,

Коолдото чаптырган,

Учуна болот кактырган,

Душманды көздөй бактырган,

Калып калды дагы ошол.

Жакып кандынүйүндө.

Кытайды кырган сыр найза

Кызыл канга болонуп,

Калды балам жөлөнүп –

Анымды айтып кетейин,

Бир – бирден айтып өтөйүн.

Атандан калган ак олпок,

Айнегим сага чак олпок,

Мылтык атса ок өткүс,

Отко салса чок өтпөс,

Дан- дуң баштын Тоо текс

Тоо текеден кырдырып,

Анжиянга бардырып,

Малмага баарын салдырып,

Кемпир коюн кыз тиккен,

Как ушинтип иштеген.

Алмамбеттин Арууке,

Жайы кышы тиштеген.

Жакасы алтын жеңи жез,

Этек жеңи кыйылуу

Оо, балам ошо калды эле.

Чоң атаң Жакыптын үйүндө жыйылуу.

Кечээ, Темирдиктин тоосунда,

Тегеректин оозунда,

Теминиш жан кыз Сайкал,

Туртууга келген Тайбуурул,

Жер астына бактырган,

Жезден бир аштоо кактырган,

Жетик тулпар ушу-деп,
Жезкемпир сынчы жактырган.
Болоттон така кынаган,
Боору жазык мойну узун,
Болумдуу тулпар ушу -деп,
Бороончал сынычы сынаган.
А да калды а жерде.
Көбөштөрдүн колунда,
Айтам далай сонун да,
Атандан калган ак келте,
Айнегим сага чак келте,
Отуруп атса ой чагыр,
Туруп атса кой чагыр,
Караанды жеткен жер болсо
Каргыштан бетер кайсаган.
Түтүнү жеткен жерлерди
Түрмөгү менен шыпырган.
А да калды, оо балам.
Айбандардын колунда,
Айтамын далай сонунду.
Ойлогун балам ойлогун,
Колундан келсе аларга
Асты эле бироон койбогун.
Алыстан молдо алдырып,
Арбын сөзгө салдырып,
Түркүдөн молдо алдырып,
Түркү тилге салдырып,
Ай наамазын алдырып,
Айды катка салды эле,
Күндү катка салды эле.
Каныкей турат какылдап,
Семетейге жакындап.
Келгендерден кеп уккам,
Кербендерден көп уккам,
Бээжиндеги Коңурбай,
Өчтөшүп жүргөн чоң калдай.
Ошо, кыраан Манас атакең,
Жоо качырган жаралуу,
Качан болсо кулунум,
Жоо аяган кишинин
Катыны калат каралуу.
Жоо аяймын деп жүрүп
Оо, Каныкей калган каралуу.
Таласка атаң келди эле,
Жарым ай келип жатты эле,
Ошондо керээз айтты эле.
Абыке, Көбөш инимсиң,
Айым бир менен күнүмсүң.
Өрүштөн кыркпа желемди,
Өксөтпө карыган энемди.
Бузбагын а сапаанды,
Сыздатпа жалгыз баламды.
Ошону айтып атакең
Көк түтүн ооздон бур деген,
Нойгут кыргыз чур деген.
Кыраанын атаң ай өлгөндө,

Ушинтип, кыямат жакты көргөндө,

Коломтодон кор чыгып,

Керегимден жоо чыгып,

Абыке, Кобөш эки кул

Жарым жылга жеткирбей,

Ашы жытын бердирбей,

Бузукулар барыптыр,

Бузуп айтып салыптыр.

Жаракы кулдар барыптыр,

Жарып айтып салыптыр,

Жарылып Көбөш калыптыр.

Кырк чоронун баарысы,

Кыргыл чал баштап карысы,

Ушундай жорук болобу,

Жомок болду жоругу.

Оо, балам күн тийген жердин чоросу,

Аламын деп калганы,

Азапка башым салгамын.

Жабыгыман кат кетпей,

Эшигимен ат кетпей,

Камоодо калды курган жан.

Бузуку кулдар кол айтып,

Как ошондо муну айтып,

Каныкейди соём-деп,

Эки көзүн оём -деп,

Өлтүрмөк болду өзүмдү,

Оймок болду көзүмдү.

Ардагандан Каныкей,

Олөйүн дедим арымдан,

Өлбөдүм сенин барынан.

Куруп калган Каныкей,

Куурап бир жүргөн ушу чак.

Анда Семең муну айтат:

Алда нетти байбиче,

Коё бер эне колумду,

Тоспо менин жолумду.

Кашына турбай узайын,

Каруум келсе кулдардын

Бир калаасын бузайын.

Деп Семетей күүлөндү.

Анда Каныш кеп айтат:

Ай, ай балам тура тур,

Айтканымды уга тур.

Коңурбай деген ашкан эр,

Алты арыптуу кул экен,

Аярлары айтып берчү экен.

Он эки жашка чыкканда,

Манастын уулу Семетей,

Таласка отот дечү экен.

Атасындай болот -деп

Атасынан ашкан эр,

Баласы болот дечү экен.

Ажалың сенин ошондон,

Өлтүрөт сени Семетей.

Ушинтип айтып берчү экен.
Аярынан көп уккам,
Кабарчыдан көп уккам.
Тогуз жолдун тоому бар,
Он эки жолдун түйнү бар,
Кырк жылдык кыйры бар.
Томон кеткен добот жол,
Кашкар кеткен кайкы жол,
Саңорунун тайкы жол,
Жолду катка салыптыр,
Жол эсебин алыптыр,
Күн эсебин алыптыр,
Күндү катка салыптыр.
Ай намасын берди эми,
Айнама кагаз алды эми.
Кол көтөрүп Семетей,
Бата сурап калды эми.
Анда Каныш кол жайып,
Мурунку өткөн эрлерге,
Алмамбет Манас шерлерге,
Колдой көргүн балаңды,
Чылбырга колуң үч толсун,
Жыргалың ашып күч болсун,
Кастанкан душман түз болсун!
Барыш келиш жарым ай,
Бир ай жүрүп кайра кел,
Бир күн да ашпай мага кел.
Айткан күндө келээрсиң,
Каныкейди көрүп ал.
Айткан күндө келбесең,
Каныкейди көөмп ал.
Ошону айтып Каныкей,
Алдо акбар деди эми,
Ак батасын берди эми.
Эки камчы шарп уруш,
Эр Семенде не туруш.
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө эр Семен,
Көк түтүндөй керилип,
Бет алып жолго салганда,
Карап турду Каныкей,
Акылман Каныш ар канча,
Артын карап бир канча,
Өзү да сынчы күң экен,
Сынап бир турду бир канча.
Асмандан учат кара куш,
Ал кара куш арбайып,
Бутун сунуп тарбайып,
Бул Манастын арбагы,
Бу да келип калганбы.
Кара чаар кабылан,
Каптал жакта чамынган,
Эки түгөй сур жолборс,
Ээрчий кошо жарышкан,
Ажыдаар бар астында,
Жойлоп барып жол кылган.

Жол арасы коо болгон,

Муну Каныш болжогон.

Эки түгөй сур жолборс,

Чубак, Сыргак арбагы,

Элестетип турганы.

Чубак, Сыргак арбагы

Аны Каныш болжогон.

**Семетейдин Буккардан чыгып, жолдо Коңурбай менен беттешип, аны сайып качыргандан кийин Таласка жөнөшү**

Кайран Каныш, Каныкей,

Алда акбар деди эле,

Ак батасын берди эле.

Карап турду артынан

Кара сурдун нурдуусу,

Далай жандын сулуусу,

Байкап турду баласын.

Кара кушу арбайып,

Бутун сунуп тарбайып,

Кудай жалгап калганбы.

Бул Манастын арбагы,

Бу да колдоп калганбы.

Эки түгөй сур жолборс,

Эрчий конуп жарашып,

Чубак, Сыргак арбагы

Бу да колдоп калганбы.

Ажыдаар жойлогон,

Жойлогону жол болгон,

Жол аябай мол болгон.

Бул Алмамбеттин арбагы,

Бу да колдоп калганбы.

Кечээ кыраан Манас барында,

Ушул өңдүү болуучу,

Каныкей муну жоручу.

Аны таштап коюңуз,

Чоң энеси Чыйырды

Кабарынан болуңуз.

Таягын алып чакчандап,

Келип калды какчаңдап,

Каныкейди көргөндө,

Оңбогон Каныш оңбойсуң,

Эгерде эки болбойсуң.

Анча алдынан чыккан соң,

Азыраак кармап турбайсың.

Экоолосок баланы,

Олонуна оролуп,

Чылбырына чырмалып,

Кетирбейт элем баламы.

Баягыдан беш бетер,

Эми салдың сапааны.

Өзүңдөн шыбып кеткендир,

Мурун кабар жеткендир.

Таласты көздөй жүрмөк болгон экенсиң,

Абыке менен Көбөшкө

Тиймек болгон экенсиң,
Арачы кылып балаңды,
Баягы кепти укканда,
Атан төөдөй бүк түшүп,
Аягы менен тик түшүп,
Ушу жашка келгенде
Жаман атты кылган эмине,
Болор болбос кол менен,
Чыгар чыкпас жан менен,
Каныкей жатып сулады.
Кашындагы энеси,
Карап турган убагы,
Ии бузулуп калдыбы,
Жаман айтып салдымбы.
Ошону ойлоп Чыйырды,
Анда кемпир муну айтат:
Кара күчкө кеп айтса,
Капа боло каласың,
Кандай жеңил адамсың?
Балам Каныш баш көтөр,
Семетейиң жаш бекен,
Менин балам Манас – дейт.
Уюлдуу түнүк таш бекен.
Манастын жайын айтайын:
Кечээ, беренИм Манас айкөлүм,
Бир жашында билинген,
Эки жашка чыкканда
Эл көзүнө илинген,
Үчүндө үртүкттөп аты минилген.
Төртүндө торолорго кошулган.
Беш жашында бедсенген,
Жетпегенге кесенген.
Алтысында атыккан,
Ат үстүндө катыккан.
Жетисинде жетилген,
Жетпеген жоого кесенген.
Сегиз жашка чыкканда,
Серпилбей жоону качырды.
Тогуз жашка чыкканда,
"Кыргыздап" ураан чакырды.
Он жашында ал Манас,
Ордо бузуп жоо чапты.
Он экиде мүчөгөн,
Ошондон тартып күчөгөн.
Берен Манас таш бекен,
Балам Каныш баш котор.
Каныкей туруп ордунан,
Тил албаган тентегин,
Айтканынан кайтпаган,
Экинчи сөздү айтпаган,
Жалынсам тилди албады,
Жалбарсам такыр калбады.
Сөзүн айтып кожурап,
Экөөтүрдү божурап.
Анын кийин соңунда,
Келе турган жолунда,

Темир кан келип калганы.
Уралы коргон калаасы,
Учурду шумкар баласы.
Жыгылды тоонун кептеши,
Сынды го мүйүз жетеси.
Бу түгөнгөн Ак тулпар,
Кууган менен жетемби?
Аларды таштап коюнуз,
Алиги кеткен Семетей,
Кабарынан болунуз.
Актулпарды оргутуп,
Артынан чаңын бургутуп,
Күндөп – түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Эр кылт этип суу ичпей,
Аманат жаны күн кечпей,
Ат кырт этип чоп жебей,
Чоп жесе да көп жебей,
Арадан бир топ күн өтүп,
Ара жерде талаала
Кирип барды Семетей.
Тогуз жолдун тоому экен,
Он эки жолдун түйүнү экен.
Томон кеткен добот жол,
Кашкар кеткен кайкы жол,
Саноорунун тайкы жол,
Туура кеткен Турпан жол!
Кай кетээрин биле албай,
Бастыралбай маң болду,
Бүткөн бою дал болду.
Баягы Каныкейдин кагазы,
Катка салган намазы,
Кагазын окуй салганы.
Кагазынан кеп айтат:
Семетей балам, деп айтат,
Ууру – бөрү ойноочу,
Бөрү- түлкү жойлоочу,
Тогуз жолдун тоому ушул,
Кырк жолдун кыйры ушул.
Ошо жерге сак болгун.
Мен уккамын кербенден,
Алыскы жерден келгенден.
Алты арыптуу Конурбай,
Аярлары айткандай,
Букардан келет Таласка.
Жолун тосуп албасаң,
Жаш кезинде жай кылып,
Башын кесип салбасаң,
Жамандыкты көрөсүң,
Акыры түбүөлөрсүң.
Ошону окуп корду эми.
Ушундай балаң жаман жол.
Күн чыгыш көздөй жол жүрсөң,
Кут жагына тарта көр.
Баягыны көрду эми,
Окуп алып Семетей,

Кайран бир энем Каныкей,
Капа болуп тутулган.
Энем байкуш Каныштын
Карызынан кантип кутулам.
Астындагы Актулпар,
Дагы эле жолго салды эми.
Ушу бүгүн кечинде,
Дигер бешим кезинде,
Адыр – күдүр кайкыга,
Чыгып барды бир белге
Аны таштап коюңуз,
Алиги жүргөн Коңурбай,
Кабарынан болуңуз.
Алтымыш күнү жол тосуп,
Аярынан кеп угуп,
Жаткан экен Коңурбай.
Бияк жагы дайра суу,
Каптал жагы аска тоо,
Орто жерде калың жоо
Жаткан экен аскери.
Ушу бүгүн кечинде,
Семетей келген кезинде,
Солтон деген мергени,
Солкулдаган эрлери,
Сол жагына келгенде
Соо каё бербеди.
Жүйрүк чечен тилдүүлөр,
Өлүмдөн качпас жиндилер.

Айбалтачы мыктылар,
Жазбай чанчу мыктылар.
Атты алыс кармаган,
Төөнү жаса сермеген,
Чоркоктору дагы бар.
Айгай чыкса ар жерден,
Жашынарга жер таппай,
Коркоктору дагы бар.
Каршы – терши жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Найзанын учу чабышып,
Жол кайтарып жарышып,
Ошо кезде мыкан суу,
Күн чыгыш көздөй аккан суу,
Түбү жок терең суу экен.
Аяк жагын угарбыз,
Бу дагы кыйын чуу экен.
Ошо кезде Коңурбай,
Кылар иши момундай,
Сакалы саксак көрпөдөй,
Өңү чийки өпкөдөй.
Мурду башы бородой,
Эки көзүн карасаң,
Буудайын ачкан ородой.
Тулку боюн карасаң,
Уютуп койгон молодой.
Куюшканы куйма алтын,
Көмөлдүрүк сом алтын,

Омуроодо алкылдап,

Коз айнеги асыл таш

Маңдайында жалтылдап,

Тоту куштун куйругу

Дал ортодо жалпылдап,

Кытайлардын чоң тердик

Ат боорунда салпылдап,

Тула бою чылк алтын

Аскерге келди жаркылдап.

Өйдө- төмөн желдирип,

Өкүмүнө көндүрүп,

Буйрук берип Коңурбай,

Булкунуп турду бир далай.

Аярым келип кеп айтты:

Манастын уулу Семетей

Анык өтөт деп айтты.

Уккула жайсан созүмдү,

Жумбагыла козүңдү.

Бүгүн түнү сак болгун,

Аярлык менен арбайын,

Тирүүлөй муну кармайын.

Өлтүрбөстөн баласын,

Жамандыкты коромүн,

Акыры түбү түготтүн

Мен ошо эле колдон өлөмүн.

Асмандагы Алгара,

Алып учкан мунардай,

Үстүндөгү Коңурбай

Түптүү каруу чынардай.

Кара башыл бенделен

Капырай мындай адам чыгарбы ай!

Абыдан даана коп карап,

Корүп турду Семетей.

Канатын мунун бууюн,

Кангайлардын каны ушул

Башын кесип сууюн.

Жалгыз ууру өңдөнүп,

Манастын уулу Семетей,

Кармашууга көөндөнүп,

Сууну бойлоп барайын,

Уктап жаткан жеринен

Үстүно мине калайын,

Ач албарсты салайын,

Абалы кардын жарайын,

Башын кесип калдайтып

Өчүмдү минтип алайын.

Ошону ойлоп Семетей,

Күүгүм кирс күн бата,

Астындагы Актулпар,

Аябай санга салганы,

Баягы Коңурбай кеткен жол менен

Артынан калбай барганы.

Түбү терең мыкан суу,

Күн чыгыш көздөй аккан бу.

Кечүүчү жээк кыдырып,
Токой жээгин сыдырып,
Кечемин деп тыгылып,
Кече албай Семең кайрылды,
Айласы кетип зарылды.
Ордуна келди Семетей.
Абай кылып караса,
Айландыра санаса,
Же аттап өтөөр алат жок,
Учуп өтөөр канат жок.
Айласы кетип Семетей,
Экооболсо бир ага,
Бирөөболсо бөрк ага,
Акыл тапчы сен мага.
Тебетейин алды эми,
Коё коюп Семетей,
Айласы кеткен иш болду.
Төшекке акыл салды эми,
Андан акыл чыкпады,
Абайлап байкап көп турду.
Эл ичинен бир жайсан,
Ээ, калайык -деп айтат.
Коңурбай кандай кан болду,
Эң эле коркок жан болду.
Мурдагы күнү келет деп бурутту,
Уйкудан бизди курутту.
Кечээ келет деп айтып,
Кана бурут келгени?
Анысы аз келгенсип,
Уккула деп сөзүмдү,
Жумба деди көзүңдү.
Кана бурут келгени?
Уйкудан жаман курутту.
Ошону айтты жайсандар.
Аттын баарын чидерлеп,
Ар жакка айдап жибер -деп,
Кээ бири жүрөт далбактап,
Аттардын баарын кишендеп,
Кишенинe ишен -деп,
Жылкычы жатып мындай -деп,
Аяк – башы жыгылып,
Жатып калды көп аскер.
Баягыны көргөндө,
Манастын уулу Семетей
Жалгыз ууру ондонуп,
Урушууга коондонуп,
Атасы Манас арбагы
Мына колдоочу күнүн бүгүн -деп.
Бүгүндөн кийин төгүн -деп,
Ошону айтып Семетей,
Кандагайды шымданды,
Койду кырчу бөрүдөй,
Караңгыда камданды.
Баабедин айтып бакырып,
Манастап ураан чакырып,

Ак тулпарды камчылап,
Аралап кирип калганы.
Астына кире бергенде,
Найза менен найзалап,
Капталынан тургандьг,
Албарс менен кайсалап,
Койго кирген бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй,
Аралап кирип кытайды,
Жалгыз Семең жоо сайды.
Ошо жаткан көп аскер,
Кээ бироону карасаң,
Чапаным уптул экен -деп,
Чылбырын ала коюшуп,
Мойнуна сала коюшуп,
Жакасын таппай жарышып,
Кээ бироону карасаң,
Бу жатышым бекер -деп,
Тебетейим экен -деп,
Байпагын башка каптапшып,
Батпай жүрөт жарышып,
Мындай кызык элде бар.
Чоюн башын алышып,
Бирин – бири таанымбай,
Чокудан ары салышып,
Чуулдашып чуркурап,
Караңгыда буркурап,
Бирин – бирин таанымбай
Тебелешип салышып,
Манастын уул Семетей
Анда – санда бакырып,
Айгайды катуу салды эми.
"Манастап" ураан чакырып,
Кокту толо кырыптыр.
Мына кызык тамаша
Кой өлүмү кылыптыр.
Далай кытай карасаң
Балта тийип башына,
Тилингени андан көп.
Кылыч тийип мойнуна,
Кекиртеги үзүлбөй
Илингени андан көп.
Далай кытай карасаң,
Көкүлү калган жер чайпап,
Муруту калган кан чайпап,
Жан аяп Семең калган жок,
Ар ишинде арман жок.
Таразa батты, таң атты.
Тоолордун башын карасаң,
Томуктай болуп күн чалды,
Жапайы жандар үн салды.
Башка аскер, тирүүжан да жок,
Арасында карасаң,
Кытайынан башка жок.
Өлгөнүнөн калганы,
Чубап калды чуркурап,

Коңурбайдын үстүнө
Кирип барды буркурап.
Баягыны көргөндө,
Алтын чатыр ичинде,
Жаткан экен Коңурбай.
Өтүп кетти кордугу,
Атасынын баласы,
Булардан көрдүм зордукту.
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок кара жан,
Артынан калбай жөнөйүн.
Ошону айтып Коңурбай,
Эки айдан бери жол тосуп,
Турган экен чоң калдай.
Ачуусунун келгени,
Алгарадай тулпарага,
Алтын таман үзөңгү
Тепшей ыргып минди эми.
Буркурандан муңканып,
Буттай темир курчанып.
Аны таштап коюңуз,
Алиги жүргөн Семетей,
Кабарынан болуңуз.
Калың жоону кыйратты,
Далайын Семең ыйлатты.
Айбалта белде шыңгырап,
Ак тулпар менен зыңгырап,
Жолду ачып салганы,
Түк калган жок арманы.
Эр Семетей ойлонуп,
Келип калса оңума,
Бир кармашып калсам -деп,
Ойлонуп карайт соңуна.
Ошону ойлоп калганда,
Корбогон адам арманда,
Конурбайды сен кара.
Атасында бата жок,
Айтканында ката жок.
Энесинде нике жок,
Элде мындай боко жок.
Атасы кытай долусу,
Энеси инди жалабы,
Айтылбай сөзү калабы.
Алгаранын күү менен,
Чыңгыш деген чуу менен,
Токсон кулач сур найза
Толгой кармап Коңурбай,
Сексен кулач сыр найза
Сермей кармай момундай,
Семетейди көргөндө
Алгарасын бурду эми,
Алыстан карап турду эми.
Оо Манастын уулу Семетей,
Тоодой болгон эр десем,
Тогошомун мен десем,
Томуктай бала турбайбы.

Тогошсом Малык урбайбы!
Ал Манастын уулу Семетей,
Алачыктай эр десем,
Алышамын мен десем,
Алмадай бала турбайбы,
Алдырсам Малык урбайбы!
Алгаранын күү менен,
"Чынгыш" деген чуу менен,
Туу карасын чургутуп,
Топурагын бургутуп,
Алгарасын алкынтып,
Жетип калды чоң калдай,
Аны таштап коюңуз,
Алиге кеткен Семетей,
Кабарынан болуңуз.
Алгаранын дүбүртү,
Кулагына угулду.
Уккан жерде Семетей
Боконо жүрөк болк этип,
Түгөл бою солк этип,
Атасынан бабасы
Тууганы жоодон качпаган,
Душманга колтук ачпаган,
Акылынан шашпаган,
Арстан эрдин баласы
Кылган ишин карачы!
Жол жээгинде чок тикен
Чок тикенди жамынып,
Эр Семетей камынып,
Жарым бута жанына
Жакын кирип барганда,
Көрбөгөндөр арманда,
Актулпарды бир коюп,
Качырып чыкты дыр коюп.
Баабедин айтып бакырып,
"Манастап" ураан чакырып,
Көзүнүн жашын тыйынып,
Атасына сыйынып,
Колдой көргүн арбак -деп,
Алтын ээрдин кашы -деп,
Айбалканын башы–деп,
Алып келип бек сайды.
Найза тийип күрмөгө,
Актулпар кетти бүктүшүп.
Найза сынды белинен,
Ал Коңурбай бадирек
Катуу чыккан жеринен,
Кыйтан өтүп калганда
Коңурбайды карасаң
Көрбөй калып арманда.
Кер аттын оозун бурду эми,
Кайчы тартып турду эми.
Айдалынын бети- деп,
Эми ажалы жетти -деп,
Жетпегенде нетти-деп,
Сексен кулач сур найза

Серпий кармап имерип,
Алгара барат идерип,
Ала турган болгондо,
Ай далыга Коңурбай,
Мала турган болгондо,
Айкөлдүн уулу Семетей,
Көзүнү жашы бурчактап,
Артын карап кылчактап,
Ой, эр Алмамбет арбагы
Сарала менен ойноктоп,
Алмамбет жетти сойлоктоп.
Найзаны кагып өтүптүр,
Көзгө илешпей кетиптир.
Ар жагында бир жерди,
Антара сайып Коңурбай.
Короо ордундай бир жерди
Конторо сайып Коңурбай,
Корбой калды момундай.
Семетей кайда кетти -деп,
Же жер менен жексен болдубу,
Асманга учуп кеттиби?
Асман жерди бир карап,
Кок күрмөнүн этеги
Которулуп калганда,
Көрбөгөн адам арманда.
Алыс кеткен Коңурбай,
Артында калган Семетей,
Капталынан качырып,
Каскак найза муштады.
Каскак найза аралап,
Кыйган өтүү жаралап.
Кыр сүбөнү аралап,
Кыраандын уулу Семетей
Кайып муштап өткөнү.
Коңурбайды карасаң
Кара жан көзгө көрүнүп,
Капталынан кара кан
Канжыга ылдый төгүлүп,
Кармашууга дарман жок,
Кайрылаар алы калган жок.
Кайрылбай качып жөнөдү.
Алгаранын адаты,
Уча турган канаты.
Туягы жерге илинбей,
Качып барат билинбей.
Артында келет Семетей,
Актулпар атын камчылап,
Токтогун Коңур тура тур,
Бешикте бала мен болсом,
Белгилүү Коңур сен болсоң,
Ото бир коркок кем болсоң,
Алмадай бала мен болсом,
Айтылуу Коңур сен болсоң.
Айтканымы уга тур.
Кете бер коркок кем болсоң,
Жете албай калды арманда,

Алгара аты болбосо,
Алар белем Коңурбай.
Алангерди башына,
Салар белем Коңурбай.
Алыстагы Бээжинге,
Барар белем Коңурбай.
Кок күрмо тону болбосо,
Көрөт элем Коңурбай.
Көйнөгүндү башына,
Түрөт элем момундай.
Көк букадай ылдыйга,
Сүрөт элем Коңурбай.
Көтүңөн бирге Бээжинге,
Кирет элем Коңурбай.
Жетпей калып арманда,
Оозун бекем карманды.
Ала Тоодой эр десем,
Алышамын мен десем,
Саманга окшош жан экен,
Сартка окшош кан экен.
Алгаранын үстүнөн,
Ала салып жыгылды.
Ангекке барып тыгылды.
Жыгылаарын билиптир,
Чылбырын белге илиптир.
Ийиктей болуп Алгара
Имерилип туруптур.
Ар жагында көп кытай,
Коңурбай келди буркурап.
Аскери келип чуркурап,
Коңурбай жатат алсырап,
Жер кучактап кансырап.
Кайран жаным өлгөнбү,
Оо, караңгы жайды көргөнбү,
Кыраан капыбыз олгонбү,
Кыяматты көргөнбү.
Ал аңгыча болбоду,
Табып экен бирөөсү.
Тамырын кармай салды эми,
Бу отурушум бекер -деп,
Жаны тирүү экен -деп,
Кытайдын кырым дарысы,
Кыябы менен берди эми.
Орустун урум дарысын,
Оозунан куюп ийди эми.
Момуялан мол берип,
Ар дарыдан чоң берип,
Алеки саат болгуча,
Ачкан көздү жумгуча,
Онолуп Коңур турду эми.
Олгон жанды тиргиздин,
Оз атымды мингиздиң.
Эми болду тургун -дейт,
Качкандын жолу болсун –дейт,
Калганды теңир урсун -дейт.
Коңурбайдын аскери,

Эми кетти буркурап.
Бээжинге кирип кетмекке,
Баары кетти чуркурап.
Аларды таштап коюңуз,
Алиги Манастын уулу Семетей
Ошондо болсун оюңуз.
Үстүмдөгү зоотто,
Найза тийген тешик жок.
Качкан жоону куткарган,
Семетей менде кешик жок.
Кайрылып жолго салдым ээ,
Кечүүсүн таппай дайранын
Таллынбашын чуратып,
Жардын башын уратып,
Кечүүсү жок дайрага
Түшүп кетти Семетей.
Ар өйүздү бет алып,
Сүзүп барат Актулпар.
Ортолоп сүзүп барганда,
Дарманы кетип калганда,
Башынан ат арбытып минбеген,
Ат кадырын билбеген,
Тон тостуруп кийбеген,
Тон кадырын билбеген.
Астындагы Актулпар
Маралдай башын чайкады.
Басалбай калды союлуп,
Көкүрөгү оюлуп.
Бугудай бутун булгады,
Болбой бир барат союлгур.
Ачкалыктан Актулпар,
Алы кетип атканын
Айтып барат Семетей.
Азаптуу сууда арманда,
Калдай албас кара жан,
Дайрадан агып баратам.
Жоодон өлбөс шум жаным,
Суудан бир агып өлөмбү,
Суу түбүнө чөгөмбү,
Капыма кажыр конобу,
Кажырдын богу боломбу?
Жотомо жору конобу,
Жорунун богу боломбу?
Арбагы алыс атакем,
Баабединди бат айтып,
Атасы Манас эрлерди
Эми турат жат айтып.
Сарала ат менен ойноктоп,
Алмамбеттин арбагы
Суулугунан бир кармап
Сүйрөп чыгып калганы.
Өйүзгө чыгып Семетей,
Арбактарга жолугуп,
Атасы Манас тирүүдөй
Колтук ачып кол сунуп,
Манасты көздөй бакырып,

Кай кеткени билинбей,
Кайын болду шерлериң.
Караса көзгө илинбей
Таппай калды Семетей,
Калама саптуу айбалта
Как бөйрөккө таянып,
Кангырап ыйлап Семетей
Ашта агала жорго мингизип,
Ат кадырын билгизип,
Анан бир кийин өлбөдүң,
Ушундай беле бөйдө өлүм.
Көчтө көк ала жорго мингизип,
Көч кадырын билгизип,
Анан бир кийин өлбөдүң,
Ушундай беле бөйдө өлүм.
Жанындагы Актулпар
Ооздугу, суулугу
Бычырата чайноодо,
Эки көзү жайноодо,
Эми кайрат кылды эми,
Актулпарды минди эми,
Арбытып жолго кирди эми.
Каныкейдин кагазы,
Катка салган намасы,
Карап окуп калды аны.
Барар жолум ушу экен,
Төтөлөп жолго салды эми.
Күүгүм кирип күн батып,
Жанында бар арканы,
Илип байлап бутунан,
Жатып калды көк жалың.
Жатып жамбаш талдырып,
Уйкусун Семең кандырып,
Жаныбарым Актулпар
Сугарып кайра чалдырып
Токунуп атка минди эми.
Таласты көздөй бет алып,
Баатыр Семең жүрдү эми.
Таластын башы жети төр,
Катмарлап аныи киринтир.
Бөксө жолго түшкөнү,
Кара – Буура сеңирге,
Бек жалынып теңирге,
Келип калды бир жерге.
Бурамалуу дүрбүсү,
Мурунку жомок үлгүсү,
Жерден карап көргүсү,
Мылтык атчу немедей
Шыкаалап дүрбү салды эми.
Оо Манастын уулу Семетей,
Таластын ылдый керүүдө,
Салынып кирген сеңирде,
Үлбүлдөгөн боз күмбөз,
Көрүндү эми көзүнө.
Көргөндө көөнү бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,

Жерди көрүп Семетей
Энем байкуш Каныкей,
Жердеген экен Таласты.
Боз сеңирди ойдуруп,
Боз күмбөз кылып койдуруп,
Койгон экен энекем.
Арбагын артык атам Манасты
Ак сеңирди ойдуруп,
Ак күмбөз кылып койдуруп,
Койгон экен кудурет
Атакем артык Манасты
Кайран энем Каныкей
Жердеген жериң Таласны
Аны таштап коюңуз.
Май булактын башында,
Бакай байкуш ошондо,
Койкаптардан айрылып,
Карып болгон чагы экен,
Арстандардан айрылып,
Азып калган чагы экен.
Ошо түн жатып түш көрүп,
Ар бир түрлүү иш көрүп,
Уктай албай ойлонуп,
Печен турду толгонуп.
Эрте туруп эр Бакай
Көк ала атты токуду,
Булбул болуп окуду.
Май – Булак ылдый жүрдү эми,
Боз күмбөзго жүрдү эми,
Ал күмбөздүн түбүндө
Алкамдүсүн жай айтып,
Куран окуп куп айтып,
Бата кылып кол жайып,
Алоо акбар деди эле
Айкол Манас эсинде
Күлсө күрөктөй тишиң кашкайган,
Күзгүдөй бетиң тастайган,
Күзүндө көчсөк Ак Сайдан,
Күйүткө тартып асмайдан,
Ары имерип карады.
Жакалата караса
Жылгындуу токой жери бар,
Боот чоот көлү бар,
Андан да төмөн караса,
Көз жетпеген чөлү бар,
Андан бери караса,
Чалынып кирген боз теңир
Үлбүлдөгөн боз коргон
Коргон жана ак күмбөз
Көрүп турду Семетей.
Андан бери талаада
Келе жатат бир караан.
Абайлап Семең карады.
Көкчолок минген бир адам
Ак сакалы жаркырайт,

Көзүнөн жашы тамчылайт,
Капа болуп кайгырган,
Акылынан айрылган,
Кандай адам болду экен.
Эсине түшүп баягы,
Каныкей жазган кагазы,
Кагазга жазган тамгасы,
Койнунан сууруп алды эми.
Кагазга көзүн салды эми.
Кагазга катуу жазыптыр.
Колун коюп Каныкей,
Манастан калган моорун
Аягына басыптыр.
Капырай, кан аккан кара көзүбү,
Баягы Бакай өзүбү,
Абайлап карап олтурду.
Бакайды таанып Семетей
Болдубу же болбоду,
Бакай ушу болбосун,
Семетей муну ойлоду.
Актулпарын минди эми,
Жети төрдүн бөксө жол
Бөксө жол менен жүрдү эми.
Бакайдын астын тороду.
Абабыз Бакай ушу деп
Аныктап Семетей болжоду.
Бакайды башта эр деген,
Айтып бир жүргөн кеби экен,
Башта Бакай шер экен.
Калды бекен эрдиги
Муну бир байкап көрөйүн.
Ойдологон жаш бала,
Өйүтө түшүп өз санаа,
Арак ичпей мас бала.
Астынан тосуп алганы
Жакын жерден жашынып
Сынайын деп Бакайды,
Качырып чыга калганы.
Найза сунуп Бакайга
Сайуучудай көрүнүп,
Түз качырып барганда,
Карыса да кан Бакай
Туулганы жоодон качпаган,
Аз да болсо ал Бакай
Акылынан шашпаган.
Аттан түшө калды эми,
Аяктай ташты алды эми,
Акырая карап калды эми.
Найзанын учу соороктоп,
Жазган отту короктоп,
Бакай туруп муну айтат:
Оо, балам жаш бала,
Өзүңдөн өзүң мас бала,
Байга ылайык башың бар,
Канга ылайык кашың бар,
Эрге ылайык эрдиң бар.

Жаңыдан мурут жанчылган,
Жаш кара көздөн от жанган,
Жаңы өспүрүм жаш бала
Кандай жүргөн адамсың,
Кайсы жакка барасың,
Кимдин уулу болосуң?
Элиндеги жакшыны
Оо, балам атам -деп
Атын сатпай айт,
Өз атанды катпай айт.
А дегенде бакырдың,
Кокчолон ураан чакырдың,
Аягында мен билдим,
Аяктай ташты алыс уруп мен да ийдим.
Кырдын баарын кыдырып,
Ай ааламын сыдырып,
Алыстан келген мүнөзүң.
Оо, балам, кимдин уулу болосуң?
Куруп калган абышка,
Кужурап мага жабышпа,
Кан аккан кара көзүмүн,
Көкчөнүн уулу Көккоён
Так ошонун өзүмүн,
Алдындагы Көкчолок
Кокчолок аттын ээсимин.
Кечээ, Манасыңдын барында,
Сен бадыша болуп турган чагында,
Байлоого кеткен Көк ала
Ушу Көкчолок аттын ээсимин.
Коп сүйлөштү нетемин,
Кокчолок берсең кетемин.
Андай болсо оо балам
Кайып кандын шаарына,
Качып кеткен Каныкей.
Темир кандын шаарына
Тентип кеткен Семетей.
Аяктан кабар билдиңби?
Жалганы жок чыныңды айт,
Жашырбай балам сырыңды айт,
Анда Семетей муну айтат.
Укмак түгүл көргөнмүн.
Семетейиң курусун
Семетеймин деп жүрүп,
Сенин катаар ырысың.
Жүргөн жери көк токой,
Бутундагы кийгени
Аяк каптай чоң чокой.
Чыйырдыны уккамын
Чын дүйнөнү көрүптүр,
Былтыр күздө өлүптүр.
Баягыны укканда
Кокчолок аттын үстүнөн
Көмөлөнүп жыгылды.

Ак чолоктун үстүнөн
Ала салып жыгылды,
Ангекке башы тыгылды
Анда Семетей:
Жаман айтып салдымбы,
Бөөдө түпкө жеттимби,
Кайгысы көп бу Бакай,
Чын эле өлүп кеттиби?
Аттан түшө калды эми.
Кара күчкө кеп айтса,
Кантээр экен деп айтса,
Капа болуп каласың,
Кандай жеңил адамсың.
Абаке Бакай аманбы?
Астына келген Семетей
Же Семетейиң жаманбы,
Эли журтуң аманбы?
Эби жокпу бул иним
Же элге келгеним жаманбы,
Абаке Бакай баш көтөр.
Анда Бакай муну айтат:
Көрүнбө балам көзүмө,
Киши укпасын сөзүңдү,
Ала берчи атыңды
Алданып кылган ишиме
Кимге айтамын дартымды.
Анда Семең муну айтат:
Кан аккан кара көзүмүн,
Как Семетей өзүмүн,
Сунуп турам мойнуму,
Бере көр аба колуңду.
Ошону айтып Семетей
Абаке Бакай баш көтөр.
Анык Семетей сен белең
Каныкей кагаз жазгандыр,
Аягына келтирип
Манастын мөөрүн баскандыр.
Ишенбеймин бала өзүңө,
Каныкейдин кагазы
Бакайга сунуп калганы.
Кагазынан кеп айтат:
Камыш башы калемди,
Карган Бакай абаңа,
Каныкейден салам де,
Жекендин башы калем де,
Жетимиңден салам де
Катты окуп алганда,
А Бакайды сен кара,
Али да болсо кудурет
Көрөр күнүм бар беле.
Семетей анык сен болсоң
Бери болчу өзүңдөн,
Өбөйүн сенин көзүңдөн.
Тааный албай сыртыңдан,
Бери болчу кулунум
Таанып бекем жытыңдан.

Ошону айтып эр Бакай
Кайран гана бала Каныкей
Аман эсен жүрөбү,
Ачылып байкуш күлөбү?
Мага кең дүнүйө тар болгон,
Кече куйган суум шар болгон,
Кеп билбеген мен байкуш
Келжиреген жан болгом.
Кечээ кыраанын Манас барында
Кара калтар суусар бөрк,
Кырдап кийдим бир кезде,
Ак ыраныз тондорду
Ылган кийдим бир кезде,
Кыраандардын барында
Жыргап жүрдүм бир кезде.
Алмамбет , Манас барында
Боз жорго минип баркылдап,
Ак сакалым жаркылдап,
Акылга дыйкан эр элем,
Алыска чыкса ак жолтой,
Душманга барса сан колдой,
Арыстан Бакай дээр эле.
Баатырлардан айрылып,
Канатым сынып кайрылып,
Байкуш Бакай мен болдум.
Эми балам атка мин.
Кайраттанып эр Бакай
Көк чолокту минди эми.
Бери бастыр балам дейт,
Ушунда байкуш куу инген
Көргөн күнү жаман дейт.
Желмаян деген бар төөсү
Өлбөй жатат бир жерде.
Колум барбайт соёрго,
Жер табылбайт коёрго,
Ээрчишип экөө келгени.
Семетейди көргөндө
Айдаса баспас ак инген
Ыргып тура калганы.
Тамандары тарсылдап,
Муундары карсылдап,
Күмбөздү көздөй жөнөдү,
Төмөн түшкөн төбөсү.
Көрүн көрдү ээси
Күмбөздү көздөй качканы.
Мына Бакай шашкылап
Көк чолокко камчы уруп
Тостурбай бара жатканы.
Күмбөзгө барып куу инген
Өнүрүсүн жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Бычакка келбей жан берди.
Атасы азиз Манаска
Ал Семетей эр неме
Аттан түшө калды эми.
Атаке Манас малың деп,

Түктүү сандан союшуп
Оңго жерге сойду эми.
Кулку аллоо куранды
Үч кайтара окушуп,
Дуба кылып койду эми.
Эми жүргүн балам деп,
Ээрчитип келет эр Бакай.
Май – Булактын оюнда,
Боз – Адырдын жолунда,
Улуп уңшуп куу тайган,
Жендей болгон сур тайган,
Адырдан аркар ала албай,
Аңы качат кылгандай
Энкүүдөн элик ала албай,
Ит деле болсо бул тайган
Эси ооп калгандай.
Далысына даакысы
Ит да болсо куу тайган
Адырдан аркар ала албай,
Курбудан кулжа кууй албай,
Куруп калган турбайбы.
Ит да болсо бул тайган,
Даакысы жаман далыга
Каткан экен сур тайган.
Күйүт тартып бу дагы
Куруган экен куу тайган,
Атандан калган бул тайган
Баягын көргөндө

Манастын уулу Семетей,
Түшоо калып кармады.
Качпай келип жыттаган
Ал Семетей эр неме
Айлана берди ээрчитип.
Таятасы карыган
Ак тулпар минип шартылдап,
Ак бараң мылтык жалтылдап,
Кылыч да бар белинде
Кыраандын уулу Семетей
Келген экен жерине.
Айылга жакын барганда,
Бакайдын уулу Байтайлак
Көбөш кандын жигити.
Бакайды айдап алгамбы,
Байтайлак качты айлына
Жакшыдан моон туулат,
Жамандын жаан туулат,
Бакайдын уулу Байтайлак
Мөөн болуп калган го.
Коктуга кире качканы,
Бакай келет бакырып,
Байтайлагын чакырып,
Кудай жалган салды го,
Семетей келип калды го.
Каар дары ок кескилеп,
Кастарынын жолуна
Ак сарыбашыл кой чалды.

Түлөөнү түштө жасады,
Тамак ашын ашады,
Эс алып балам жаткын дейт,
Шашпай кебиң айткын дейт.
Бакай жүрөт кобурап,
Сөзүн айтат божурап,
Атаңдан калган кырк чоро
Күн тийген жердин чоросу,
Буларыңдын жоросу.
Чоң атаң Жакып кан эле
Каныкейге калганда
Ээти бузук жан эле.
Абыке, Көбөш эгиз кан,
Ат көтөргүс семиз кан.
Ичи бузук душмандан
Куруп калган Каныштын
Коломтодон кор чыгып,
Керегеден жоо чыгып,
Кыраан Манас атакең
Кытайга күлүк ойнотуп,
Кый сүбөөгө найза сойлотуп,
Арыстан Манас атакең
Калмакка күлүк ойнотуп,
Канталга найза сойлотуп,
Кармаган жерден кан чыккан,
Катуу карап кыйкырса
Бурдамга келбей жан чыккан.
Кабылан эле шер эле,
Атаң Манас эр эле.
Атакең Манас барында,
Карыптарга караштуу
Бечарага ат берген,
Шашып үшүп бат берген.
Жесирлерге боорукер,
Жетимдерге кайрыкер,
Тең санаган шер эле.
Атакең Манас барында,
Тегиз баары бай болгон.
Жардысынан байы көп,
Жармасынан чайы көп,
Жетим жесир бай болгон,
Төрт түлүгү шай болгон.
Манастын көзүөткөн соң,
Кичинесин чоңу жеп,
Бешөөнү көрсө онү жеп,
Сурак алаар каны жок,
Султан Манас дагы жок,
Кой деп айтаар каны жок,
Кокуй күн Манас дагы жок.
Ошо кезде атакең
Жоо качтылап жаралуу,
Жоо аяган кишинин
Аялы калат каралуу,
Жоо аяймын деп жүрүп,
Каныкей калган каралуу.
Атакең Манас айтты эле,

Жарым айча жатты эле,

Атакең Манас ошондо керээз айтты эле.

Абыке, көбөш инисмин,

Айым бир менен күнүмсүң,

Эми өрүштөн кыркпа желемди

Өксөтпө карыган энемди

Бузбагыла санааңды,

Сыздатпа жалгыз баламды.

Ошону айтып атакең

Көк түтүн оозлон бур деген,

Ойгут, кыргыз чур деген.

Абыке, Көбөш эки арам

Бир оюна албады,

Ушулар салган калбааны.

Куруп калган Бакайдан

Айта берсем түгөнбөйт.

Төгүп айтат арманы.

Эми балам Семетей

Чоң атаң жанына баралы,

Элден мурун ошого

Балам учурашып алалы.

Ала бекен, ак бекен,

Аны да байкап калалы.

Семетейди ээрчитип

Жакып канга барганы.

Ээ, Семетей балам тура тур,

Актулпар оозун бура тур.

Ат чалдырып азыраак

Ала бекен, ак бекен,

Атаң жакын карачы

Сүйүнчүгө барайын.

Сүйсө берээр сүйүнчү,

Сүйбөсө бербейт күйүнчү.

Мунусун байкап калайын.

Жакып кандын ак ордо

Кирип барды лакылдап.

Салам айта салганы,

Алик алып ал Жакып

Адам эй деп чоочуп калганы.

Сүйүнчү каным сүйүнчү

Кудай берди эми деп.

Семетейиң келди дейт.

Сүйүнчүлөп калганда

Болсо болсун экен дейт.

Мунусун Бакай байкады.

Астыртан карап эр Бакай,

Ошондо Жакып кан

Башын чайкап калганы,

Аны Бакай байкап калганы.

Качан берет сүйүнчү,

Бербес болбос сүйүнчү,

Үйүнө кайра кетейин.

Бакдөөлөткө кеп айтты

Алып келгин Бакайга

Сүйүнчү бергин деп айтты.

Бакдоолот байкуш ак эле,
Колундагы кош жамбы
Кош жамбыны алганы,
Кошо берип салганы,
Колунан Бакай алганы,
Койнунаката салганы.
Дагы барчу жериме,
Бул Манастын элине.
Ошону айтып эр Бакай
Чыкты кайра эшикке.
Күнү- түнү үн чыгат,
Азыраак токтой калганы
Жакыптын үнү чоң чыгат.
Бу бала бизди соо койбойт,
Абыке менен Көбөштү
Каныкей билсе оң кылбайт,
Кобоштүн жолун жол кылбайт,
Каныкей келсе оң кылбайт,
Абыке менен Кобоштү.
Акыры түбү соо кылбайт
Ошону айтап жатканда
Капыстан Бакай укту эми.
Алып кел бери сууну деп,
Келе бери Бакдоолот
Катып жүргөн ууну деп,
Жаштайында жайлайын
Көрөбүз мындан кызыкты,
Каныкей чийст сызыкты,
Угуп туруп эшиктен,
Эмине кылаар экен деп
Шыкаалай калып тешиктен,
Бакдөөлөт туруп муну айтат.
Жарабайт сенин алаң деп,
А деле сенин балаң дейт.
Кой десе да болбоду,
Кокуй Жакып оңбоду,
Ай десе да болбоду,
Акыры Жакып оңбоду.
Сен бербесең мен берем.
Ала коюп чылады,
Бере турган убагы,
Кумарада бозого
Кошуп ийди ошого.
Көрүп алып эр Бакай
Семетейге жетти эми.
Айтып сөзүн шашпады,
Семетейге какшады.
Ай Семетей кулунум
Айткан сөздү угуп тур.
Кумурада бозо бар,
Кустурма дары кошо бар,
Чапчакка куйган бозо бар,
Чачарма уусу кошо бар.
Этист болгун сак болгун
Өз ишине ак болгун.
Айтып сөзүн кыбырап,

Жолдоката шыбырап,
Эр Семетей кок жалын
Актулпар минип салкайып,
Атасындай данкайып,
Келип калды жакындап,
Кабар тийип калкына
Баардык тууган жалпыга.
Аттан түшүп ал Семен
Жакып кан турган эшикте.
Түшө калып бүгүлүп,
Атасына жүгүнүп,
Жакып канга кол берди.
Кара күчкө кымылдап,
Ичинен сызып чымылдап,
Ал Манастын эли экен.
Колу жеткен тууганы
Колун берип корүшүп,
Копчүлүктон жете албай
Жецинен кармап обүшүп,
Ыйлап жүргөн андан көп.
Сүйүнгөндөн чыдабай
Ырдап жүргөн андан көп.
Кабар уккан калкынан,
Калбай келди баарысы,
Семетейди көрмөккө,
Көрүп алып кай бирөө
Атасындай эр экен,
Бу дагы артык туулган шер экен,

Манаска окшош каркы бар
Кем эмес экен Манастан.
Семетейдин баркы бар.
Тууган дары сүйүнүп
Келгени жакшы болду деп,
Кемчилик кайра толор деп,
Минтип жүргөн андан коп.
Жакып кандын ак ордо
Эл чогулуп жык толду.
Суусап келген балама
Суусун берип калалы,
Анан кепке калалы,
Чаалыгып келген балага
Чай тамагын ичирип
Анан кепке баралы.
Ошону айтып Жакып кан
Бакдоолотко кеп айтты,
Суусап келген балага
Бачым куйгун деп айтты.
Бакдөөлөт турду куя албай,
Кантип берем балага
Карган кезде уялбай,
Анда Жакып муну айтат:
Бакдоолотко күрсүлдөп,
Эминени ойлойт деп,
Качан болсо бу кургур
Күнүлүгүн койбойт деп.
Көөкөрдү колго алды эле,

Сен бербесең мен берем
Чыныга куя салды эми.
Кемпир сага не дейин,
Колум менен балама
Суусунумду берейин,
Сунуп калды бай Жакып.
Бакай жүрот чакчайып,
Кокус ичип албасын.
Кокуйга башын салбасын,
Атасынын колунан
Семетей эми алды эми.
Атасына куйдуруп,
Баласына сундуруп,
Кандай киши дебейби,
Ага окшогон баласы
Кара башын жебейби.
Жакыптан барып Семетей
Чынысын колдон алды эми,
Кайра сунуп калды эле.
Элден мурун өзүң ич.
Андан кийин абама,
Анан бергин агама,
Кайра сунуп калганда
Жакыптын айткан жообу:
Сакалымдын агында,
Сапар кетээр чагымда,
Мурутумдун агында,
Букар кетээр чагымда,
Арак менен шарапты
Кантип ичем уялбай
Жаштар иччү тамакты.
Бакай турду ордунан
Семенден алды чыныны,
Жакыптын кылган кылыгы.
Аптабага куйду эми,
Баштап келип маң дөбөт,
Тилин салды кур дөбөт,
Ичкен жерден эки ит
Тыбырап барып жыгылды.
Семетей турду ордунан
Кээ бир адам баштан
Көз көрүнөөЖакыпты
Кор болгун деп тилдеди.
Ээй абаке деп айтат,
Эр Семетей муну айтат,
Баары жокту билген кары дейт.
Сенде барбы дары дейт.
Койнуна колду салды эми,
Ажыдаарда мүйүзү
Аны таап алды эми,
Мүйүздү сууга салды эми,
Чыныдан чыкты зырылдап,
Уу көрүндүү бириндеп,
Калктын баары көрдү эми.
Кээ бир адам кеп кылып,
Жакыпты айтып тилдешип,

Эгерде эки болбойсуң,
Акыретте оңбойсуң,
Жамандык иштп ойлойсуң.
Калкка болду жарыя,
Тилдеп турат Жакыпты
Өзү менен бирге өскөн
Тилдеп турат карыя.
Элдин баары тарашты.
Бакдөөлөт деген байбиче
Таягын алып шокшоктоп,
Коломтосун токмоктоп,
Бакдоолот турду акырып,
Күлүн чачып сапырып,
Оңбогон чапым оңбойсуң,
Кой десем да болбойсуң,
Акыры түбү оңбойсуң,
Манастын уулу Семетей
Ачуусунун келгени,
Ата болбой жерге кир!
Камчысын алып колуна,
Керегенин кош башы
Ачуусунун келгени
А да жүрөт колунда.
Эшке чыга берээрде,
Катуу силкип иргени.
Көпчөгүнөн үзүлүп
Барып түштү бир жерге.
Ак тулпарды минди эми,
Манастан калган сыр найза
Коолото чаптырган
Учуна болот кактырган
Душманды көздөй бастырган
Кармаган ээси жыргаган
Тийип кетсе ырбаган
Кытайдан кызыл канга болонуп,
Калган бойдон сыр найза
Ошондо калган жөлөнүп.
Анда Бакай муну айтат:
Аба, атаңдан калган сыр найза
Алгын балам деп айтат.
Атчан келип жүрдү эле
Камгактай болуп качырап,
Ак ордосу бычырап,
Семетей экөө бастырды
Бакай жүрдү жанында.
Анда Бакай мунун айтат:
Айланайын Семетей
Эч бирөөнө тийбей жүргүн тим деди,
Бузук түзүк ким деди.
Ич арамын бил деди
Абыке менен Көбөшкө
Барып байкап билейин,
Бир азга кайра келейин.
Ошону айтып эр Бакай
Абыкенин үйүндө,

Чоролордун баарысы
Арак менен шарапты
Ичип жаткан кези экен.
Ичегиси ысышып
Кызып жаткан кези экен.
Бакай кирип барганы.
Улуу кичүү карыңа,
Саламды айтып баарына,
Көбөш болсо кор эле,
Кор турмак кара жер эле.
Абыкеде акыл бар
Абыке иним сүйүнчү,
Тон өтүгүң кийинчи.
Семетейиң келди деп
Атаңа бардым сүйүнчү
Кош жамбысын берди эми.
Бакай сүйлөп турганда
Көбөштү кудай урду эми,
Көпкөндүк кылып кеп айтып
Оордунан туруп алганбы
Баканын жулуп бир уруп
Бакайды башка салганы
Башына бакан чабылып,
Бакайың калды сабалып,
Мас болуп келген турбайбы,
Абыке келип кармады
Мас болуп калган турбайбы.
Аркага колун байлады,
Келгиле бирөө экөөңөр
Үйүн көздөй айдады,
Киргизип алып Абыке
Чыгарбай үйгө байлады,
Бакайга барып жалынып
Абыке турду сабалып,
Ээй абаке карыя
Баш айрылса бөрк катат,
Кол айрылса жең катат,
Сүйүнчүңө абаке
Тайбуурул баштап жүз айтат,
Абыке сөзүн түз айтат,
Кайра чаап эр Бакай
Семетейге келгени.
Экөө бирге бастырып,
Эл жыйылып кылкылдап.
Таластагы кыргыздар
Семетейди көрмөккө
Баары келди кылкылдап
Эр Семетей ошондо
Болуп калган болкоюп,
Актулпардын үстүндө
Атасындай зоңкоюп.
Көргөндүн баары калың эл
Көз жиберип бактырып,
Ээй кудурет
Кан аккан кара көзүндөй,
Кан Манастын өзүндөй,

Сынчылары келишип
Жанында жүргөн жолдошко
Сынын айтып беришип,
Атасынан арткан эр болот,
Семетей артык шер болот,
Мындан артык ким болот.
Айтып турат божурап,
Карылары жабырайт,
Колу жеткен тууганы
Колун берип көрүшүп,
Кол жетпеген тууганы
Этегинен обүшүп,
Учурашып эл менен
А күнү жатты Таласка.
Алып келип кой союп,
Айдап келип бээ союп,
Айлындагы адамдар
Семетейди корүшүп,
Баталарын беришип,
Топ – топ болуп сүйлөшүп,
Маашыр болуп эришип,
Тынчтык менен тим жатты,
Эртең менен таң атты.
Бакай айтып калганы,
Кечээ Манастын барында,
Барктуу Бакай чагында,
Темиргендин тоосунда,
Тегеректин оозунда,
Теминишкен Кыз Сайкал
Тартууга келген Тайбуурул
Сага ылайык мал эле
Алуучу болсоң мүлк ушул.
Бакай барды баркылдап,
Ак – сакалы жаркылдап.
Жыйбайсыңбы жылкыны,
Жылкычыга барды эми.
Азоолорун үйүрдөн,
Укуругун сүйрөтүп,
Биринен кабар кеп угуп
Талаага чыкты чапкылап.
Саналбай жүргөн сан жылкы
Жыйып келди малчылар.
Калдайып жылкы чогулуп
Кошо келди Тайбуурул.
Томонку түзоң ойдуңда
Куйругун сыртка салыптыр,
Катуу чуркап алыптыр,
Бура тартып чоң Буурул
Жакын келе калыптыр.
Бакай айтты балдарга
Балдар эми баргыла,
Буурулду кармай калгыла.
Анда балдар кеп айтат,
Ээй, атаке деп айтат,
Карматпайт бизге деп айтат.
Бизди тургай Көбөштү

Тебелеп кеткен башында,
Быйылкы өткөн кышында.
Кармай албай жадаган
Тогуз боолук мойнунда.
Жаныбарым чоң Буурул
Дагы келди ойдунга.
Түшө калды Семетей
Минген аты Актулпар
Жыттташып тура калганы.
Басып барып Семетей
Колу менен кармады.
Туруп берди былк этпей.
Бакай байкуш канетсин
Аттан түшүп чуркады,
Семетейдин бууданы
Качпай Буурул турганы.
Карган Бакай каркылдап
Сыйпалады бу дагы.
Көкүлүнөн бир жыттап,
Ачыла түштү көзүм деп,
Көчээ Манасымдын барында,
Каныкей билген чагында,
Жер астына бактырган,
Жезден аштоо кактырган,
Жетим тулпар ушу деп
Жезкемпир сынчы жактырган.
Болоттон така кынаган,
Бооруу жазы мойну узун
Болумдуу тулпар ушу деп
Бороон чал кесип сынаган.
Колуна тийди атың деп,
Айыгар бекен дартым деп,
Тайбуурулду токушуп
Тердигин алып бир бала
Желдигин ала чуркашып,
Малчылар келет токушуп.
Токтолуп калган кары бар,
Жаш өспүрүм дагы бар,
Семетейди карашып,
Сүйүнгөндөн чуркашып,
Бирине бири айтышып,
Тайбуурулду минди эми,
Талааны көздөй жүрдү эми.
Элүү кырк ээрчишип
Баары келди бажырап,
Семетейдин артынан,
Топ топ болуп дабырап.
Ар жагында жерүүдө
Салышып кирген сеңирде,
Манастын уулу Семетей,
Мылтык атчу немедей,
Шыкаалап дүрбү салды эми.
Ары имерип карады,
Айландырып санады,
Жаныбарым кең Талас
Жердей турган жер тура,

Абайлап карап олтурса,
Ортосу Талас, башы Чүй
Олуя – Ата , Кең Ташкен
Жаралгандан жакшы жер.
Таласты келип жердеген
Кайран атам шер экен.
Ошондо Бакай мунун айтат:
Ээ, Семетей кулунум,
Сени көрбөй курудум,
Too бөрүдөй улудум.
Айткын балам кебинди,
Каныкей байкуш кантти экен
Кантип чыдап жатты экен?
Манастын уулу Семетей
Эсине түшө калды эми.
Каныкейдин кагазы
Күндү чектеп салыптыр,
Чектелген күнү жыйырма
Күнү бүтүп калыптыр.
Жазган экен кагазга
Ушу балам келгиче
Орозо кармап жатайын,
Ушу балам келгенде
Оозумду анан ачайын.
Ошентип жатып тилесем
Берээр бекен тилегим.
Так жыйырма күн бүтөр
Ошо күн калбай келээрсин,
Менин жүзүм көроорсүң,
Ошо күндөн сен калсаң
Каныкей байкуш өлөрсүң,
Оо балам өлүгүндү көмөрсүң.
Катыра байкуш кат жазган,
Кат ичинде калкайып
Манастын моорун бек баскан.
Анда Семен кеп айтат:
Ий абаке деп айтат.
Абаке Бакай жата бер
Колунду жайып бата бер,
Турбай эми жонойүн,
Энемдин жүзүн көрөйүн,
Эми аба жөнөйүн.
Ошону айтты эр Семен
Бата сурап турду эми.
Кайран Бакай эр эле,
Кабылан Бакай шер эле.
Оомийн деп кол жайып
Чылбырга колуң үч толсун,
Жылдан жылга кадырың
Артылып балам күч болсун,
Кас санаган түз болсун.
Алло ахбар деди эми.
Ак батасын берди эле,
Шашып ушуп эр Бакай
Калам сабын карманып
Каныкейге кат жазып,

Шашып ушуп бат жазып,

Камыш башы каламдан,

Карыган Бакай абаңдан,

Оо Каныкей салам де.

Катты жазып батыраак,

Эки көзү чачырап,

Семетейге кат берди,

Шашып ушуп бат берди.

Антип минтип эл келди.

Эл ичинен бир кары

Тура калып кеп айтат,

Оо, Семетей балам деп айтат.

Сен балам Манастын уулу өзүсүң,

Өзү турмак көзүсүң,

Ушул эл балам эл мына,

Элиң дагы сеники

Көргүн балам жер мына.

Төмөн жакты көрдүң сен

Куш салуучу кол мына,

Ууга чыккан тоо мына.

Кулжасы күндө куюлган

Текелери тектирге

Тегин эмес бул Талас.

Алиги кары кеп айтат,

Манастын уулу сен болсоң

Мындан ары чырагым

Жалгыз жүрбө деп айтат.

Атым жакшы дегеним,

Аркар атып жегениң,

Күлүгүм жакшы дегеним,

Кулжа кууп жегениң.

Жолдош болуп кошо жүр

Токтоп чыккан мергенин.

Тили таттуу шекери

Иш кылбаган бекериң,

Кошулгула балага.

Элүү кыркы шайланып,

Азык түлүк артышып,

Жол азыгы камдашып,

Жалп этмесин байлашып,

Солкулдаган мергени,

Топтон чыккан эрлери,

Кошулуп алып Семеңе

Элүү кыркы аттанды,

Аны көрүп эр Бакай

Ачылып көзү шаттанды.

Эми Семең жол жүрдү

Баарысы кетти жарышып.

Жолдош болуп балага

Аркыратып Семетей

Адырдан аркар атышып.

Курбудан кулжа кубалап,

Жүрөр жолун жубалап,

Алты күнү жол жүрүп,

Ат аябай мол жүрүп

Чоң Букарга балдары
Кирип барды шатырап.
Жолдо жүргөн эки адам
Жолуккан экен балдарга.
Алар кетти чапкылап.
Темирканга баралы,
Барып айта салалы,
Сүйүнчүлөп калалы,
Бергенин алып жолдоштор
Кайра жолго салалы.
Анда мындан куушуп
Карысы бар жашы бар
Канга барып киришип,
Сүйүнчү каным сүйүнчү,
Душманга болсун күйүнчү
Семетей келди балаңыз
Ишенбесен караңыз.
Болжосоң кандай элдеп бар,
Бормалуу далай кийим бар,
Картайып калган Кара кан,
Сакалын киштей тараган
Каныкей кабар үчүндүр
Астаранын жолуна
Ак боз бээ мал айтып,
Ак сарыбашыл кой айтып,
Эски киймин эскилеп,
Айра тартып кескилеп,
Темир канды карасаң
Буркуратты түтүндү,
Той бермекке күтүндү.
Озү билген ой калып,
Калың журтка той кылды.
Чоң Букардын ичине
Кабарды катуу берди эми.
Букарларды түтүндү,
Той берүүгө күтүндү,
Арадан канча күн өттү,
Ай эскирип күн бүттү,
Шаан менен шөкөттү
Көрсөттү Темир каныбыз.
Чебер уста келди эми.
Баштагыдай ак ордо
Үй кооздугун жасады
Адырда жаткан нарларды
Кызыл нардан кыркты алып,
Боз атынан канча алып,
Аземин журттан арттырып,
Алтындуу жагдан бастырып,
Жибектен аркан тарттырып,
Кетмек болду Каныкей.
Аялдардан алтымыш,
Эр азамат эки жүз,
Көч жеткирип келмекке
Таласка көчүп барганда,
Жүргүлө баарың Канышка
Жүрө бергин эрмекке.

Как ушинтип кошкону
Союшуна жылкы айдап,
Мингизип жылкы айдатты.
Атандарын байлатты
Күмүш чапкан зергери,
Жазбай атчу мергени,
Багалеги балтандап
Төө көтөргөн балбаны.
Балбандардан калбады.
Ырчы менен комузчу
Баары мында калбады,
Азем менен Каныкей
Таласты көздөй жол тартты.
Каракан кызы Каныкей
Оймоктуунун иштүүсү,
Аялдардын эстүүсү,
Кара сурдун нурдуусу,
Нечен күнү жол жүрдү.
Конгон жери той болуп,
Каныкей келет Таласка
Нечен ишти ойлонуп.
Өргүгөн жерин той кылып,
Каныкей жүрөр ой кылып,
Бир ай көчүп Каныкей
Келип калды Таласка.
Алты жигит чаптырып,
Бакайга жетип берээрсиң
Абам Бакай алсын деп
Жол тостуруп келсин дейт.
Алты күлүк ат менен,
Алакандай кат менен,
Күн түн дебей жетти эми.
Катын алып окуду.
Жакасын кармап сүйүнүп,
Тон, отүгүн кийинип,
Көк Бууданды минди эми,
Токтобой жолго кирди эми,
Курбулары келди эми.
Бакайга салып беришип,
Конгон бери корбогон
Кээ бирөөнү карасан
Кучакташып көрүшүп,
Жети төрдүн бөксө жол
Жолун тосуп жердешип
Таласка кеткен боксо жол
Боксо жолго салыптыр.
Көз алдында он чакты,
Кишилер мурун барыптыр
Учурашып Бакайга
Сөз сүйлөшүп калыптыр.
Андан кийин көч чыкты
Кызыл нарлар жаркылдап.
Тулпарынан чаң чыгып
Килем жапкан кызарат
Келип калды калың эл.
Жылкы айдашып дуу тартып,

Ырчылары ырдашып,
Сынчылары сынлашып,
Ээн жайлоо кулжа бар
Экиден мындай чыгышып,
Эңиш ойноп жүргөн бар.
Келиндер бар аялдар
Каныкей айтат мындай кеп:
Дайны жок жүрбө аялдар,
Ирээт менен бастырып
Тарта бастыр аяндар.
Калдайган талаа жер жүрөт,
Ак сакал Бакай баш болуп
Карыялар эл турат.
Бакайга кирип барганда,
Каныкейди көргөндө,
Көрө коюп Каныштты
Бакайдын үнү баа деди.
Сүйүнгөндөн курган чал
Бакырып ийип ойлонуп,
Кайра ойлон аа деди.
Оо Каныкей кулунум,
Оо сени көрбөй курудум,
Курган Бакай мен болдум
Тоо борүдой улудум.
Бакай ыйлап болкулдап,
Каныкейди көргөндө
Эки колу бош кетип,
Сакалы ылдый жаш кетип,
Болкулдап ыйлайт эр Бакай.
Эртеңкилер эсинде,
Эңгирен ыйлайт эр Бакай.
Баштагы көргөн башында,
Бакырып ыйлайт эр Бакай.
Он экиден он үч жыл,
Эл корбопмун деп ойлойт.
Ортосу Талас башы Чүй,
Олуя – Ата чоң Ташкен,
Жер көрбөдүм деп ыйлайт.
Самаркандын сазына,
Саман барып күч салган,
Самаган жерди көрө албай,
Сандалгамын деп сүйлөйт.
Айткандан сөзү узарып,
Ыйлоодон көзү кызарып,
Арманын айтып ал Бакай
Айтып сөзүн басылды.
Анын аркы жагында,
Каз катарлап байбиче,
Бакай кандын байбиче,
Боз жорго минип булкулдап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Каныкейди кучактап
Бакырып ыйлап көрүштү,
Мандайынан өбүштү,
Каз катарлап келишти.
Көпчүлүгү жол бербейт,

Аялдардан жол бербейт,
Каныкейди кучактап,
Коё бербейт бек кармап,
Минтип жаткан андан көп.
Ушинтип баары көрүшүп,
Мандайынан өбүшүп,
Колу жеткен тууганы
Колун берип көрүшүп,
Кол жетпеген тууганы
Кийиминен өбүшүп,
Антип жүргөн элдер көп,
Угурга сонун кептер көп.
Бир күнү кечке көрүштү,
Ак ордо тиккен жер экен.
Капкалуу ордо сарайды,
Ошондон көргөн Каныкей,
Азаптуу иштин далайы.
Кадырлап журту калдайын
Кайран кыргыз эл келди.
Ак ордону тикти эми.
Сары атанга бүктөтүп,
Ак ордодон тышкары,
Тогуз үйдү жүктөтүп,
Катардан үйдү тиккени.
Кайран кыргыз элдери,
Көрүшүп атат чуркурап.
Арадан дагы күн өттү,
Аларды таштап коюңуз,

Абыке, Кобош кырк чоро
Кабарынан болуңуз.
Эми кайдан онсун- дейт,
Зили түбүөлгүр- дейт,
Жамандыкты көрдүк- дейт.
Өз кылганын ойлонуп,
Кылганы жетээр башына,
Өз убалы өзүнө,
Эки кара көзүнө,
Ушундай айткан тамсил бар.
Кылганы жетер башына.
Айтылып жүргөн кеп эле,
Кырк чоро туруп кеңешип,
Болот башка заман- дейт.
Кылган ишибиз жаман- дейт.
Эми кыргыз бизге эл болбойт,
Ала Тоо бизге жер болбойт,
Баатыр Манас торопун,
Колдогону кожосу,
Кол бергени ак эшен.
Кожо кыдыр даарыган,
Колдогону бар эле,
Көргөн адам айтчу эле.
Как ононун тукуму,
Жамандык кылдык биз деди,
Калмак менен мангулга,
Качпасак болбойт- деп айтат.
Каныкей тирүү турганда,

Түбү терең зындана,
Салбай койбойт- деп айтат.
Ошоентип айтты бир Чоро,
Булардын жаман жоросу.
Абыке менен Көбөшкө
Барлыгы туруп кеп айтат:
Кобош каным- деп айтат.
Биз билгенди билбейсиңи
Каныкейди ким дейсиң?
Жесир катын жаш бала,
Өзүбүзчө мас болдук,
Ошолорго кас болдук.
Каныкей тирүү турганда,
Ор түбүнө салуучу,
Ойронун чыгат кайрандар,
Жарык көрбөй калуучу.
Коркуп жүрөм мен деди,
Кылганым жетээр башыма.
Чыйырдыдай кемпирдин,
Каргышы тийип какшады.
Басалбай байкуш бул кемпир
Нечен сөөгү какшады.
Өз кылганын билбеген,
Ошол жаман лечү эле.
Айтып турат кашыңда,
Кылганым жетээр башыма.
Бул Каныкей барында,
Кара көздү ойбойбу,
Баарыбызды сойбойбу,
Манастын жайын билебиз.
Семетей анын баласы,
Кылганыңды карачы,
Ошону айтып бир чоро,
Кебин айтып басылды.
Ошондо Кобош күүлөндү,
Атырылып сүйлөдү.
Көөдөнгө батпай көбүрүп,
Айтканымды бил- деди.
Азыр атка мин- деди.
Аламан коюп чабамын,
Аскер болсо барамын.
Эсебин анын бүгүнлөн,
Эртеңке калбай табамын.
Буйрук кылып күрпүлдөп,
Атка минди дүпүлдөп,
Кандыгым ушул- деп айтат.
Эсебин анын табайын,
Эртеңки күнгө жеткирбей,
Эми эле барып чабайын.
Абыке туруп кеп айтып,
Алкымба Кобош деп айтат,
Ал Семетей кок жалың,
Как Манастын баласы.
Алышкан адам ал келбейт,
Атасы Манас шер болгон.
Билип турам Көбөшүм,

Андан да артык эр болгон.
Корбосом да билемин,
Көк жал эрдин баласы,
Ошого кантип тийсмин.
Өлөөрүңдү билбейсиң,
Сен Каныкейди ким дейсиң?
Кой дегенге болбоду,
Кокуй Көбөш оңбоду.
Ай дегенге болбоду,
Акыры Көбөш оңбоду.
Каныкейдин чарбакка,
Аныктап барып урунду.
Кан Манастын арбакка,
Айгайлашып чуу тартып,
Ат коюшуп дуу тартып,
Аламан кирип калды эми.
Аны таштап коюңуз,
Каныкей менен Семетей,
Кабарынан болуңуз.
Калдайып жаткан калың эл,
Капталып кетти арага.
Арачы болуп көп кыргыз,
Тозуп бир калды талаада.
Баягыны көргөндө,
Айтканың эне чын болду.
Абыке, Көбөш эки кул,
Сени эле сага калбасам,
Сакалыңды жулбасам,
Жол боюна бишкектеп,
Сакалыңды искектеп,
Даңгыттарга жарбасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок каражан
Ушулардан өлөйүн.
Ошону айтып көк жалың,
Ачуусунун келгени.
Тайбуурул сындуу тулпарга
Темир таман үзөңгү,
Теппей ыргып мингени.
Ачуусунун келгени,
Манастан калган сыр найза,
Коолдото чаптырган,
Учуна болот кактырган,
Кармаган ээси жыргаган.
Тийип кетсе ырбаган,
Сыр найза колго алыптыр,
Ачуусу келип калыптыр.
Калың элди как жарып,
Тайбуурул менен чуратып,
Дароо эле жетип барыптыр.
Ары жагын караса,
Эки тарап эл толуп
Калыс жүргөн адам жок.
Ортосунда тел болуп,
Көбөш жүрөт колоктоп.
Найзасы колдо сороктоп,

Атасынын баласы
Ирмегени илбирстей,
Тиктегени жолборстой,
Качырганы камандай.
Атасын тарткан эр болгон.
Сайганын сая кетирбейт.
Бу дагы билеги балбан шер болгон.
Тайбуурулга камчы урду,
Көргөн жерден бакырды,
Манастап ураан чакырды.
Айбан Көбөш айкырып,
А дагы чыкты бакырып,
Эр Семетей көк жалын,
Ачуусунун келгени,
Көзүнөн чыгып от жалын.
Манас деген чуу менен,
Тайбуурулдун күү менен,
Найза менен муштады,
Айбан Көбөш далдайып
Тебетейдей учканы.
Аттан алые жыгылды,
Арыкка барып тыгылды.
Абыкени кубалап,
"Абыке кайда" бакырып,
Аны көрүп Семетей
Буурул тулпар булкунтуп,
Дароо эле жетти жулкунтуп.

Аялдабай жетти эми,
Аты менен аңтарып,
Абыкени аяды
Булгаары тердик токулга,
Аты менен сайганы.
Аты тону калдайып,
Аңтарылып калганы.
Семетейдин артынан,
Букарлыктын балбаны,
Дароо жетип калганы.
Башкасына тийбе- деп,
Семетей айтып жардады.
Букардан келген балбандар,
Аркага колун байлады.
Кылыч алып колуна,
Каныкейдин астына,
Кобош менен Абыке
Экөөнү бирдей айдады.
Каныкей туруп муну айтат:
Көрбөймүн мунун жүзүн- деп,
Билемин кылар ишин- деп,
Башта казган орлор бар,
Чоң күнөө кылса ар адам,
Кайнап турган шору бар.
Эки бөлөк бир бирден,
Орго салып таштады.
Оён Семең ошондо,
Өлтүрткөн жок аларды.

Каныкей туруп муну айтат:
Жамандык кылдың өзүмө,
Убалың кара көзүңө,
Аны таштап коюңуз,
Баягы, как баш Жакыптын,
Кабарынан болуңуз.
Кандык кылып каркылдап,
Элдин баарын карасаң
Кайра тарт деп даңкылдап,
Кандыгым ушу- деп айтат,
Жардык кылдым- деп айтат.
Каныкейди сойгула,
Ошо кылды- деп айтат.
Кайра тартты бакырып,
Аны Бакай көрүптүр.
Карасаң кылганын чал- деди.
Чалга өзүм барайын,
Курсагын жарып салайын,
Эр Бакайды көргөндө,
Жакыпты кудай жалгады,
Айбалта колго алганы.
Эр Бакайды көргөндө,
Балта менен салганы,
Айбалта колго алышып,
Жакып менен эр Бакай
Экиден үчтөн чабышып,
Таамай чаап өтө албай,
Жастым чаап алышып,

Экоо жүрөт булкушуп,
Сакалдарын жулкушуп,
Камбыл экен кан Бакай,
Атагы чыккан бул Бакай,
Түп этектен алыптыр
Аңтарылтып салыптыр.
Караңгыда көз тапкан,
Капилеттен сөз тапкан
Камбыл Бакай эмеспи.
Атышканда жазбаган,
Мерген Бакай эмеспи.
Тилек кылып бет алса,
Бул Бакайдын тилегин
Берген Бакай эмеспи.
Түшө калып Жакыптын
Артына колун байлады.
Орду көздөй эр Бакай
Жакыпты айдап жөнөдү.
Ор башына барганда,
Эч бир жанга билгизбей
Ор түбүнө салганы.
Бек бекитип Жакыпты,
Жакыптын дайнын эл билбейт.
Мына ушинтип калганы.
Дүрбөлөңдүү калың эл,
Манастын уулу Семетей,
Ээ калайык деп айтат.
Калк чогулуп келгиле,

Атамдан калган сан жылкы,

Санат жетпей калыптыр

Үчкө муну бөлүңөр.

Бечера кедей мискинге,

Тактап бөлүп бериңер.

Дагы бир бөлүгүн,

Жалпы болуп алгыла,

Мактанып журтум калгыла.

Үчүнчүсүн калтырып,

Ошону айтып Семетей,

Сөзүмдү айтам жарыя,

Улуу кичүү карыя,

Жетээр бекен баарына.

Жетпей калса кайтып кел.

Жетпегенин айтып кел.

Аны таштап коюңуз,

Кырк чоронун кабарынан болуңуз.

Баатыр Манас чоросу,

Аягында бузулуп,

Жаман болду жоросу.

Ал чоролор чогулуп,

Аттан тандап минишип,

Азык түлүк камдашып,

Тулку боюн чыңдашып,

Бизге Ала Тоону жер кылбайт,

Каныкей тирүү турганда.

Акыры бизди эл кылбайт,

Калмак менен маңгулга.

Шаша кирип кетели,

Ыгы келсе ар жакка

Кытайга барып жетели.

Өз ажалдан өлөлү,

Аз күн да болсо жарыкты

Козүбүз менен көрөлү.

Ошону ойлоп кырк чоро,

Жылкыдан тандап айдашты,

Жарак жабдык шайлашты.

Сырткы жолго салалы,

Сырты менен баралы,

Ушу жак менен баралы,

Ууру жолго салалы,

Ала – Белди ашалы,

Суусамырды басалы.

Күңгөй-тескей жери бар,

Ортосунда көлү бар,

Көл жээги менен басалы,

Сырты менен качалы.

Каркыраны басалы,

Үч Турпанды ашалы,

Желпинди кесе басалы,

Кытайгача чейин качалы.

Как ушундай кеп кылып,

Убаданы бек кылып,

Кырк чоронун баарысы

Бөлүп жылкы айдашып,

Тамагын жанга байлашып,
Ала Белди ашышып,
Суусамырды басышып,
Качып жөнөп калышты.
Аларды андай коюңуз,
Манастын уулу Семетей
Кабарынан болуңуз.
Кырк чоронун баарысы,
Жашап калган карысы,
Жылкыдан бөлүп айдашып,
Күн чыгыш көздөй жол тартып,
Кетмек болуп Кытайга.
Кабарын укту Семетей,
Атаңдан калган кырк чоро,
Бу кылганы жаман го,
Ошону угуп Семетей,
Капа болуп Семетей,
Муну кандай кылам деп,
Айран таңга калганы,
Тайбуурулду минди эми,
Артынан калбай жүрдү эми,
Ала – Бел ашып, таш басып,
Суусамырга келди эми.
Бул эмине неткени,
Суусамырдан жеткени,
Астынан чыгып кеп айтат:
Абаларым- деп айтат.
Атамдан калган мураалар,
"Токтогула"- деп айтат.
Күнөөм болсо айткыла,
Кайсы жерден жаңылдым,
Киминерге чалындым?
Жалооруп Семең барганы.
Туура тартып Семетей,
Астын торой калганы,
Чоролор болбой жолго салганы.
Астына толгон жылкы айдап,
Токтобой өттү айгайлап.
Нечен түрлүү толгонуп,
Эмне экенин биле албай
Семетей калды ойлонуп.
Жана артынан жөнөдү,
Тайбуурул тартуу кылсамбы?
Токтоор бекен чоролор,
Ушул ишти ойлонду.
Артынан жонон калганда,
Төрт чоросу бөлүнүп,
Арт жагына калыптыр,
Андып жатып алыптыр,
Семетейди атмакка.
Байкабастан Семетей,
Жакын кирип барыптыр.
Милтенин огу жалт этип,
Мылтыктын үнү тарс этип,
Тайбуурулу жалт этип,
Атып турат Семенди,

Бул эмине дегени.
Ак олпок экен Семецдин,
Үстүнө баса кийгени.
Мылтык атса ок өтпөс,
Муну алар билбеди.
Ар жагында бир жерде,
Айколдун уулу Семетей,
Коктуга кире бергени.
Баягы төртөө калыптыр,
Кылычтарын колго алып.
Семетейдин артынан,
Дароо кирип барыптыр.
Кылыч чаап кыйкырып,
Балтасын алып бакырып,
Семетейдей баланы
Ортого булар алыптыр.
Кой десе да болбоду,
Кокуй төртөө болбоду.
Ал Манастын уулу Семетей,
Ачуусунун келгени.
Каныкейдин ач албарс,
Эми колго алганы.
Эки чаап төрт болуп,
Ойрон кылып салганы.
Кызыл ала кан кылып,
Тура тургун төртөөң- деп,
Суусамырды жай кылып.
Болбой баары калыптыр,
Акылдардан ажырап,
Калгандары шашыптыр.
Кегетинин Кара Тоо,
Асты жагы бел болот.
Ашып түшө калганда,
Ата – Кочкор жер болот.
Чоролорду карасаң,
Белди аша качыптыр.
Кочкор ылдый чубуруп,
Токой бойлоп күбүлүп,
Артынан кууп Семетей
Жандан өтүп бир жерде,
Тайбуурулдан түшүптүр.
Тайбуурулун жетелеп,
Чылбыр моюн салыптыр.
Тайбуурул тартуу алынар,
Туура тартып бүгүлдү.
Турган экен Семетей,
Карабады чоролор,
Чубуруп өтүп кеткени.
Манастын уулу Семетей,
Күйбөгөн жери күл болду,
Бышпаганы чок болду.
Семетейдей баатырга,
Мындай кордук жок болду.
Кытайга кийрип ийгиче,
Баарын кырып салайын.
Тартуума көңүл бурбады,

Тайбуурул тартсам турбады.
Кытайга барып арамдар,
Калың кыргыз элимдин
Намысымды булгайбы?
Ошону ойлоп көк жалың,
Көзүнөн чыгып от жалын,
Сыр найза колго алды эми.
Манастап ураан чакырып,
Найза менен найзалап,
Чоролорду кыйратты.
Өлгөнүнө карабай,
Андан качып барганы,
Жана Семен жетти эми.
Кылычын алып кыйкырып,
Кыя тартып баш кесип,
Тыйпыл кырып салганы.
Кыркын катар өлтүрүп,
Карачы, оопасы жок жалганды.
Кырк чорону кыйратып,
Суу боюнда Семетей
Айбалтаны таянып,
Кайдан калдым аянып,
Семетей туруп мупа айтат.
Мен кара сууга кан куйдум,
Сууну кайдан ичемин.
Туландуу жерге орт койдум,
Чөптү кайдан оттоймун.
Минтип жүрүп мен кургур,
Кайда барып токтоймун.
Он чорону сойлоттум,
Кырк чорону кыйраттым,
Каарыма келгенде
Кан агамды кайсадым.
Абыкени аймадым,
Кобошту кошо жайладым.
Чөптү кайдан оттоймун,
Кайда барып токтоймун.
Кайгырып келди Таласка.
Айдатып келип жылкыдан,
Канчалык субай сойдуруп,
Атап турду Семетей,
Атасы азиз Манаска.
Канчалык кара мал союп,
Түркүдөн молдо чакырып,
Дуба кылып кетсецер,
Дубасы кабыл болоор го.
Кээ бирөөнө ат берди,
Келгендерге ан берди.
Ошонтип, Семең керимсиген Таласта,
Илгерки өткөн Манаска,
Дуба кылып сыйынып,
Жатып калды Семетей.
Манастын уулу Семетей,
Эрешен тартып эр болду,
Атасындай шер болду.

Боконо соогү болкоюп,
Болжолу жок шер болду.
Кең Таласта Семетей,
Ит агытып куш салып,
Ойноп турду Семетей.
Ар бир ишти мурунку,
Ойлоп жүрдү Семетей.
Алмамбет, Манас арстандар,
Чубак, Сыргак шерлер ай,
Төштүк, Көкчө бектер ай.
Баары өлүп Кытайдан,
Корбой жүром бу жайдан.
Мен Семетей болуп эрбейип,
Атка минип дердейип,
Атамдын кунун куубасам,
Бээжиндеги бектерден,
Атам үчүн беш баатыр,
Башын алып суубасам.
Кыраандар кунун куубасам,
Бээжиндеги жайсандан
Кыркты өлтүрүп суубасам.
Семетей болуп барбайып,
Жүргөнүм кандай дардайып.
Атадан уул туулчу,
Намысын бала куучу.
Ошону ойлоп Семетей,
Жатты Семең ойлонуп,
Уктай албай толгонуп.
Эрте турду эр неме,
Тайбуурулду минди эми,
Бакайды көздөй жүрдү эми.
Бакайга барды баласы,
Эй, абаке - деп айтат,
Жашым толду- деп айтат.
Мен атамдын кунун куубасам,
Бээжиндеги Коңурбай,
Башын кесип суубасам,
Арстандардын баарысы
Бир кишиге беш жайсаң,
Башын кесип суубасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан
Мындан көрө өлөйүн!
Абаке Бакай жата бер,
Мен барам ал Бээжинге.
Эл ичинде жата бер,
Муну айтып салганы,
Баштамак болду калбаны.
Анда Бакай кеп айтат:
Ай, ай балам- деп айтат.
Бээжин деген алыс жер,
Коңурбай деген ашкан эр,
Белин бекем бууган бар,
Билбейсиң балам Семетей
Сага жакын тууган бар.
Ногой, Шыгай бир тууган,

Орток калдай тең вууган.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чынкожо сага тууган го.
Ошо жарайт ар ишке,
Намысынды кууганга.
Кабар кылып чакырып,
Баягыны укканда,
Эмесе макул куп деди.
Жетимиш, сексен адамды,
Шайлап күлүк ат берди,
Алакандай кат берди.
Чынкожодой баатырга,
Айтып барган адамдар
Манастын кунун кууганга,
Чакырык жетти кожого.
Ат аябай мол жүрүп,
Барса ал жерде жок экен,
Толтой менен дос экен.
Толтойго келген бир душман,
Досунун доосун доолашып,
Толтойго келген душмандан
Доосун кошо доолашып,
Кеткен экен Чынкожо.
Жетин катты берди эми.
Чынкожо туруп муну айтат:
Мен укпаймын сөзүндү,
Көргөзбөгүлө көзүндү,
Баралбаймын Манаска,
Эми тууган болдубу
Жүро албаймын Таласка.
Атасы анын Манас- дейт,
Орозкандын балдары
Кууп сүрүп салган- дейт.
Семетейин курусун,
Айткан кеби жалган- дейт.
Ал тууганадыктан калган- дейт.
Кайра тартты баргандар,
Семетейге келишти,
Кабарын айтып беришти.
Баягыны укканда
Манастын уулу Семетей,
Ачуусу жаман келиптир.
Атандын көрү Чынкожо,
Сени эле сага кылбасам,
Сени жайлап салбасам,
Анан Бээжин барбасам,
Туугандыгына туз- деди.
Башына тийер муш- деди.
Ошону айтып Семетей,
Алты жүз киши аттанды.
Найзакерден ыктуусу,
Кыйындары, мыктысы,
Жазбай атчу мергени,
Жүйрүк чечен тилдүүсү,
Өлүмдөн качпас жиндиси
Алты жүз киши аттанды.

Жети ойдун четинде
Жерин ошо жердеген,
Жедигерден эл алып,
Эми ошол эл экен.
Семетей барып чапты эми.
Келбесең ары жогол- деп,
Жылкысын тийип кайтты эми.
Чынкожо келди жерине,
Жору айланып журтуна,
Карга айланып калкына,
Каранды салып жалпыга,
Айдап кеткен жылкысын,
Ачып кеткен уйкусун,
Баягыны көргөндө
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Толтой деген досуна,
Кайрыла келди ошого.
Манастын уулу Семетей,
Жылкымды тийип кетиптир,
Баштагыдан бул иши,
Өтүп кетти кордугу,
Семетей, Манас чондугу.
Артынан кантип барамын,
Намысым кантип аламын,
Кайта кайта кеп айтат,
Анттуу досум сен элең,
Айбаттуу баатыр эр элең,
Өттү мага кордугу,
Семетейдин чондугу.
Үч Арал, Үргөнч жер болот,
Семетейдин кайын журт,
Акун кандын эл болот.
Акун кандан жалгады,
Кой ичинде серкеси,
Акункандын эркеси.
Айчүрөк сулуу- деп айтат.
Кечээ Манас менен Акун кан,
Кудалашкан- деп айтат.
Мурункулар муну айтат.
Кылгара атым барында,
Ушундай билгич чагымда,
Сулуусун суурун албасам,
Минтип өчүм албасам,
Катынын тартып албасам,
Кайгыга башын салбасам,
Чынкожо атым өчсүн- деп.
Доону бирге доолаштым,
Жоону бирге жоолаштым,
Мен Үргөнчтү көздөй жүрөмүн.
Катынын тартып алайын,
Кайгыга башын салайын.
Баягыны укканда,
Жедигердин Толтою,
Аскер жыйып а дагы,
Жепирилген кол болду.
Чынкожонун аскери

Кошулганда мол болду.
Арадан бир топ жол жүрүп,
Желектери желпилдеп,
Найзанын учу кылкылдап,
Үч аралдын боюнда
Аскер толду лыкылдап.
Акун канга кат берди,
Арачы салып бат берди.
Кудалыкка келдим- дейт,
Айчүрөктү бергин- дейт,
Сүйлөшүүгө келдим- дейт.
Сулуу кызын бергин- дейт.
Баягыны укканда,
Алыс жерде дайны бар,
Бакай, Манас кайны бар,
Бу, кайдан келген каркы бар.
Жолоочу болсоң жолго сал,
Акмактык созүңөзүңө ал.
Акун кан айтты мындай кеп,
Баягыны укканда,
Чынкожо, Толтой мындай- дейт:
Чыры жок бергин Чүрөктү,
Чырдашсаң салам дүмөктү.
Айтканда бергин Чүрөктү,
Айлыңа салам дүмөктү.
Айланасы шаардуу,
Алты курчап алыптыр.
Картайып калган Ак канга,
Азапты мындай салыптыр.
Жазга маал болгондо,
Алты буудай чачтырбай,
Абышкасын чычтырбай,
Кемпирин кенен бастырбай,
Келин – кызын чычтырбай,
Камап турат Чынкожо.
Жабыгынан кат кетпей,
Эшигинен ат кетпей,
Кээ бир кемпир буркурап,
Көздөрүнөн жаш кетпей,
Кайта кайта арачы,
Акун кандын астынан
Тердеген буулан ат кетпей.
Берсең алам Чүрөктү,
Бербесең салам дүмөктү.
Эл четинде бир адам,
Кайырмак салып кымындап,
Балык менен жан сактап,
Торпок тана өткөрүп,
Суу боюна токтолуп,
Жүргөн экен байкуш чал.
Чынкожонун аскери,
Көрүп алып байкушту
Калабаны салганы.
Балыгын тартып алганы,
Уй, торпогун бүт айдап,
Астынан чыгып талашса

Башы-козун жарды эми.
Байкуш чалың жоноду,
Акун канга барды эми,
Артып айтып калды эми.
Кандарыбыз, бийибиз
Биз да сиздин элибиз.
Торпок, тана, огуз бар,
Малдан кетти бир талоон.
Он эки чабак, он сазан,
Этим кетти бир казан.
Арманын айтып турган чал,
Карып калган Акун кан,
Айласын таппай турган жан.
Айчүрөктү чакырып,
Ээ, балам Чүрөк- деп айтат.
Жалгыз балам сен элең,
Картайган атаң мен элем,
Чынкожо, Толтой эки доо
Каман турат мен кантем?
Каман турган айлымды,
Кырат го деймин элимди,
Чаңдатат го жеримди.
Акылың болсо тап- деди.
Баягыны укканда.
Акундун жалгыз Чүрөгү,
Асты бекер жүрөбү.
Билген адам айтчу эле,
Беринин кызы Чүрөк- деп,
Артында калаар дүмок- деп.
Билбегендер айтчу эле,
Акундун кызы Чүрөк- деп.
Ошондо ата деп айтып,
Эмне айла кылайын,
Эминени сурайын.
Андай кысым коргон соң,
Атаке, жашырбай атчы угайын.
Андай болсо балам- дейт,
Керемттүү жан элең,
Кичинеңде оо балам
Бир касиет бар эле.
Ошол ишти колдонгун,
Дене боюң оңдогун,
Жакыптын уулу эр Манас
Алышып койгон кол эле,
А кезде Манас чоң эле.
Сүйгонүнон ал Манас,
Куда болуп койду эле,
Алтын сөйкө берди эле,
Алтымыш жылкы келди эле.
Куда деп айткан сөзү бар.
Сүйлошүп турган чарбакка,
Айткан созүн айтпасам,
Урунам го арбакка.
Баягы кепти укканда,
Айчүрөктү сен кара.
Беринин кызы бу Чүрөк,

Салмак болду чоң дүмөк.
Ата бери кел- деди,
Мага бата бер- деди.
Айчүрөк чыгып эшикке,
Айланайын атаке,
Атасына көрүнүп,
Аккуу болуп кубулду.
Кош атаке жүргүн- деп,
Көтөрүлүп бурулду.
Атасы байкуш көрдү эми,
Алда акбар деди эми,
Ак батасын берди эле.
Ошо бойдон Айчүрөк
Аккуу болуп учуптур,
Асман менен сызыптыр,
Ай ааламды кыдырып,
Абдан сонун доолорду,
Баарын көрүп кыдырып,
Чүрөк мунун ойлонот:
Көк ала сакал калдайга,
Көөнүмдү бурдум далайга.
Буга кантип тийем- деп,
Тилин кайдан билем- деп
Тиги дүйнө барганда
Тозок отко күйөм- деп.
Ай ааламды кыдырып,
Көрүп жүрдү Айчүрөк.
Анжияндын Сынчыбек,
Сынап жүргөн Айчүрөк.
Көк кепичин тепейтип,
Аргымагын кекейтип,
Сынап өттү Айчүрөк.
Калтырбай жерди кыдырды.
Андан бери сызды эми,
Таласка келди айланып,
Салынып кирген сеңирде,
Жалынып келди теңирге.
Арбагы азиз Манастын
Күмбөзүн көрүп Айчүрөк,
Үстүнөн кантип өтөм- деп,
Кайрыла ылдый чөктү эми.
Жер каймактап учуптур,
Шаатемирдин кызынын
Ак ордосун көрдү эми,
Аккуу кебин жыйды эми.
Чабыттап барып Айчүрөк,
Акундун кызы Айчүрөк,
Бешти кийин белсенип,
Бер тийгендей теңселип,
Онду кийип оолугуп,
Жин тийгендей соолугуп,
Ок ордо кирди бүгүлүп.
Чачыкейге жүгүнүп,
Оо, Чачыкей эже аманбы?
Башыма кыйын иш түшүп,
Айтууга келдим саламды.

Ээ, ал жүргөнүм жаманбы?
Кололуу кумган алайын,
Кол жуугучуң болоюн.
Бедерлүү кумган белендеп,
Бет жуугучуң болоюн.
Атам Акун карыптыр,
Алты уруу аскер кол алып,
Чынкожо, Толтой барыптыр,
Карып калган атамды
Абакка башын салыптыр.
Мына ушундай кеп- деди,
Айтканым сизге эп- деди.
Айтып турду чын сырын.
Чачыкей туруп муну айтат:
Ээй түгөнгөн эски күн,
Эр албаган кески күн.
Кызылды кийген тоңорбу,
Кыз башы менен мынетип
Капырай эр издеген оңорбу!
Тууралдан келип бу каапыр
Семетейдей төрөмдү,
Талашканың болобу?
Оо, түгөнгөн эски күң,
Мындай жорук болоорбу,
Кыз башы мнен кыдырып,
Ай ааламды сыдырып,
Эр издеген оңорбу?
Көрүнбөгүн көзүмө,
Угузбагын өзүмө,
Албарс кылыч аламын,
Ачуума тийсең Айчүрөк
Башыңды чаап салаармын.
Анда Чүрөк мунун айтат:
Ээй, Чачыкей эже- деп айтат.
Ак чабак болуп чулп этип,
Көрүнөм суудан кылт этип,
Ээрчитип кетем меники.
Же болбосо Чачыкей,
Ак куу болуп кубулуп,
Алып кетем төрөмдү,
Асман менен жымырып.
Семетей курбум меники,
Сен болосуң элдики.
Ошону айтып Айчүрөк
Ала көлдүн боюна,
Ак шумкар салчу ойдуңга,
Барып конду Айчүрөк.
Улуу шашке болгондо,
Тайбуурулду токуду.
Телкызылды телчитип,
Эки чоро ээрчитип,
Куш салабыз балдар- дейт,
Ала- Көл жакка барам- дейт,
Ак шумкарды салам- дейт.
Канчоро менен Күлчоро,
Ээрчише жүрдү ал дагы,

Айчүрөк салды калбаны.
Аттанып үйдөн чыкканда,
Чачыкей чыкты эшикке.
Күлчорону чакырды,
Жаш баласын, чоросун,
Айкөлүн баатыр Семенди,
Азамат болсоң коргойсуң.
Жамандыктан торгоп жүр,
Азаптуу иштен коргоп жүр.
Ак чабак көрсө албасын,
Аккууга кушун салбасын!
Айтканымды ойлоп жүр.
Айтты сөзүн Чачыкей,
Канчоро менен Күлчоро,
Экөөсүн бирдей ээрчитип,
Ит агытып куш салып.
Ала Көлгө бармакка,
Ордок, казга Семетей
Шумкар салып барышып,
Кара сууну бойлошуп,
Эки чоро ойношуп,
Суу ичинде жарк этип,
Ак балык чыгып жалп этет.
Кай бир жерде көрүнүп,
Семетей туруп кеп айтат,
Ээй, балдар- деп айтат.
Аттан түшө калгыла,
Балыкты кармай салгыла,
Күлчоро туруп муну айтат:
Коё турчу муну- дейт,
Не кылабыз муну- дейт.
Болбой өтүп кеткени,
Андан өтүп кеткени.
Тулпарларды каргытып,
Ала Көл бойлоп барганы.
Ала – Көлдүн оюнда,
Тегерек көлдүн боюнда,
Аккууну көрүп калганы,
Айчүрөктү билбеди.
Аккуу болуп калбактан
Кара күчкө көллө оттон,
Карап турду Айчүрөк.
Ак кууну Семең көргөндө,
Кууга кушту салам- деп,
Кубанычка канам- деп,
Шумкарын алып ыңгайлап,
Кыя тартты эр Семең.
Жанына жакын барганда,
Канатын жайып бул аккуу
Учарга жакын калганда
Шумкарын салып калганы.
Аккуну кармап калганда,
Ала койду шумкарды.
Үзүп боосун кыйды эми,
Кыска боосун жыйды эми.
Шашып учуп Айчүрөк,

Ак шумкарды кымырып,
Алды Чүрөк жымырып,
Канат жасап жер сабап,
Куйругун жайып ойлонду.
Дароо чыгып асманга,
Алып кетти кымырып.
Капырай азапты башка салабы,
Аңкайып карап каларбы,
Төрөң төмөн барарбы,
Төмөндү карап каларбы.
Бул эмине бал болду,
Оңүмбү же түшүмбү,
Бүткөн бою дал болду.
Күлчорону чакырды.
Шумкарга эмне болду- деп,
Чородон сурай салды эми.
"Билбеймин"- деп кеп айтат.
Ой, ой бала Күлчоро,
Аттанып үйдөн чыкканда,
Чачыкей жеңең чакырды,
Анда сага нени айтты,
Кандай түрдүү кеп айтты?
Оо, аба- дейт, Күлчоро,
"Ак чабак көрсө алдырба,
Аккуга кушун салдырба"
Катыра мага бек айтты.
Как ушундай- деп айтты.
Ошо кепти укканда,
Кайра тартып баргын- деп,
Угуп сөздөн кангын- деп,
Аныктап айтып берсин де,
Чын айтпасаң көрөсүң,
Абаңдын сырын билесиң,
Акыретти көрөсүң!
Турба чоро турба- деп
Ылдам барып бат келгин!